Е. А. Бухова, О. В. Солошенко, Е. П. Шаповалова

# МЕКЕН ТААНУУ

## 3-класс

Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо

*Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги бекиткен*

Бишкек-2015

УДК 372.8
ББК 74.264.4
Б 90

Ред. кеңеш: ***Н. А. Варкентина, Ч. С. Давлетова,***
***Ж. Ысманова, О. А. Шикина, А. Т. Саалиев***
КББАнын рецензенттери: ***О. И. Дудкина***
Илимий кеңешчи: ***Д. А. Шевцов***

Бухова Е. А., ж.б.
Б 90 Мекен таануу 3-класс: Метод. колдонмо / Е. А. Бухова, О. В. Солошенко, Е. П. Шаповалова – Б.: Аркус бас., – 2015. – 144 б.

ISBN 978-9967-31-305-7

Сунушталган методикалык колдонмодо «Мекен таануу» сабагы боюнча мугалимдер квалификациялуу даярдыктарды көрүү үчүн ар түрдүү сценарийлер берилди: тесттик жана практикалык тапшырмаларды, өз алдынча иштөө, кроссворддорду, схемаларды, таблицалар менен кошумча маалыматтарды табууга болот.

Авторлор тарабынан көрсөтүлгөн сабактардын ирети мугалимдин аракетине жараша өзгөрүшү мүмкүн. Айрым темалар окуучуларга өз алдынча окууга же кошумча билим берүү сабактарына бөлүнсө болот.

Методикалык колдомону түзүүдө авторлордун көп жылдык жеке тажрыйбалары жана Кыргызстандын, Россиянын, Казакстандын, КМШ өлкөлөрүнүн мугалимдеринин тажрыйбалары колдонулду.

**Б 430601090015** **УДК 372.8**
**ББК 74.264.4**

ISBN 978-9967-31-305-7
© Е. А. Бухова, О. В. Солошенко, Е. П. Шаповалова, 2015
© КР Билим берүү жана илим министрлиги, 2015

## Киришүү

Азыркы учурда мектептердин эң башкы милдети окуучуларды илимдин негиздери менен тааныштыруу аракеттеринде гана чектелбестен, алардын дүйнөнү таанып-билүүчүлүк аракеттерин, өзүн өзү аныктоо жөндөмдүүлүктөрүн ачуу болуп эсептелет. Окуучу жакшы ийгиликтерди жаратуу үчүн маалымат агымына багыт алып, жетишпеген маалыматтарды өз алдынча таап, турмуштук айрым маселемрди чече билүүсү шарт. Андыктан окуу процесси чыгармачылык менен өнүгүп, окуучулардын ойлоо жөндөмү сын көз караште жана креативдүү болгондо жакшы ийгиликтер жаралып, окуучунун аң-сезимине гана эмес, анын сезимине, эркине да таасир этери бышык.

**Сынчыл көз караштагы ойлонуу** – бул жүйөлүү маанини табуу: өзүнүн көз карашы менен башкалардын пикирин салыштырып, теңдеп көрүү, туура жыйынтык чыгарып, өзүнүн жалган пикиринен арылуу. Сынчыл көз караштагы ойлонуу ар кандай маселени чечүүдө жаңы идеяларды жаратып, жаңы мүмкүнчүлүктөргө багыттайт.

Кайсы маанилүү:

- жалган пикирди айкындоо;
- бири-бирине маалымат берүү;
- аталган маалыматтын маселе чечүүдө таасири.

Сынчыл көз караште ойлонгон адам өзүнө суроо берет:

- Мен эмнени билем?
- Мен эмне жаңыны билдим?
- Менин билимим кандай өзгөрдү?
- Аны кандайча колдоном?

Сынчыл көз караштагы ойлонуу төмөндөгү белгилери менен өзгөчөлөнөт: максаттуулук, интерпретация менен аяктоочу бирин бири толуктаган ой жүгүртүү, талдоо, интерактивдүүлүк жана баалоо, ошондой эле тигил же бул пикирдин негизи болгон аныкталган, концептуалдык, методологиялык же контексттик түшүнүктөр түзөт.

Адамдын сын көз караштагы ой жүгүртүүсү төмөндөгүлөргө байланыштуу:

- ар нерсени билүүгө умтулуу,
- толук кабардар болуу,
- ишеничтүүлүк,

- күн мурун ойлонулбаган пикир,
- ийкемдүүлүк,
- баа берүүдөгү акыйкаттык,
- өзүнүн жалган пикиринен чындап арылуу,
- акыл калчоо,
- татаал маселени чечүүгө чын пейилден катышуу,
- керектүү маалыматты издөөдөгү тыкандык,
- критерийлерди тандоодо акылга салуу,
- жыйынтыктарды издөөдө алгачкы булактардай тактыкты талап этүү.

Бул жөнүндө Д. Халперн «Сын көз караштагы ой жүгүртүү психологиясы» деген эмгегинде мындай жазат: «Сын көз караштагы ой жүгүртүү деген – бул маселелерди чечүүдө, жыйынтыктарды чыгарууда коюлган баанын акыйкаттыгын аныктоодо жана чечим кабыл алуудагы ой жүгүртүү болуп саналат».

Сын көз караштагы ой жүгүртүүнүн дагы бир кошумча аныктамасында төмөндөгүлөрдү белгилейт:

- логикалык ой кортундусун куруу,
- өз ара макулдашуу менен логикалык моделдерди түзүү,
- негизделген чечимдерди кабыл алуу, кайсы бир пикирлерди четке кагуу,
- каралып жаткан маселеге макулдук берүү же убактылуу токтотуп коюу.

М. В. Клариндин пикиринде сын көз караштагы ой жүгүртүү **эмнеге ишенүү же кандай аракеттерди колдонуу** керектигине жараша чечим кабыл алууда рационалдуу, рефлекстүү ой жүгүртүүнү сунуштайт.

Темпл Ч., Мередит К., Стил Ж. мындайча белгилешет: «Сын көз караш-та ойлонуу тигил же бул нерсени билүүгө тырышуу жана изилдөөчүлүк методдорду колдонуу, өз алдына маселе коюп, анын жообун табуу. Сын көз караштагы ой жүгүртүү бир нече деңгээлдерде иштейт; ал фактылар менен эле чектелип калбайт, анын себептерин жана ал фактылардын натыйжаларын ачат. Сын көз караштагы ой жүгүртүү адептүүлүк скептицизмин,жалпы кабыл алынган чындыкка ишенбөөчүлүктү, тигил же бул маселелерде иштелип чыккан көз караштарды логикалык далилдери менен бекемдөө жөндөмүн божомолдойт. Сын көз караштагы ой жүгүртүү **жекече машыгуу же билгичтик эмес, ал көптү билүүнүн айкалыштары»[1].**

Сын көз караштагы ой жүгүртүүгө байланыштуу ар кандай кызыктуу пикирлер бар. Андыктан, төмөндөгүдөй жыйынтык чыгаруу жөндүү деп ойлойбуз. "Сын көз караштагы ой жүгүртүү рефлекстүү мүнөзгө ээ болуп,

[1] Темпл Ч., Мередит К., Стил Ж.

пикир алышууга жана инсандын психологиясына таасир этет. Биз адамдардын ой-кыялына эмес, материалдык дүйнө менен ишибиз болгондо ал кезде бизге жөнөкөй ой жүгүртүү жетиштүү болот»[2].

**Сын көз караштагы ой жүгүртүүнүн максаты жана билим берүүдөгү маселелери.** XXI кылымда билим берүүнүн максаты жана милдети көп өзгөрүүлөргө дуушар болду. Маалыматтардын арбын жыйылышы окуучуларды чарчатып жиберет, ал эми мугалимдин милдети илимдердин негиздеринин саны менен тааныштыруу эмес, окуучуларды мүмкүн болушунча өз алдынча билим алууга багыттоо.

| | **Эски максаттар** | **Жаңы максаттар** |
|---|---|---|
| **Окуучулар:** | • билим алууга машыгат;<br>• буларды көп көлөмдө алышат;<br>• материалдын көлөмүнө көңүл бурулат;<br>• тандоо мүмкүнчүлүгү жок;<br>• билим жана турмуш даяр мүнөздө;<br>• көзөмөлдөрдөн оолак болуу. | • өз алдынча өнүгүү;<br>• кийинки адистигине жараша билим алуу;<br>• программаны жана сабакты тандоо;<br>• өз жеке максаттарына жетүүгө умтулуу;<br>• акыйкат көзөмөлгө умтулуу. |
| **Окуу процесси:** | • тажрыйба жана билим берүү;<br>• эски ыкмада окутуу;<br>• репетитордук ыкманы пайдалануу;<br>• окуу жана билим берүү программасынын катаалдыгы. | • окуучунун индивидуалдуу өнүгүшү;<br>• сын көз караштагы, аналитикалык, логикалык ой жүгүртүүнүн негизинде окутуу;<br>• сабактын жана билим берүү программаларынын ийкемдүүлүгү. |

---
2 Ноэль-Цыгульская Т. Ф., 2000

| | | |
|---|---|---|
| **Жыйынтыгы:** | • окуучуларды келечектеги бир калыптагы турмушка үйрөтүү;<br>• жогору жактан жаңы нерселерди аз сунуштоо. | • мектептерде «жакшы турмушка» шарт түзүү;<br>• курчаган чөйрөнүн өнүгүшүнө инновациялык керектөөлөрдү өз алдынчалыкка жеткирүү;<br>• билим берүү процесстеги билим берүү программаларында, методдорунда, технологияларында инновациялык процессти үзгүлтүксүз жүргүзүү. |

«Мекен таануу» сабагында балдарды окууга жана жазууга көнүктүрүү маселелери алдыңкы орунга коюлгандай пикир калтырат. Биз төмөндө балдардын сын көз караштагы ой жүгүртүүсүн алардын өнүгүүсүнө пайда келтиргендей жалпы мүмкүнчүлүктөрдү карап чыгабыз (СООЖӨ – сын көз караштагы ой жүгүртүү окуу жана жазуу аркылуу өнүктүрүү).

## СООЖӨ технологиясынын маселелери

- Жаңыча **ой жүгүртүүнүн стили** айкындык, ийкемдүүлүк, рефлекстүүлүк позициялардын негизинде көп түрдүүлүктүн жана көз караштардын чечимин кабыл алууда альтернативдүүлүктү колдонуу.

- Инсандын базалык сапатындагы сын көз караштагы ой жүгүртүүсү, рефлекстүүлүгү, коммуникативдүүлүгү, шамдагайлуулугу, креативдүүлүгү, өз алдынчалыгы, толеранттуулугу, жооптуулугу өз тандоосу менен ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгы болуп саналат.

Аналитикалык, сын көз караштагы ой жүгүртүүнүн өнүгүшү:

1. окуучуларды натыйжанын себептери менен байланышына үйрөтүү;
2. идеалар менен билим берүүнүн жаңы ыкмаларын мурдагыларга салыштыруу;
3. керексиз же жалган маалыматтарды четке кагуу;
4. маалыматтардын ар кандай бөлүктөрүнүн өз ара байланыштарына түшүнүү;
5. туура эмес пикирди белгилөө;
6. тексте же сүйлөгөн адамдын сөзүндөгү кызыкчылыгын, багытын, идеялык көрсөтмөсүн байкоо;

7. айтылган пикирди акыркы деп эсептебөө;
8. өз пикиринде акыйкат болуу;
9. туура эмес багыттагы жалган стереотиптерди аныктоо;
10. күн мурунтан макулдашып алган мамилелердин, пикирлердин бетин ачуу;
11. текшерүүгө мүмкүн болгон божомолдорду жана жеке пикирлерди фактыдан айрып таануу;
12. логикалык жактан ырааттуу эмес жазуу же оозеки сөздөрдү байкоо;
13. тексттеги же оозеки сөздөгү башкы темадан алыстаган пикирлерге чек коюп, туура багытка буруу.

- Китеп окуунун маданияты болгон маалыматтын булагына багыт алуу, окуунун ар кандай стратегиясын колдонуу, окулган текстке туура түшүнүү, маанисине жараша маалыматтарды бөлүү, жаңы билимди сын көз караштa баалоо, жыйынтык чыгаруу жана аны кортундулоо.

- Өз алдынча окуунун жана өз уштуруучулугунун механизмдерин колдонуу, өз алдынча чыгармачылык изденүүнү стимулдаштыруу.

**СООЖӨ технологиясы төмөнкү маселелерди чечүүгө көмөк көрсөтөт:**

- билим берүү мотивациясы;
- окуу процессине кызыкчылыктарды арттыруу жана окуу материалдарын активдүү кабыл алуу;
- жазуу маданияты: ар түрдүү жанрдагы тексттерди жазууга көнүгүү;
- маалыматтык сабаттуулук: ар кандай татаалдыктагы маалыматтарга баа берүү жана өз алдынча аналитикалык жөндөмдүүлүгүн өркүндөтүү;
- социалдык компетенттүүлүгү: коммунативдик машыгууларын калыптандыруу жана билим алууга жоопкерчилиги.

Булардын негизинде педагогикада дидактикалык цикл деген наамдагы дидактикалык законченемдүүлүк жатат. Ал законченемдүүлүк жалпыга тийиштүү, ал адамдын ойлоо ишмердигине байланыштуу болот.

**Концепциянын өзгөчөлүктөрү**

- Окуучунун билими ал билген маалыматтардын көлөмү менен эмес, ошол маалыматтарды пайдаланышы менен ченелет: аларды чечүү жолдорун издөө, маанисин табуу жана турмушта пайдалана билүү.
- “Даяр” билимди менчиктеп алуу эмес, үйрөнүү процессинде пайда болуучу өз аракетинин натыйжасы.

- Сабактын маектешүү, интерактивдүү режимдеги коммуникативдүү-ишмердүүлүк принцибинде окутуу, маселелерди чогулуп чечүү жолдорун издөө, ошондой эле мугалим менен окуучунун “өнөктөш” мамилелерин чыңдоо.
- Сын көз караште ойлонуу – жетишпегендиктерди атайылап издөө эмес, тигил же бул маселелердин дурус жана буруш жактарына калыс баа берүү.
- Жөнөкөй жана жалпылап пикир айтуу, кайталанма сөздөр, клишелер, штамптар, ырасталбаган божомолдор дайым эле так боло бербейт, анын айынан стереотиптерге шарт түзүлөт.
- «Бардыгы», «эч ким», «ар дайым», «ар убакта» жана адамдарга жат болуп калган «мугалимдер балдарды түшүнбөйт», «жаштар улууларды сыйлабайт» деген сыяктуу сөздөр жалган түшүнүктөрдү жаратышы мүмкүн, андыктан, «кээ бир», «кээде», «көпчүлүк учурда», «кээ кезде» деген сөздөрдү колдонуу талапка ылайык.

Азыркы окуу технологиясы окуучуларды социалдык жоопкерчиликке багыттоого негизделген. Андыктан, бардык окуу процесси балдар реалдуу турмушта жолуктурган конкреттүү турмуштук маселелерди чечүүгө тыгыз байланышкан. Булардын бардыгы – чындыкка багыт алуу, коллективде иштөөгө көнүгүү, принциптердин бири-бирине болгон шарттуулугу инсандын көз карашын калыптандырууда өзгөчө ролду ойнойт.

**Ар бир сабакта биргелешип иштөөнүн төмөнкү этаптарын эске алуу шарт:**

1. Сунушталган теманын активдүүлүгүн арттыруу (баланын жана группанын ресурстарын, группадагы ар бир баланын тажрыйбасын аныктоо үчүн анамнез деп аталган берилген темадагы маалыматтардын тизмеси).
2. Мотивация (сунушталган темага кызыктыруу, суроолорду түзүү, алдыга максат коюу, сабактын идеясына тартуу).
3. Окуучулардын активдешүүсү (алдыдагы так алгоритманы сунуштаган иштин эрежелери менен келечекке мүнөздүү келишимдер).
4. Материалды түшүнүү (жеке ишмердик: жаңы маалыматтар менен тааныштыруу үчүн индивидуалдуу, жупталып, группадагы иштердин кезектешүүсү, билим деңгээли менен айкалышуу, мурдагы суроолордун жоопторун издөө, кыйынчылыктарды жана карама-каршылыктарды ачуу, максаттарды жөнгө салуу.
5. Рефлексия (жаңы маалыматтарды суммалоо жана системага салуу, анын баасы, мурдагы суроолордун жооптору, жаңы суроолорду түзүү жана окуу ишмердигинин жаңы максаттары).

**Маалымдуулуктун жыйынтыгы:**

- билимдин ар кандай түрлөрүндөгү улам жаңырып жана көбөйүп турган маалыматтар менен иштөөнү өздөштүрүү;
- мааламаттарды интеграциялоонун ар кандай ыкмаларын колдонуу;
- суроолорду берүү, өз алдынча илимий божомолдорду түзүү;
- маселелерди чечүү;
- ар кандай тажрыйбалардын, идеялардын жана сунуштардын негизинде жеке пикирин жаратуу;
- өз пикирин (оозеки жана жазуу түрүндө) ачык, так жана жанындагыларга сылык билдирүү;
- өз көз карашын далилдөө жана башкалардын көз караштары менен эсептешүү;
- өз алдынча билим алуу жөндөмдүүлүгү (академиялык жөндөмдүүлүк);
- биргелешип чечим кабыл алууга катышуу;
- бөлөк адамдар менен конструктивдүү мамиле түзүү;
- группада жана башка шарттарда кызматташууга көнүү[3].

Билим берүүдө коомдун социалдык жаңы керектөөлөрү мурдагы эскирген иллюстративдик түшүндүрмө методун колдонбой калды.

Сунушталган методикалык колдонмодо азыркы учурдагы ыкмалардын артыкчылыктары жана билим берүүдөгү окуучулардын иш-аракеттери ачылып берилди.

Билим берүүнүн *методдору* менен окутуу формаларын сабаттуу колдонуу үчүн мугалим өзү педагогиканын теореялык айрым маселелерин өздөштүрүүсү шарт; методистер ар дайым айтып, жазып жүргөн *сын көз караштагы ой жүгүртүүнүн* теориялык негизин билүүсү зарыл.

## Окутуунун методдору менен формалары

*Окутуунун методу* (байыркы грек тилинде – «жол») – окутуунун мазмунуна ылайык жыйынтыгында билим берүү жана үйрөнүү, ошондой эле көнүгүү жана эске тутуу процесстери иштелип чыккан мугалимдер менен окуучулардын өз ара мамилелери.

*Окуу ыкмасы* – конкреттүү билимди, көнүгүүнү, билүүнү өздөштүргөн мугалим менен окуучунун өз ара алакасы.

Көнүмүш адат боюнча окутуунун методу **үч топко** бөлүнөт.

[3] Сын ой жүгүртүү ( ф. и. к. Е. Коханова даярдаган материал боюнча): http://o-ch.ru/reviews/critiacal/

Уюштуруу методу жана окуу-билим берүү ишмердиги:

1. Оозеки, көрсөтмө куралдар, практикалык (окуу материалдарынын булактары боюнча) иштер.
2. Репродуктивдүү, түшүндүрүү-көрсөтмө куралдар, изденүү, изилдөө, проблемалуу ж.б. (окуу-билим берүү мүнөзү боюнча).
3. Индуктивдүү жана дедуктивдүү (түшүндүрүү жана окуу материалдарын кабылдоо логикасы боюнча).

Окуу-билим берүү эффектүүлүгү боюнча көзөмөлдөө методу: оозеки, жазуу түрүндө текшерүү жана билим, үйрөнүү, көнүгүү натыйжаларын өз алдынча текшерүүгө жетишүү.


Окуу-билим берүү ишмердигин стимулдаштыруу методу: мотивация түзүүдө ылайыктуу сыйлык берүү, жоопкерчиликти сезүү, милдеттүүлүк, билим алууда, эске тутууда жана көнүгүүдө кызыгууну жаратуу.

Окутуу тажрыйбасында пассивдүү, активдүү, интерактивдүү, эвристикалык ж.б. методдор бар. Бул бөлүнүштөр иш жүзүндө тактоону талап этет, себеби окутуу процесси дайым эле пассивдүүлүк же жаңылык ачуу менен чектелип калбайт.

## Окутуунун пассивдүү методу

Пассивдүү метод (№ 1 схема) – бул мугалим менен окуучунун биргелешкен аракеттери. Бул жерде мугалим негизги катышуучу жана сабакты башкаруучу болуп эсептелет, ал эми окуучу мугалимге баш ийген пассивдүү угуучунун ролун аткарат. Пассивдүү сабак учурунда мугалим менен окуучунун байланышы суроо-жооп, текшерүү иштери, өз алдынча иштөө, тесттер ж.б. аркылуу түзүлөт. Азыркы учурдагы педагогикалык технологиянын көз карашында пассивдүү метод эффективдүү эмес деп эсептелинет, бирок анын да дурус жактары бар экени белгилүү. Бул мугалимдин сабакка даярдыгын жеңилдетет жана көптөгөн окуу материалдарын пайдаланууга шарт түзүп, сабактагы убакытты үнөмдөйт. Айрым кездерде, эгерде окуучу өтүлүп жаткан сабакка чын дилинен берилип, үйрөнгүсү келсе, анда бул ыкма тажрыйбалуу мугалим тарабынан оң натыйжаларын берет. Лекция-пассивдүү сабактын кеңири таралган түрү болуп саналат. Бул акыл-эси калыптанып калган жана сабактын темасын чын дилинен үйрөнүүгө аракеттенген көбүнчө жогорку окуу жайларынын студенттерине колдонулуучу ыкма.


**№ 1-схема**




**Окуунун активдүү методу**

Активдүү метод – бул сабак учурунда мугалим менен окуучунун биргелешкен аракеттенүүсү, мугалим менен окуучунун өз ара алакалары, азыр окуучу пассивдүү угуучу эмес, сабактын активдүү катышуучусу.

**№ 2-схема**





Пассивдүү методдо мугалим негизги катышуучу болуп эсептелсе, азыр окуучу менен мугалимдин ролдору бирдей. Пассивдүү ыкма авторитардуу стилди элестетсе, активдүү ыкма демократиялык түзүлүшкө жакын. Кээ бирөөлөр активдүү жана интерактивдүү методдордун ортосуна окшоштук белгисин коюп жүрүшөт, булардын жалпы окшоштугу болгону менен өзгөчөлүктөрү да бар. Интерактивдүү методду активдүү методдордун заманбап формасы катары баалоого болот.

## Окутуунун интерактивдүү методу

Интерактивдүү метод (3-схема) («inter» – «өз ара», «act» – «аракеттенүү, иштөө») өз ара иштешүү, биреөлөр менен маектешүү, сүйлөшүүнү билдирет. Башкача айтканда, активдүү методдорго караганда интерактивдүү ыкма окуучулар менен мугалимдин ортосунда гана эмес, окуучулардын ортолорунда да алаканын кеңири колдонулушуна шарт түзөт. Интерактивдүү сабактарда мугалимдин орду окуучуларды сабактын максатына жетүү ишмердигине багыттоо болуп эсептелет. Мугалим ошондой эле сабактын планын түзүп чыгат.

Интерактивдүү сабактардын негизин окуучулар аткара турган интерактивдик көнүгүүлөр жана тапшырмалар түзөт. Алардын жөнөкөй көнүгүүлөр менен тапшырмалардан айырмасы – окуучулар аны аткарганда өтүлгөн материалдарды бышыктап гана тим болбостон, негизги багыты жаңыларды өздөштүрүү болуп саналат [4].

**№ 3-схема**




Окумуштуулардын изилдөөсүндө окутуунун интерактивдүү методу материалдарды тез өздөштүрүү мүмкүнчүлүгү аныкталган.

Бул окуу китеби силердин үмүтүңөрдү актап, жаш мугалимдер менен тажрыйбалуу педагогдорго балдарды окутуудагы жаркын максаттарынын аткарылышына көмөк көрсөтөт деп ойлойбуз. Айрым сабактарга мугалимдер үчүн кызыктуу материалдарды топтодук. Алар сабактарды кызыктуу жана эсте каларлык деңгээлге көтөрөт деп ишенебиз.

[4] Окутуу методдору: https://ru.wikipedia.org/wiki/

# I БӨЛҮМ. Азыркы Кыргызстан

**Компетенттүүлүк:** *мамлекеттик символикалардын милдеттерин түшүнөт жана түшүндүрүп берет; терминологияны билет.*

## § 1. Кыргыз Республикасынын символикалары

**Максат:** мамлекет жана КР символикалары жөнүндө түшүнүктү кеңейтүү; Кыргызстанда жашаган түрдүү улуттагы адамдарды толеранттуу мамилеге тарбиялоо, Мекенди сүйүүгө үйрөтүү.

**Жабдуулар:** Кыргыз Республикасынын картасы, Гимни, Гербдин, Туунун сүрөттөрү, КР жаратылышынын сүрөттөрү.

### Сабактын жүрүшү

**Уюштуруу учуру**[5]

**Сабактын темасы боюнча иштөө**

**Мугалим:** Бүгүнкү сабакта Кыргызстан жөнүндө, биз жашаган өлкө жөнүндө, мамлекеттин символикалары жөнүндө, адамга карата урматсый менен мамиле жөнүндө, өз Мекенин сүйүү жөнүндө айтабыз.

**Жаңы материалды үйрөнүү**

**Мугалим:** Ар бир мамлекеттин символикалары бар: туу, герб, гимн.

– Гимн деген эмне? (Гимн – өлкөнүн негизги ыры. «Гимн» грекче – «мактоо» дегенди билдирет.

– Гимнде эмне макталат деп ойлойсуңар?

– Гимнди кандайча угуу керек? (Аны туруп угушат. Гимндин сөздөрүн мамлекеттин ар бир жараны билүүгө тийиш.)

Мугалим Кыргызстандын Гимнин угууну жана ырдоону сунуштайт.

**Аңгемелешүү. Окуу китеби менен иштөө**

Доскага түрдүү мамлекеттердин гербдерин илсе болот.

**Мугалим төмөнкүлөрдү сунушташы мүмкүн:**

- түрдүү мамлекеттердин тууларын жана гербдерин кароону, алардын ичинен биздин өлкөнүн туусун жана гербин табууну;

---

[5] Класста ар бир сабакта темага жана иш учуруна байланыштуу өткөрүлөт. Окуу китебинде мындан ары сабакка керектүү учурларды гана белгилейбиз.

- окуу китебиндеги символикалардын сүрөттөлүштөрүн пайдалануу менен Кыргызстан жөнүндө маалымат даярдоону жана айтып берүүнү;
- окуучуларга сунушталган символикалар боюнча башка мамлекеттер жөнүндө айтып берүү сунушталышы мүмкүн.

**Мугалим**: Биздин өлкөбүздө мамлекеттик символикалардан башка мамлекеттик майрамдар да бар. Аларды Кыргызстандын бүткүл эли белгилейт. Бул күндөр дем алыш, жумушчу эмес күндөр болуп эсептелет, календарда алар кызыл түс менен белгиленген.

– Кайсы майрамдар жакында эле пайда болгонун айтып бергиле? Аларды эмне үчүн белгилешет?

– Кайсы майрамдар мамлекеттик деп эсептелет?

**Дене тарбия мүнөтү**[6]

«Бутак» деп аталган дем алуу көнүгүүсү.

***Нускама.*** Түз тургула, колуңарды ылдый түшүргүлө. Мурдуңар менен терең дем алып, колду жай жогору көтөргүлө. Күндү карай жогору карап, дем чыгарбай тургула. Оңго жантайып, колуңарды көтөргөн бойдон баштын үстүндө кармап, жай дем чыгаргыла. Кайрадан дем чыгарбай тургула. Түздөнүп, мурун аркылуу жай дем алгыла. Кайрадан дем чыгарбай тургула. Солго жантайып, ооз аркылуу дем чыгаргыла. Кайрадан дем чыгарбай тургула (үч жолу кайталагыла).

**Кыргызстандын картасы менен иштөө**

**Мугалим:**

– Биздин мамлекеттин аймагын кандайча аныктоо керек? (Картада мамлекеттер бири-биринен мамлекеттик чек ара аркылуу бөлүнгөн, ал кызыл сызык менен чийилет.)

– Эмне үчүн картада ар бир мамлекетте бир шаар чоң тамгалар менен, ал эми калгандары кичине тамгалар менен жазылган? (Чоң тамгалуулар мамлекеттин башкы шаары – анын борбору).

– Кайсы шаар Кыргызстандын борбору? (Бишкек шаары.)

**Сабакты жыйынтыктоо**

Сабакта алган кайсы маалыматтарды силер өзүңөр үчүн маанилүү деп эсептейсиңер? Эмне үчүн?

**Үй тапшырмасы**[7]

---

[6] Методикалык көрсөтмөдө физкультмүнөттү мындан ары өзүнчө белгилебейбиз, мугалимдер аны унутпоону сунуштайбыз.

[7] Үй тапшырмасынын мазмуну окуу китебинде көрсөтүлгөн. Айрым учурларда тапшырманы түшүндүрөбүз, бирок мугалим өз вариантын сунуштаса да болот.

## Адам жана коом

**Максат:** коомдун азыркы кездеги түзүлүшү, курчап турган дүйнө жөнүндө адамдын билим деңгээлинен коомдун түзүлүшүнүн көз карандылыгы жөнүндөгү түшүнүктү калыптандыруу; адамдарга урмат-сый менен мамиле жасоого, Мекенди сүйүүгө тарбиялоо.

### Сабактын жүрүшү

**Уюштуруу учуру**

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

Өткөн сабакта биз мамлекетибиздин символикалары менен таанышканбыз.

– Биздин мамлекеттин кандай символикалары бар?
– Кыргызстандын Гербинде эмне сүрөттөлгөн?
– Башка мамлекеттердин гербдеринде эмне сүрөттөлгөн?

**Жаңы материал менен иштөө**

**Аңгемелешүү**

Үй-бүлө жана эл – бул коомдун бөлүгү. Адамзат коомун бир чоң үй-бүлө деп атоого болот. Адам эл ичинде, коомдо жашайт. Силер таандык болгон эл – коомдун бөлүгү.

Жаран деп ким аталат? (Ал эркин жана жоопкерчиликтүү адам, ал кайсыл бир мамлекетке таандык болот.)

**Окуу китебинин сүрөттөрү менен иштөө**

Окуучуларга сүрөттөр боюнча өлкөнүн жаранынын милдеттерин аныктоону сунуштаңыз. (Өзүнүн Ата Мекенин коргоо, эмгектенүү, окуу, жаратылышка, тарых жана маданият эстеликтерине аяр мамиле жасоо ж.б.)

– Мамлекет жарандарынын дагы кандай милдеттери бар?
– Ойлонгула. Биздин өлкөнүн жарандары кандай укуктарды пайдаланышат?

**Топтук иш**

Класс топторго бөлүнөт. Ар бир топко түрдүү элдердин кийимдерин кийген адамдардын сүрөттөрү бар барак берилет.

**Мугалим:**

– Адам Жерде жашоо менен кандай сапаттарга ээ болушу керектигин ойлонгула жана санагыла?

– Сүрөттөрдөн сырткы түрү, кийими боюнча ал кайсы улутка жана элге таандык экендигин аныктагыла.

Окуучулар тапшырманы аткарышат. Жоопторун окушат.

**Жыйынтык**

Эгерде баардык адамдар айкөл, акылдуу, чечкиндүү, күчтүү, ак ниет ж.б. болсо, анда Жерде чыр-чатак, согуштар болмок эмес. Адамдар бирибиринен жапа чегип, бирин-бири жаман көрбөйт болучу.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**Мугалим:** Биз бүгүн *коом, мамлекет, жаран* деген жаңы түшүнүктөр менен тааныштык

– «Коом» деген сөз эмнени билдирет? Ал кимдерди бириктирет?

– Мамлекет деген эмне?

– Ким мамлекеттин жараны болуп саналат? Коомдо чыр-чатак болбоо үчүн адам кандай сапаттарга ээ болушу зарыл?

– Өлкөнүн жаранынын негизги милдеттерин атагыла.

– Адам кандай укуктарга ээ?

## § 2. Кыргызстан элдеринин каада-салттары жана үрп-адаттары

**Максат:** Кыргызстанда жашаган элдердин салт-санааларын сыйлоо менен мамиле жасоону калыптандыруу; салт-санаалардын маанисин жана аларды сактоо керектигин түшүндүрүү.

**Жабдуулар:** Кыргызстанда жашаган элдердин улуттук кийимдерин кийип турган плакаттары, сүрөттөрү, фотографиялары.

### Сабактын жүрүшү

**Мугалимдин сабакка даярдануу үчүн материалдар** (Аталган материалдар боюнча аңгемелешүү, дискуссия түрүндө өткөрсө болот.)

Ар бир элде кылымдар бою калыптанып калган, бардыгы тааныган үрп-адаттары, салт-санаалары, ырым-жырымдары бар. Алар улуттук өзгөчөлүктөрдү, мүнөздөрүн сактап келет, бардык жакшы салттарын сактайт жана андан ары өнүгүүгө көмөкчү болот.

Эл арасында нарктуулук, кайрымдуулук, акылдуулук, намыстуулук сыяктуу сапаттар дайыма жогору бааланган. Бирөөлөрдү кемсинтип сүйлөгөн терсаяктардын жазасын беришкен. Ошентип, элдин өзү маданияттын жана тарбиянын кайталангыс үлгүсүн түзгөн.

Салт-санаалардын жана ырым-жырымдардын жыйындысы адамдын аң-сезимине, инсандын калыптануусуна зор таасир тийгизет.

Улуттук салт-санаа деп тигил же бул элдин же улуттун психологиялык маанайына, коомдук аң-сезимине, рухий кулк-мүнөзүнө таандык болгон үрп-адаттарды жана адамдардын жүрүм-турум эрежелерин түшүнүү кабыл алынган.

Кыргыздардын элдик салттары, үрп-адаттары көчмөндүк турмуштун шарттары менен түптөлгөн. Булардын ичинен көп кылымдардан бери калыптанып келген *үй-бүлө салттары* орчундуу орунду ээлейт.

*Баланын төрөлүшү* өзгөчө кубанычтуу, бактылуу учур болуп эсептелет. Бул кубанычтуу кабарды урук-туугандарына, дос-тамырларына атчан чапкылап барып айтышып, сый көрүшүп*, сүйүнчү* алышкан.

Жаңы төрөгөн келин ден соолугуна байланыштуу баланы эмизе албай калса, анда эмчек эмген жаш баласы бар башка келин эки баланы коштой эмизип келген. Ал келин балага энеси катары бааланып, анын балдары эмчектеш бир тууган болуп аталат. Алар өз бир тууганы катары эсептелип, эмчектеш бир туугандардын ортосунда нике жүргөн эмес. Эне сүтү өтө ыйык бааланат. Анан бала чоңоюп, эмчектен чыгарганда баланын ата-энеси эмчек берген энесине белек-бечкектерди берип, «баланы сатып алуу» ырымын жасашкан.

Баланы **бешикке бөлөө** салтанаты да өзгөчө мааниге ээ, андан соң **тушоо кесүү** ырымында тестиер балдарды жарыштырып, биринчи чыгып келгени баланын тушоосун кесип, анын «Жолу дайым ачык болсун» деп бир нече кадам жетелеп барат. Жарышка түшкөн балдарга байге берилет.

9–10 жашка чыккан кыздардын **чачын өрүү** ырымы да илгертен бери келаткан салттардын бири. Жаш кыздарды тарбиялоо негизинен энелери менен жеңелеринин милдети болуп саналат. Кыздардын мүнөзүнө тийиштүү уяңдык, баамчылдык, токтоолук, жөнөкөйлүк сыяктуу сапаттар жогору бааланат.

## Мейман күтүү каадасы

Түрк элдери үчүн такыр эле тааныш эмес адамга карата да арам ою жок мейманчылдык мүнөздүү. Бул салт элдин айкөлдүгүн, анын чыныгы жүзүн даана көрсөтүп турат. Европа элдери үйдү сепил сыяктуу элестетишкен жана сейрек учурда гана чала тааныш адам үй ээлери менен бир дасторкондо отуруп, ардактуу мейман болгон учурлар сейрек кездешет.

«Мейман кичинекей бала же кокусунан баш бага калган чоочун адам, алыстан келаткан жолоочу болсо да урмат-сый менен тосуп алышат. Дасторкондо отурганда бейадеп сөз сүйлөөгө, обу жок күлүүгө болбойт, дасторкон жупуну болсо да, мейманга каада-салтты сактап жана аярлык менен мамиле жасалат. Мунун бардыгы элдин терең рухий байлыгын жана бийик маданиятын айгинелеп турат. Чыгыш маданияты батыш-европа маданиятынан кыйла эле мурда пайда болгону шексиз жана Чыгышта байыркы заманда эле ушундай турмуштук маселелер кеңири жайылып, бул салт Батышта кийинчерээк пайда болгон. Ушундай маселелердин бири болуп адептүүлүк, сылыктык эсептелет. Ар бир адамдын, ал түгүл билими жок мусулмандын жүрүм-турумунун өзгөчө оор-басырыктуулугу, токтоолугу, эл бар жерде катуу күлбөгөнү, сүйлөгөндө үнүн катуу чыгарбаганы, аңгемелешип отурган адамына жагымсыз таасир тийгизиши мүмкүн болгон нерселерди жасабаганы, кебелбестиги жана шашпагандыгы таң калтырат», – деп жазат Н. Лыкошина 1915-жылы Петербургдан чыгарылган «Хороший тонъ на Востоке» деген китебинде.

Үйүнө келген адамды же өтүп бараткан жолоочуну, б. а. конокту ак дилинен тосуп алып, сый көрсөткөнү үй ээсинин меймандостугун билдирет. Ушундай ак пейилден конок тосууда үй ээсинин материалдык пайда көрүү ою жок болгону менен арам ою жок ак ниет жасалган иштин ар дайым кайтарымы болот. Ал кайтарымдар тек гана товардык-акчалай мамилелер аркылуу жасалбайт. Өтө меймандостугунун жана көптөгөн эң мыкты салт-санааларынын натыйжасында, түрк элдери П. П. Семенов Тян-Шанский, Н. М. Пржевальский, Г. Н. Потанин ж.б. сыяктуу көрүнүктүү орус окумуштуу-изилдөөчүлөрүн абдан кадырлашкан жана урматташкан.

Канча кылымдар өтсө да элибиздин эң сонун салтка айланган ак пейил меймандостугу биздин элдин жана региондун эң жакшы сапаттарын даңктоо менен ушул күнгө чейин жашап келет. Чыгыш элинде саламдашууга чоң маани берилет. «Жолуккан адамды жакшы сөз менен кубандырууга шашыл, анткени ага кайра жолукпай калышың мүмкүн», – дешет аксакалдар. «Жакшылык жерде калбайт!» - деп айтылат элде. Улуттук салт боюнча алыстан келген жолоочу жана айылдын тургундары аксакалдарга же кадырман адамдарга саламдашып өтүү үчүн гана атайылап келишкен.

Кыргыз элинде чоң ата менен чоң эненин үйү ыйык эсептелип, үй-бүлөнүн негиздөөчүсү катары «чоң үй» деп аташкан.

Бала төрөлгөндө **жентек** берилет. Андан соң жогоруда көрсөтүлгөндөй ат коюу, бешикке салуу, тушоо кесүү ж.б. салтанаттарында дасторкон жайылып, элдин батасын алышат.

Балага ысым берүү кыргыздарда өзгөчө мааниге ээ. Эгерде бала чабал төрөлүп калса, ал күчтүү, тайманбас болуп өссүн үчүн ырымдап **Арстан, Жолборс** сыяктуу аттарды коюшкан. Үй-бүлөдө кыздар төрөлө берсе, кийин эркек бала ээрчитип келсин деген үмүт менен **Уулкан, Уулжан** ж.б. ысымдарды ыйгарышкан. Эгерде үй-бүлөдө жалаң эркек балдар төрөлүп, кенжеси кыз болсо, анда дагы кыздар келсин деп ырымдап кыздын атын **Кыздаркан** деп коюшкан. Адетте эркек балдар бекем болсун деген ой менен **Алмазбек, Темир, Алтынбек** деген сыяктуу аттар коюлган. Кыздарга сулуулуктун, мээримдүүлүктүн, жароокерликтин символдору катары **Алтынай, Айгүл, Айнура** ж.б. аттарды беришкен. Эркек эгиздер көбүнчө **Асан, Үсөн** деп, ал эми кыздар **Апал, Үпөл** деп аталган. Эгиздердин бири эркек, бири кыз бала болсо, адатта **Асан, Батма** деп ат коюшкан.

Үй-бүлөлүк салтанаттын эң негизгилеринин бири **үйлөнүү үлпөтү.** Келин алган тарап кудаларга калың төлөп, кийит кийгизет. Берки тарап кыздын себин берет. Кыз узатуу, келин алуу тойлору өтөт. Тойго келгендер эки жашка белек-бечкектерин тартуулап, ырыстуу болуп, бактылуу өмүр сүрсүн деп бата беришет. Үйлөнүү үлпөтүнүн дагы бир салты – эки жашты **отко киргизүү** болуп эсептелет.

**Жаңы материал менен иштөө**

Класстагы окуучулар төрт топко бөлүнөт. Ар бир топко тапшырма берилет:

- 1-топ кыргыз элинин үрп-адаттарын көрсөтүүгө даярданат;
- 2-топ казак элинин үрп-адаттарын көрсөтүүгө дарданат;
- 3-топ өзбек элинин үрп-адаттарын көрсөтүүгө даярданат;
- 4-топ орус элинин үрп-адаттарын көрсөтүүгө даярданат.

Эгерде булар окуучуларга кыйынчылыктарды жаратса, анда аларга окуу китебиндеги же мугалим даярдаган материалдарды колдонуу сунуш этилет.

**Топтордун презентациясы**

**Презентацияны жыйынтыктоо**

**Сабакты маектешүү менен жыйынтыктоо**

– Кыргызстанда жашаган элдерди эмне бириктирип турат? Элдердин салттарындагы жалпылык кайсы?

**Үй тапшырмасы**

## Майрамдар

- **1-январь** – Жаңы жыл
- **7-январь** – Иса пайгамбардын туулган күнү
- **8-март** – Аялдардын эл аралык күнү
- **21-март** – Нооруз майрамы
- **1-май** – Эмгек майрамы
- **5-май** – Кыргыз Республикасынын Конституция күнү
- **9-май** – Жеңиш күнү
- **31-август** – Эгемендик күнү
- **7-ноябрь** – Улуу Октябрь социалисттик революциясынын күнү

Кыргызстанда жыл сайын мусулмандардын Орозо айт жана Курман айт – эки майрамы белгиленет, булар ай календары боюнча аныкталат.

Эгерде майрам дем алыш күнгө туш келсе, көп учурда Өкмөт жумуш эмес күндү жумага же дүйшөмбүгө которот.

Орозо айт – Рамазан айындагы орозонун бүтүшүнүн урматына майрамдалуучу ислам майрамы. Адамдар бирин-бири: «Ид мубарак!» (Айт маарек болсун!) деп куттукташат. Айттын учурунда зекет берилет[8]. Айт үч күнгө созулуп, мусулмандар сый кийимдерин кийишет, мейманга барганда белек менен барышат, көңүлдүү болгонго аракеттенишет, улуттук тамактарын жасашып, коңшу-колоңдорун чакырышат.

Курман айт же курмандык чалуу майрамы – ажылык аяктагандан кийинки ислам майрамы.

Нооруз – иран, кавказ жана түрк элдеринде жаз майрамы жана жаңы жылдын башталышы. «Нооруз» деген сөздүн өзү «жаңы күн» деп которулат. 21-март – жазгы күн-түн теңелүү күнү, жердин жандануусунун жана өсүмдүктөрдүн өсө баштоо сезонунун башталышы.

[8] Зекет – ислам укугунда өзүнүн каражатынын бир бөлүгүн (кырктан бир бөлүгүн) Аллага кызмат көрсөтүү ниетинде жыл сайын муктаж болгондорго берүү.

## II БӨЛҮМ. План жана карта

**Маалыматтык компетенттүүлүк** – *жер бетин сүрөттөөнүн ыкмалары жөнүндө; аймактын планын түзүү ыкмалары жөнүндө; жергиликтүү белгилер боюнча багыт алуу жөнүндө түрдүү булактардан маалымат алуу; аймактын планы, географиялык карта, шарттуу белгилер деген түшүнүктөрдү түшүндүрүү.*

**Өзүн өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү** – *жер бетинин сүрөттөлүшүнө салыштырма талдоо жүргүзүү; горизонттун тараптарын аныктоо боюнча практикалык иш; жергиликтүү белгилер боюнча багыт алуу; белгилүү маршруттун схемасын түзүү; жаратылыштын айрым объекттерин майда-чүйдөсүнө чейин толук баяндап жазуу; кыймыл багытын аныктоо жана аралыкты ченөө; шарттуу белгилердин жардамы менен планшетти жасалгалоо; мектеп алдындагы участоктун планын түзүү; кол менен компас жасоо.*

**Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** – *план жана карта боюнча багыттарды жана аралыктарды аныктоо; ар күнкү маршрутту түзүү; практикалык иштерди аткаруу процессинде классташтары менен бирге иштешүү; алган билимдерин практикада колдонуу.*

## § 3. Горизонт. Горизонттун аралыктык тараптары

**Максат:** окуучуларды «горизонт, горизонттун негизги тараптары, горизонттун аралыктык тараптары» деген түшүнүктөр менен тааныштыруу; горизонт сызыгы горизонттон эмнеси менен айырмаланарын түшүндүрүү, горизонттун тараптары боюнча багыт алууга үйрөтүү.

**Жабдуулар:** «Горизонт. Горизонт сызыгы» таблицасы.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

**Мугалим:** Мурунку сабактарда биз мамлекетибиздин тарыхы менен таанышканбыз жана Кыргызстандын шаарлары боюнча сырттан саякат жасаганбыз.

1. Силер кайсыл шаарларда болдуңар эле?
2. Силер Бишкек жөнүндө эмне билдиңер?
3. Ош шаары эмнеси менен белгилүү?
4. Силер өз шаарыңардын (айылыңардын) тарыхы жөнүндө эмне билесиңер?

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

**Мугалим:** Силер бүгүнкү сабакта адам сапарга чыгарда кандай билимдерге ээ болушу керектигин билесиңер? Күндүн кандайча чыкканын же батканын кимиңер көрдүңөр эле? Бул кандайча болорун баяндап жазгыла. Бул учурда силер эмнени сездиңер?

**Мугалим:** Кыргыздар көчмөндүк жашоо мүнөзүндө болгон байыркы мезгилде алар өздөрү турган жерин аныкташы, тааныш эмес жерде жол табышы керек болгон. Күн дайыма асмандын бир тарабынан чыгып, экинчи жагынан батарын байкашкан. Түнкүсүн жылдыздарга байкоо жүргүзүп, бир жылдыз дайыма эле бир орунда «турарына» көңүл бурушкан. Бул жылдызды кыргыздардын ата-бабалары Алтын Казык деп аташкан. Күн менен Алтын Казык жылдызы боюнча горизонттун тараптарын же дүйнөдөгү өлкөлөрдү аныктоого болот.

Горизонт деген эмне? Каалаган жакты алыстан караганда бизге – асмандын жерге кошулган чети кандайдыр бир тосмого таянып тургандай көрүнөт. Бизге көрүнгөн мейкиндик горизонт деп аталат. Бизге асман жер менен тийишип тургандай көрүнгөн чек ара *горизонт сызыгы* деп аталат.

**Окуу китеби менен иштөө**

**Мугалим:** Горизонттун тараптары түндүк, түштүк, чыгыш жана батыш болот. Түштүктү – Күн боюнча оңой эле аныктоого болот, түштө ал түштүктө болуп, бардык нерселердин көлөкөсү түндүккө түшөт. Эртең менен Күн дайым чыгыштан чыгат, кечинде батышка батат. Түнкүсүн Алтын Казыкты табуу керек, ал ар дайым түндүктө болот. Түндүктү карап туруп колдоруңду жайып, силер горизонттун калган тараптарын аныктай аласыңар: арка жагыңда түштүк болот, сол колуң батышты, оң колуң чыгышты көрсөтөт.

– Сүрөттө кайсыл топ жылдыз сүрөттөлгөн? (Чоң Жетиген)

Мугалим «Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулуу» деген уламышты окуп же айтып берет.

Илгерки бир заманда жети каракчы болгон экен. Алар бир күнү Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулууну асманга ала качып кетишет. Үркөр артынан кууп жөнөйт. Каракчылар Алтын Казыкка жетип:

– Биз Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулууну ала качып келдик эле, Үркөр артыбыздан кууп келатат, жардам бер, – деп жалоорушат.

– «Кымызды ичкенге бер, кызды алганга бер», – дейт. Андыктан чочулабай эле койгула, ушерге жашай бергиле, - дейт.

Көп убакыт өтпөй, артынан Үркөр жетип келет.

– Биз Үркөр деген топ жылдыз болобуз, жалгыз кызыбызды жети каракчы ала качып кетти. Кууп жете албай калдык. Айтып койчу, кызыбызды берсин, - дейт топ жылдыз.

– Балким кызыңар өзү макул болгондур? Жети каракчы менин сөзүмдү укмак беле! Артынан кууп жетип, өзүңөр алып алгыла, – деди Алтын Казык.

Үркөр кайрадан жети каракчынын артынан кууп жөнөйт.

Ошентип, жети каракчы ушул кезге чейин Алтын Казыктын жанында айланып жүрөт, үркөр артынан сая түшүп кууганы менен жетпей келет.

Ал жети каракчыны кыргыздар Жетиген деп аташат, алар үлпүлдөк сулууну бөтөн көзгө көргөзбөй жашырып жүрүшөт.

Андан кийин Алтын Казыкты кандайча табууну түшүндүрөт: Чоң Жетигендин жогорку жылдызынан түз карасаңар, туш келесиңер. Батыш жана чыгыш – горизонттун карама каршы тараптары. Горизонттун тараптарынын аталыштары башкы тамгалары менен белгиленет.

**Практикалык иш**

**Мугалим:** Түндүк-түштүк багыты батыш-чыгыш багыты менен тик бурч боюнча кесилишет (Мугалим доскага координаттар огун чийип, горизонттун негизги тараптарын белгилейт). Андан кийин бир нече окуучуну чакырат. Ар бирине шарттуу түрдө түндүк багыт аныкталат. Балдар горизонттун калган тараптарын атоого тийиш. Мугалим дептерге горизонттун негизги тараптарын чийүүнү сунуштайт.

**Мугалим:** Горизонттун негизги тараптары силерге белгилүү. Бирок горизонттун бир тарабынан экинчисине чейинки аралык кыйла эле алыс. Бул горизонттун тараптарын аныктоодо кыйынчылык келтирген. Ошондуктан, адамдар тараптарды аныктоону жана аларды кыргыз тилинде төмөнкүчө белгилөөнү макулдашкан. Мисалы, түндүк-батыш (Түн-Б), түштүк-чыгыш (Түш-Ч) ж. б.

– «Багыт алуу» дегенди ким түшүндүрүп берет?

Окуу китебинен «багыт алуу» деген сөзгө түшүндүрмө берген сөздү тапкыла. Горизонттун аралыктык тараптарын атагыла. Сүрөттө алардын жайгашуусу абдан жакшы көрүнүп турат. Түндүк-чыгыш түндүк менен чыгыштын ортосунда болот. Түштүк-батыш горизонттун кайсыл тараптарынын ортосунда болот? Түндүк-батышчы?

**Мугалим:** Түндүк-батыштын каршысында түштүк-чыгыш жайгашкан. «Түндүк-батыш – түштүк-чыгыш» багыты тик бурч боюнча «түндүк-чыгыш – түштүк-батыш» багыты менен кесилишет. Тагыраак айтканда, горизонттун тараптары компастын жардамы менен аныкталат.

Заманбап компас – айнек капкагы бар куту. Кутунун ичинде өзөккө бекитилген кыймылдуу магнит жебеси болот. Жебенин карарган учу

түндүктү, кызыл учу түштүктү көрсөтүп турат. Компасты мындан эки миң жылдан ашык мурда эле байыркы Кытайда колдонушкан. Компас түндүк-түштүк багытын көрсөтөт. Ал деңиз кемелерине, самолётторго, жүрүштөргө жана жүрүү маршрутун так билүү керек болгон башка учурларда абдан керек.

### Машыктыруучу сабак

**Мугалим:**

- Компасты тикесинен алаканга же планшетке койгула.
- Жебенин кыскычын бошоткула жана жебе токтогонго чейин күткүлө.
- Кара жебенин учу «С» - түндүк тамгасына дал келгидей жагдайда компасты акырындык менен бургула.
- Компастын шкаласынан керектүү багытты аныктагыла.

Компас дайыма эле жаныңда болбойт. Ошондуктан горизонттун тараптарын кол саат боюнча аныктаганды билүү керек. Саатты кичине жебесин Күн тарапты көрсөткөн абалда буруу керек. Анда горизонттун түштүк тарабы кышында кичине жебе менен 12 цифрасынын ортосунда, ал эми жайында - кичине жебе менен 1 цифрасынын ортосунда болот. (Мугалим доскага циферблатты чиет жана жебелер менен ТҮШТҮК багытын көрсөтөт. Балдар сүрөттү дептерге тартышат.)

### Сабакты жыйынтыктоо

**Мугалим:** Силер түндүктү (мугалимди) карап турам деп элестеткиле.

1. Силердин айланаңарда горизонттун кайсыл тараптары жайгашкан?
2. Батышты, түштүктү, чыгышты, түндүктү беттеп бурулгула.
3. Оң колуңарды көтөргүлө, горизонттун тараптарын атагыла (андан кийин сол колуңарды).
4. Горизонттун кайсыл тарабы түштүк-чыгышка карама-каршы? Түндүк-батышкачы? Түндүк-чыгышкачы?
5. Горизонттун аралыктык тараптарын атагыла.
6. Компас кандай түзүлгөн?
7. Компастын магнит жебеси кайсы багытты көрсөтөт?
8. Компас кайсы кесиптеги адамдарга дайыма керек?

### Үй тапшырмасы

## Жаратылыштагы магниттик кубулуш

**Максат:** жаратылыштагы магниттик кубулуш жөнүндө түшүнүк берүү; жердин магнит талаасынын маанисин көрсөтүү; магниттерди тиричиликте пайдаланууну айтып берүү.

**Жабдуулар:** магниттер: така сымал, тилкелүү, компас, магниттүү темир, магниттелген бурагыч, магниттелген кайчы, банк карточкасы, компьютердик дискеттер.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

1. Багыт ала билүү деген эмне экендигин түшүндүргүлө?
2. Ойлонуп, жооп берүүгө аракеттенгиле: горизонттун кайсыл тарабы түштүк-чыгышка карама-каршы? Түндүк-батышкачы? Түндүк-чыгышкачы?
3. Эмне үчүн түштүк-батыш жана түштүк-чыгыш горизонттун аралыктык тараптары деп аталат?
4. Компастын магнит жебеси кайсы багытты көрсөтөт?
5. Компастын түзүлүшүнүн негизин кайсы принцип түзөт?
6. Кайсы кесиптеги адамдарга ар дайым компас керек?

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалим:** менин столумда жаткан нерселерди көңүл коюп карагыла.

– Эмнени көрүп турасыңар? (Магниттерди.)

– Магниттер кайда колдонулат? Мисал келтиргиле.

Жерде табиятынан эле өзүнө башка нерселерди тартуу касиетине ээ болгон нерселер жана заттар бар. Алар магниттер деп аталат. Мисалы, магниттүү темир – бул табигый магнит. Ал өзүнө темирди тартуу касиетине ээ. Ар бир магнитте түндүк жана түштүк уюлу бар. Эки магниттин бирдей уюлдары түртүлүшөт, ал эми түрдүү уюлдары тартылышат. Магниттердин уюлдарын бөлүү иш жүзүндө мүмкүн эмес.

**Окуу китеби менен иштөө**

**Мугалим:** Сүрөт боюнча айтып бергиле:

– Магнит кандай касиеттерге ээ?

– Магнит талаасы деп эмне аталат?

– Жаратылыштагы кайсыл кубулуштар Жердин магниттик касиеттери менен байланышканын ойлонгула.

– Компастын түзүлүшү жөнүндө айтып бергиле.

Жерде магнит талаасы жана уюлдар бар. Жердин магнит талаасындагы магнит жебеси Түндүк жана Түштүк уюлдарынын багыттарында жайгашкан. Ушул кубулушка компастын иштөөсү негизделген.

**Топтордогу практикалык иш**

**Тажрыйба жүргүзүү үчүн материалдар:** магнит, шариктүү калем сап, карандаш, металл кыпчыткыч, пластмасса кыпчыткыч, мык, чүпүрөк, ачкыч, төөнөгүч, кагаз.

**1-тажрыйба**

1. Магнитти ушул буюмдардын бирине жакындаткыла, аны магнит тартарын аныктагыла.
2. Ушул операцияны башка буюмдар менен кайталагыла.
3. Жыйынтык жасап, аны дептерге жазгыла: металл буюмдар магнитке тартылат.

**2-тажрыйба**

1. Эки магнитти бири-бирине жанаша коюп, анын бирин жакындаткыла. Эмне болду? Натыйжасын жаз.
2. Магниттин бирдей уюлдары жакындашса эмне болот?
3. Магниттин ар түрдүү уюлдары жакындашса эмне болот?
4. Жөнөкөй компасты элестетип, сүрөтүн тарткыла. Компастын бөлүктөрүн жебе менен көрсөткүлө жана жазгыла. Магнит жебесин боёгула.
5. Күндөлүк турмушуңда магнитти кайда колдоносуңар? Сүрөтүн тарткыла.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

1. Магнитте канча уюл бар?
2. Магниттин уюлдары кандай аталат?
3. Магниттин уюлдары кандай белгиленет? Жообуңарды негиздегиле.

**Практикалык тапшырма:** өзүңөр компас жасагыла. Магнит, ийне, бир барак кичирээк кагаз алгыла. Баракты тең экиге бүктөгүлө, барактын бүктөмүнүн ортосуна түйүндүү жипти киргизгиле. Ийне магниттелиш үчүн аны магнитке тийгизип койгула. Андан кийин магниттелген ийнени баракка сайгыла да, жиптин учунан кармап, окуу китебиндеги сүрөттө көрсөтүлгөндөй абалда кагаз эркин асылып тургандай кармагыла. Жиптеги кагаз айланат, андан кийин белгилүү абалга келип токтоп калат. Ийненин учтары түндүк-түштүк багытын көрсөтөт.

## § 4. Жергиликтүү белгилер жана компас боюнча багыт алуу. Аймактын планы

**Максат:** «жергиликтүү белгилер» түшүнүгү менен таанышуу; жергиликтүү белгилер боюнча багыт ала билүүгө үйрөнүү; горизонттун тараптарын компас жана кол саат боюнча аныктай билүү; шарттуу белгилердин айкалышында реалдуу дүйнөнү тааный билүүгө үйрөнүү; сүрөттөлгөн аймактын сапаттык жана сандык мүнөздөмөлөрү жөнүндө маалымат алуу; «шарттуу белгилерди» тааныганды үйрөнүү.

**Жабдуулар:** компас, гномон, кол саат, фотоаппарат, планшеттер, блокноттор, «Аймактын планы» таблицасы, «Шарттуу белгилер», карточкалар – топографиялык жат жазуу.

### Сабактын жүрүшү

Сабак көчөдө өткөрүлөт. Мүмкүн болсо жаратылыш шартында болгон жакшы, эгерде мүмкүнчүлүк болбосо мектептин короосунда өтсө болот.

**Таяныч билимдерди кайталоо**

**Мугалим:** Күн тийип турганда горизонттун тараптарын Күн боюнча аныктоого болот. Түндөсү асман ачыкта Алтын казык боюнча аныктаса болот.

1. Күн чак түштө кайда болот?
2. Ушул учурда көлөкө каякка түшөт?
3. Алтын казыкты карап турсаң артыңда горизонттун кайсыл тарабы болот?
4. Күн бүркөктө же тумандуу түндө талаада горизонттун тараптарын кандайча аныктоого болот?

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалим:** Компас пайда болгонго чейин адамдар Күн, Алтын Казык же топ жылдыздар боюнча багыт алышкан. Күн бүркөктө же тумандуу түндө абалдан кандайча чыгууга болот? Айлананыңарды карап көргүлө. Алыста жалгыз дарак өсүп турат. Ушул даракты көңүл коюп карагыла. Дарактын бир тарабында бутактары жыш өсүптүр. Бул горизонттун кайсыл тарабы? (Окуучулар компас жана Күн боюнча аныкташат.)

**Жыйынтык:** Дарактын түштүк тарабындагы бутактары жыш жана узун болот.

**Мугалим:** Балдар, чоң таш менен жанындагы кумурсканын уясын карасаңар.

1. Таштагы балыр кайсыл тарабында өсөт? Туура айтасыңар, түндүк жагында, анткени мохтор жана балырлар көлөкө түшкөн салкын жерди жакшы көрөт.
2. Кумурсканын уюгу жөнүндө эмне айта аласыңар? Кумурскалар өз үйүнө кирүүчү жагын кайсы тарабына салышат? Албетте, түштүк жагына, анткени ал жакка күн тийип, жылуу болот.

**Табышмакты тапкыла**

- Жарык жерден жанашат,
  Караңгыда адашат. (Көлөкө)
  Көлөкө горизонттун тараптарын аныктоого кандайча жардам берет?

Келгиле муну гномондун жардамы менен текшерели. Балдар мугалимдин жетекчилиги менен жерге айлана чийишет, борборуна тик мамыча (чыбык) сайышат жана көлөкө кайда түшөрүн аныкташат. Андан кийин мугалим компастын жана кол сааттын жардамы менен горизонттун тараптарын аныктоо боюнча машыктыруучу сабак өткөрөт. Балдар бактын, кумурсканын уясынын, балыр баскан таштын сүрөтүн тартышат.

**Аңгемелешүү**

1. Токойдо горизонттун тараптарын кандайча аныктаса болот?
2. Таштар эмне жөнүндө айтышат?
3. Кумурскалар өз «үйлөрүн» куруудa эмнени эске алышат?
4. Тоо капталынын кайсыл тарабындагы кар тезирээк кетет?
5. Кол сааттын жардамы менен горизонттун тараптарын кандайча аныктаса болот?

**Мугалим:** Силер досуңарга мектептен үйүңөргө чейин кантип тезирээк келүүнү түшүндүрүү керек болду дейли. Муну сүрөттүн жардамы менен жасаса болот. Бирок курчап турган нерселер кандай көлөмдө болсо ошондой көлөмдө сүрөткө түшүрө албайсыңар. Силер кагазга үйлөрдү чарчы, көчөлөрдү сызыкчалар менен белгилеп, схемасын чиесиңер. Башкача айтканда, кагазга өзүңөрдүн маршрутуңардын схемасын сүрөттөйсүңөр. Бул – аймактын планы болуп саналат. Кагазга силер класстын планын, өз бөлмөңөрдүн планын схемалуу түрдө сүрөттөсөңөр болот. Бардык предметтер кичирейтилип берилет. Кичирейтүүдө жаратылыш объекттери, үйлөр, жолдор бийик тоодон же самолёттун бортунан карагандай болуп көрүнөт. Биз канчалык бийиктен карасак, жер кеңири көрүнөт, үйлөр, бак-дарактар, машиналар ошончолук кичинекей сезилет. Аймактын планы деген эмне? Өзүңөр жооп бергенге аракеттенгиле (балдар өз варианттарын сунушташат).

**Окуу китеби менен иштөө**

**Мугалим:** Аныктаманы окугула жана дептерге жазгыла. Окуу китебиндеги сүрөттү карагыла. Батирдин сүрөтү менен планын салыштыргыла. Аймактын сүрөтү менен планын салыштыргыла. Сүрөт боюнча суу кайда агарын аныктоого болобу? План боюнчачы? Жыйынтык чыгаргыла: аймак кайсынысында толугураак сүрөттөлгөн – аймактын сүрөтүндөбү же пландабы?

**Мугалим:** Планды ийгиликтүү пайдалануу үчүн аны окуганды билүү керек. Бирок тамгаларды билмейинче окууга мүмкүн эмес. Пландын «алиппеси» – бул **шарттуу белгилер**. *Шарттуу белгилер* деген эмне? Окуу китебинен окуп, түшүндүрүп бергиле.

**Топтордогу практикалык иш**. Ар бир топко мугалим шаардын планын, айылдын планын сунуштайт. Балдар «планды» окушат. Ар бир топ алардын планында эмне белгиленгенин, көлмөлөр, өсүмдүктөр кандай түс менен боёлгонун айтып беришет.

**Мугалим:** Биз кийинки сабакта окуу жүрүшүнө чыгабыз. Жүрүш үчүн бизге төмөнкүлөр керек болот: планшет – бул А-4 өлчөмүндөгү катуу картондун кесиндиси, ага альбомдун ак барагы бекитилет, компас, сызгыч, карандаштар, ластик, аймактын планын түзүү боюнча нускама.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

1. Кандай жергиликтүү белгилер боюнча горизонттун тараптарын аныктоого болот?
2. «Багыт алуу» термини «ориент» деген латын сөзүнөн келип чыккан жана «чыгыш» дегенди билдирет. Багыттарды аныктоодо эмне үчүн ушул сөз пайдаланыла баштаган деп ойлойсуңар?
3. Аймактын планы деп эмне аталат?
4. Планды окуй билүү үчүн эмнени билүү керек?
5. Шарттуу белгилер деп эмне аталат?
6. Доскага эстегениң боюнча төмөнкүлөрдүн сүрөтүн тарт: ийне жалбырактуу даракты; өзөнгө салынган көпүрөнү, көлдү, мөмө-жемиш багын (мугалим 2–3 окуучуну чакырат).

**Үй тапшырмасы**

## Окуу жүрүшү. Аймактын планын түзүү

**Максат:** тема боюнча билимдерди жалпылоо; план жана карта жөнүндө түшүнүктү кеңейтүү, алардын арналышы; жөнөкөй план түзүүнү үйрөнүү; карта менен иштөө көндүмүн бекемдөө.

**Жабдуулар:** аймактын планы, КР картасы, планшет, компас, карандаштар, сызгыч, ластик, альбом барагы, окуу китеби.

### Сабактын жүрүшү

**Уюштуруу учуру**

Мугалим планшеттерди, аймакта иштөөгө даярдыкты текшерет; жүрүштүн максатын жана багытын түшүндүрөт, жумушчу топторду аныктайт; жооптууларды балдар өздөрү тандашат; командалардын капитандары картон кагазга басылган нускаманы алышат, ар бир команда жүрүшкө бирден окуу китебин алат.

**Окуу китеби менен иштөө**

**Аймактын планын түзүү боюнча нускама**

- Окуу жүрүшү боло турган жерди жана окуу жүрүшүнүн датасын белгиле.
- Ачык жерди танда жана планга түшүрө турган аймактын ошол участогунун борборуна тур. Өзүңдүн турган жериңди планшетте кайчы сызык менен белгиле.
- Барактын сол четине түндүк – түштүк жебесин чий.
- Компастын жардамы менен түндүк – түштүк багытын аныкта, планшетти тиешелүү түрдө ушул багытка бур.
- Айланаңды жакшылап кара жана планга түшүрүлүүчү объектти танда.
- Сызгычтын жардамы менен биринчи объектке багытты аныкта: планшетти көздүн деңгээлинде туурасынан көтөр. Сызгычтын бир учун планда белгиленген кайчы сызыкка кой, экинчи учун – объектке багытта.
- Сызгычты түздөп коюп, жөнөкөй карандаш менен ичке сызык сыз.
- Объектке чейинки аралыкты аныкта. Жардамчы сызыктын учтарына ушул объекттин шарттуу белгисин тарт.
- Калган объекттердин шарттуу белгилерин ушундай эле ыкма менен белгиле. Жардамчы сызыкты өчүрүп сал.
- Пландын аталышын белгиле. Шарттуу белгилерди шарттуу белгилердин секторуна киргиз жана түшүндүр.

**Иштерди презентациялоо**

**Сабакты жыйынтыктоо:** иштι баалоо

## § 5. Карта жана анын уламышы

**Максат:** картаны окуй билүү; картографиялык ыкма менен маалымат алууну үйрөнүү; картографиялык билимдерди жана билгичтиктерди өнүктүрүү.

**Жабдуулар:** дүйнөнүн физикалык картасы, КР физикалык картасы, аймактын планы, атластар.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

1. Аймактын планы деп эмне аталат?
2. Пландарда көлмөлөр, өсүмдүктөр кандай түстөр менен көрсөтүлөт?
3. Планда багыт кандайча аныкталат?
4. Аймактын планы кайда колдонулат?
5. Чыгармачыл тапшырмаларды презентациялоо.

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

**Мугалим:** Силердин алдыңарда эки карта турат. Карап көргүлө, алардын жалпы окшоштуктары барбы? (Материктер, суулар, деңиздер, тоолор сүрөттөлгөн.) Карталардын айырмасы эмнеде? (Биринде бүткүл дүйнө, экинчисинде Кыргызстан гана сүрөттөлгөн.) Булар – Жер шары менен Кыргызстандын физикалык карталары. «Физио» деген сөз грекчеден которгондо «жаратылыш» дегенди түшүндүрөт. Физикалык карталарда жаратылыш объекттери: тоолор, суулар, көлдөр белгиленет.

**Планды жана картаны салыштыргыла**

1. Жалпы белгилерди атагыла.
2. Айырмасы эмнеде?
3. Планда токойлор, бадалдар кандай түстөр менен белгиленген?
4. Карта боюнча планетадагы токойлордун жайгашкан жерлерин аныктай алабызбы?

– Физикалык картада жашыл түс менен кургактыктын тегиз участоктору белгиленген. Картадан биз көчөлөрдү, имараттарды көрө албайбыз. Планда алар бар. Эми карта деп эмне аталарына жооп берүүгө аракеттенип көргүлө?

Картаны карагыла. Картада түндүк – бул картанын жогорку алкагы, төмөн жагы – түштүк. Солдо – батыш, оңдо – чыгыш. Картанын төмөнкү оң же сол бурчуна уламышы жайгашкан. Картанын уламышы силерге картаны окуганды үйрөтөт, ал бардык шарттуу белгилерди түшүндүрөт (Уламышты тапкыла.) Картада бардык тоолор күрөң түс менен белгиленет, тоо канчалык бийик болсо боёк ошончолук кочкул болот. Түздүктөр жашыл жана сары түстөр менен белгиленет. Түздүктөрдө төмөн турган жерлер ойдуңдар деп аталат. Сары же ачык күрөң түс менен көтөрүңкү жерлер белгиленет. Тоонун бийиктигин жана океандын тереңдигин бийиктик менен тереңдик шкаласы боюнча аныкталат (мугалим картадан көрсөтөт, балдар атластагы түстүн белгилерин шкала боюнча табышат). Картада сызыктар менен суулар жана мамлекеттик чек ара белгиленген. Шаарлар жана айылдар түрдүү көлөмдөгү тегерекчелер менен белгиленет.

1. Физикалык картада океандар, деңиздер, көлдөр, суулар кандай түс менен белгиленген?
2. Эмне үчүн океандар жана деңиздер бозомук-көгүлтүр, көгүлтүр жана көк түстөр менен боёлгон деп ойлойсуңар?

**Окуу китеби менен иштөө**

Мугалим окуучулардын жоопторун угуп, окуу китебинен картанын аныктамасын окууну жана аларды дептерге жазууну тапшырат.

**Өз алдынча иштөө**

**Мугалим:** Силер Кыргызстандын тарыхый картасы менен тааныштыңар. Бүгүн географиялык картанын тилин таанууну үйрөнөбүз.

Атластан жарым шардын физикалык картасын тапкыла. Картадан кургактыктын ири участкасын тапкыла. Бардык тарабы суу менен курчалган кургактыктын ири участоктору эмне деп аталарын эстегиле (материктер). Кайсыл материктерди Тынч океан курчап турат? Атлантика, Инди, Түндүк Муз океандарычы?

Кыргызстандын картасын карагыла. Бишкек шаарын – биздин өлкөнүн борборун тапкыла. Ош, Нарын, Талас, Жалал-Абад шаарлары Бишкек шаарынан кайсыл багытта жайгашкан? Ысык-Көлдү тапкыла. Анын кылаасында кайсы шаарлар жайгашкан? Алар жөнүндө эмнелерди билесиңер?

**Сабакты жыйынтыктоо**

1. Компьютердик техниканын доорунда кагаз карталарга муктаждык болбой калат деп ойлойсуңарбы?
2. Өзүңдү Кыргызстандын картасынын түзүүчүсүмүн деп элестет. Чет өлкөлүк туристтердин көңүлүн буруш үчүн дагы кандай объекттер менен толуктайт элеңер?

**Үй тапшырмасы**

## «План жана карта» темасы боюнча тесттер

“План жана карта” боюнча тесттерди контролдук иш, оозеки же викторина түрүндө өткөрсө болот. Максат–тема боюнча билимди тереңдетүү; план жана карта жөнүндө кеңири түшүнүк, алардын милдеттери; карта менен иштөөнү текшерүү. Жабдуулар катары аймактын планын, КР картасын, планшеттерди, компастарды, калемдерди, сызгычтарды колдонсоңор болот. Ластик менен альбом барактарын унутпагыла.

# III БӨЛҮМ. Кыргызстан боюнча саякат

**Маалыматтык компетенттүүлүк** – *ар түрдүү булактардан маалымат алуу.*

**Өзүн өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү** – *салыштырма талдоо жүргүзүү.*

**Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** – *практикалык иштерди аткарууда классташтары менен бирге иштешүү.*

## § 6. Бишкек шаары – Кыргызстандын борбору. Чүй облусу

**Максат:** уламышты түшүндүрөт, негизги ойду бөлүп алат, адамдардын чарбалык иши, алардын жаратылыш жана табияттын кубулуштары жөнүндөгү көз караштары тууралуу маалыматтарды алат; өз пикирин жана элдин маданий мурастарга болгон мамилесин туюнтат.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын картасы; Бишкек шаарынын сүрөтү бар фотографиялар.

## Сабактын жүрүшү

### Сабактын темасын маалымдоо

**Мугалим:** Бүгүн биз саякатыбызды Кыргызстандын шаарлары боюнча баштайбыз. Алардын тарыхы, кооз эстеликтери, маданияты жана уламыштары менен таанышабыз.

Саякатты Чүй облусунун аймагында жайгашкан Мекенибиздин борборунан баштайбыз.

Картаны карайлы. (Доскада Кыргызстандын картасы. Ачык түс менен республиканын шаарлары боюнча саякаттын маршруту көрсөтүлгөн.)

### Жаңы материалды үйрөнүү

– Картадан Мекенибиздин борборун көрсөткүлө.
– Кимиңер Бишкек шаарында болгонсуңар?
– Кандай таасирлер калды эле?
– Эгерде Бишкекте жашасаңар, анын көрүнүктүү жайлары жөнүндө айтып бергиле.

Башка шаарлардай эле Бишкек шаарынын да тарыхы бар. Шаардын аталышынын келип чыгышы жөнүндө уламыш айтылат.

### Окуу китеби менен иштөө

Окуучулар окуу китебиндеги Бишкек жөнүндөгү уламышты окушат. Окуп бүткөндөн кийин окуучуларга азыркы Бишкек жөнүндө аңгеме түзүү сунушталат.

### Дене тарбия минутасы. Көз эс алуучу көнүгүүлөрдү жасоо

***Нускама***

Башыңарды солго буруп, көзүңөрдү чарасында бир нече жолу айландыргыла, оңго бурулуп, дагы ошондой көнүгүүлөрдү жасагыла.

### Сабакты жыйынтыктоо

1. Кыргызстандын ири шаарларын атагыла.
2. Аларды картадан көрсөткүлө.
3. Бишкек шаары эмнеси менен даңктуу?

### Үй тапшырмасы

## § 7. Ош – Кыргызстандын байыркы шаары. Ош облусу

**Максат:** уламышты түшүндүрүү, негизги ойду бөлүп алуу, адамдардын чарбалык иштери жөнүндө маалыматтарды алуу; окуу китебиндеги текстинин мазмунун айтып берүү.

Окуучулар Бишкек жөнүндөгү аңгемени талкууга алышат.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын картасы, Ош шаарынын сүрөтү бар фотографиялар, ватман кагазы, карандаштар, фломастерлер, Өзгөн шаарынын сүрөтү бар фотографиялар.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

– Өткөн сабакта кайсы шаар менен тааныштык эле?
– Аны картадан көрсөткүлө.
– Бишкек жөнүндө аңгеме кургула.

**Сабактын темасын маалымдоо**

Кыргызстандын калкынын көпчүлүк бөлүгү тоолордун арасындагы өрөөндөрдө жашайт. Алардын бири Фергана өрөөнү, абдан күрдүү жер, бул жерде мал гана бакпастан (мал чарбачылыгы – кыргыздардын салттуу иши), жүзүм, пахта, жылуулукту сүйүүчү ж.б. өсүмдүктөр да өстүрүлөт.

**Мугалимдин аңгемеси**

Эми биз карта боюнча саякатты улантабыз жана Кыргызстандын түштүк борбору менен таанышабыз. Ош – Кыргызстандын байыркы шаарларынын бири. Археологиялык маалыматтар боюнча ага 3000 жыл болуптур. Шаар Ак-Буура суусунун боюнда жайгашкан. Анын өзүнчө уламышы бар.

Ош шаарынын жаралышына байланыштуу мындай уламыш айтылат.

Кудай жердеги алгачкы Адамга дыйканчылык кылууну тапшырып, эки өгүз, соко берип: «Өзүң менен бала-бакыраң үчүн керектүү жерди белгилеп алгын» – дейт. Адам өгүздөрдү сокого чегип, Меккеден баштап бороз сала баштайт.

Ал бир күн, бир жума, бир жыл жүрөт. Дыйканчылыкка көбүрөөк жер алгысы келет. Бороз салып келатып, бир күнү бийик тоого жетет, ал тоонун артынан чокуларын муз баскан башка тоолор башталат экен. Адам артына кылчайып карап, өтө көп жерди белгилеп алганын көрөт. Өзү, өгүзү экөө тең чарчаганын сезет. Ошондо Адам: «Уш!» деп үшкүрүп алып,

өгүздөрүн кайра артка бурган имиш. Ошентип, Уш шаары пайда болгон, адегенде аны адамдар ушинтип аташып, кийин Ош дей башташкан экен. Адам качандыр бир кезде айдоо үчүн белгилеген чек арасы азыркыОштун ордунда жок. Мурдагыга караганда шаардын чек арасы кыйла кеңейген. Жыл өткөн сайын Ош шаары өсүп, өнүгүп барат.

**Окуу китеби менен иштөө**

Окуу китебинде дагы бир уламыш берилген. Эки уламыштын чындыгы канча экендигин окуучулардан сурагыла.

Андан кийин балдарга азыркы Ош шаарынын сүрөттөрүн карап, ал боюнча аңгеме түзүп, өздөрүнүн аңгемесине тема ойлоп табуу сунушталат.

**Үй тапшырмасы**

## Өзгөн шаарынын тарыхынан

**Сабакка даярдануу үчүн мугалимге материал**

Өзгөн Кыргызстандагы байыркы шаарлардын бири. Анын түптөлгөнүнө эки миң жылдан ашуун мезгил өттү. Ал биздин заманга чейинки II–I кылымдарда Фергана өрөөнүндө Кашкарга бараткан жолдогу соода борбору катары пайда болгон.

Ошол мезгилдерде Өзгөн шаары Орто Азия менен Кашкардын ортосундагы эң ири соода жайы болуп эсептелген. XII кылымда Караханид мамлекетинин экинчи борбору болгон. Бул жерге Караханиддердин династия мезгилинде XII кылымдын башында бийиктиги 44 метр мунара курулган. Анын катарында мечит, медресе жана күмбөз орун алган.

Шаарда чептин, мазарлардын, касиеттүү деп аталган жана XI–XII кылымдардагы белгилүү адамдардын күмбөздөрүнүн калдыктары менен археологиялык ар кандай объектилер орун алган. Ал эстеликтердин бардыгы азыр эл аралык уюмдардын көмөгү менен реставрацияланган. Өзгөн шаарына жакын жерде Кыргыз Республикасынын жарандары, чет элдик меймандар жана Өзгөндүн тургундары эс алуучу «Кара-Шоро» курорттук жайы менен «Салам-Алик» туристтик борбору бар. Жергиликтүү калк жана туристтер жайкы эс алуу күндөрүн кооз тоолордун салкын, таза абасында өткөрүп, «Кара-Шоро» минералдык табигий суусунан ичип, дарыланышат[9].

[9] Өзгөн: https://ru.wikipedia.org/wiki/

### Окуу китеби менен иштөө

- Окуучуларга текстен азыркы Өзгөн жөнүндө материалдарды табууну сунуштагыла.
- Өзгөндө кандай чарбалар өнүгүүдө? Өзгөн эмнеси менен даңкталат?
- Окуучуларга Өзгөн жөнүндөгү уламышты окуп чыгып, окуялардын өнүгүү схемасын түздүргүлө.
- Окуучуларга «Желмогуз менен баатыр» аттуу уламыштын схемасын түгөйлөшүп талкуулоо тапшырмасын бергиле.

Бир нече түгөйгө (арасынан тандап) түгөйлөшүп иштөөнүн натыйжасын айтып берүүнү сунуштаңыз. Кайсы иш кыйынчылык жаратты же тескерисинче жагып калды? Окуучулар бири биринин иштерин кандай баалашты?

### Сабактын жыйынтыгын чыгаруу

- Окуучуларга сабакты түшүндүрүүнү сунуштаңыз.
- Алар сабакта иштин кандай түрлөрүнө үйрөнүштү? (Түгөйлөшүп иштөө, айтып берүү боюнча план түзүү ж. б.)

### Сабакты жыйынтыктоо

1. Кыргызстандын ири шаарларын атагыла.
   Аларды картадан көрсөткүлө.
2. Бишкек шаары эмнеси менен даңктуу?
3. Кыргызстандын «түштүк борбору» эмнеси менен даңкталат?

### Үй тапшырмасы

Силердин жерде жашаган белгилүү адамдар жөнүндө аңгеме даярда.

## § 8. Жалал-Абад шаары. Кыргызстандын Жалал-Абад облусу

### Мугалим сабакка даярдануу үчүн материал

### Географиясы

Шаар Тянь-Шань тоо кыркаларындагы Аюб-Тоо этегинде деңиз деңгээлинен 763 м бийиктикте Көк-Арт өрөөнүндө жайгашкан. Кыргызстандын борбору Бишкектен 605 км, ал эми Ош шаарынан 105 км алыстыкта.

Климаты субтропикалык, кургак, жайында + 43 °С жетет, күн көп тийет, күзүндө нөшөр аз болот, кышында нымдуулугу көп, жылуу, орточо темпе-

ратурасы 0 °C. Июнь айынан октябрга чейин нымдуулугу аз өлчөмдө - 30%, ал эми жайкы аптапта мындан да төмөн. Жаан-чачындын жылдык нормасы 460 мм. Суу трассасынан алыс жайгашкандыктан климаты кургак келет. Жылдык орточо температура + 13 °C , июль айында + 25 °C – + 30 °C, ал эми январь айында – 3 °C – 5 °C чейин түзөт.

## Аталышы

- Эң алгачкы аталышы Желалабад.
- 1870–1917-жылдары – Жалял-Абад.
- 1917–2002-жылдары – Жалал-Абад.

Аюб-Тоону бойлоп, илгери Жибек Жолдун бир бутагы өткөн. Анын натыйжасында Фергана өрөөнүнүн калкы жана бул жерлер баш ийген Кокон хандыгы Афганистан менен тыгыз байланышта болуп келген. Ошондуктан анын аты афгандардын шаары Желалабадга окшош болуп калганбы деген да ой кетет, андан калса, 1917-жылга чейин ал Желалабад аталып келген. Калк жайгашкан жерлердин окшош аталышы Борбордук Азия менен жакынкы Чыгышта көп кездешет. Бул аймактарда Жалалабад деп аталган 30дан ашуун айыл-кыштактар бар. Афган жериндеги Желалабад XVI кылымдын 60-жылдарында бул шаарды негиздеген Желал-Аддин Мухаммад Акбар (1542–1605) деген адамдын ысмы менен аталган. «Абад» деген сөз фарсча – «жай» же «адамдар жашаган жай» дегенди билдирет. Ал эми «желал» деген урду, фарс, араб тилдеринде – «даңк, касиеттүү, улуу» дегенди түшүндүрөт. Андыктан бул шаардын аталышы «даңктуу жай», же «касиеттүү жай», же «Желалдын ысмына коюлган жай» дегенди түшүндүрүшү мүмкүн.

## Тарыхы

### Кокон хандыгы менен падышалык Россиянын курамында

Көк-Арт өрөөнүндөгү Аюб-Тоодогу мазар булактарга Фергана өрөөнүндө жашаган адамдар дарылануусга келип жүрүп, адегенде аерде кичинекей кыштак пайда болгон. XIX кылымдын башында бул жерге Кокон хандыгы чеп курган. Жергиликтүү тургундар мазарга келгендерди тейлешип жана дыйканчылык менен оокат өткөрүшкөн. Кыштактын эли көбөйгөндө ар кандай устаканалар ачылат, карапачылар, майда кол өнөрчүлөр кийин чоң ишканалардын ачылышынын пайдубалын түзүшкөн.

1870-жылдары Россиянын аскер гарнизону менен кошо жер которгон адамдар келип отурукташа баштаган. Аскер госпиталы курулат. 1876-жылдан баштап Жалал-Абад Россиянын составындагы Фергана облусунун Кокон үйөздүнө карайт. 1877-жылы шаар макамы берилет.

Ошол мезгилден тарта тарыхый документтерде алгачкы ирет Желалабад элдүү пункту деп расмий түрдө аталып келет.

1915-жылы Анжыян – Кара-Суу – Жалал-Абад темир жолу курулган. Ал жол жеке менчиктики болуп, Фергана темир жол коому тарабынан ишке ашырылган. 1917-жылдагы революциядан кийин ал темир жол мамлекеттин эсебине өткөн[10].

**Максаттар:** Кыргызстандын шаарлары жана алардын уламыштары менен тааныштыруу; кыргыз элинин элдик оозеки мурастары жөнүндө окуучулардын кругозорун өнүктүрүү.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын картасы; Жалал-Абад шаарынын сүрөтү бар фотографиялар.

**Сабактын темасын маалымдоо**

**Мугалим:** Биздин кийинки токтогон жерибиз – Жалал-Абад шаары. Бул Бишкек жана Оштон кийинки чоңдугу боюнча үчүнчү шаар.

**Аңгемелешүү:** Бул курорттук шаар, бул жерге ден соолугун чыңдаш үчүн жүздөгөн адамдар келишет. Анткени мында дары булактары көп.

– Бул аймак дагы эмнеси менен даңктуу?

(Жалал-Абаддын тоо этегинде даңктуу Арсланбап жаңгак токою бар.)

**Карта менен иштөө**

Картадан Жалал-Абад шаарын көрсөткүлө. Ал Кыргызстандын кайсы облусунда?

Окуу китеби менен иштөөдөн мурда бул шаар менен байланышкан уламышттарды балдардын билер-билбесин сурагыла. Алардын айтып берүүсүн сунуштагыла.

**Окуу китеби менен иштөө**

– Облус жөнүндө маалыматты окугула. Ал жөнүндө жаңы эмнелерди билдиңер?

Бүгүн биз Жалал-Абад облусунун кызыктуу жерлерине байланышкан уламыштар менен таанышабыз.

**Топтордо иштөө**

Убакыт так чектелүүгө тийиш.

Ишти баштаардын алдында ар бир топ бирден окуучуну тандашы керек. Иш аяктагандан кийин алар топторду угуп, суроолорун жана жоопторун баалашат, топтун бардык мүчөлөрүнүн активдүүлүктөрүн эске алышат.

[10] Жалал-Абад: https://ru.wikipedia.org/wiki/

- **Биринчи топ** «Жандуу суу» деген биринчи уламышты окуп, кайта айтып берүүгө даярданат.
- **Экинчи топ** «Арсланбап» деген экинчи уламышты окуп, кайта айтып берүүгө даярданат.
- **Үчүнчү топ** «Жандуу суу» деген уламышты окуп, ага карата суроолорду түзөт.
- **Төртүнчү топ** «Арсланбап» деген экинчи уламышты окуп, ага карата суроолорду түзөт.

Биринчи топтун мүчөлөрү өз уламышын кайра айтып беришет.

Үчүнчү топтун мүчөлөрү экинчи жана төртүнчү топтордун катышуучуларына суроолорду беришет (алар биринчи топтун катышуучуларынын аңгемесин жакшы түшүнгөндүктөрүн көргөзүшүп, суроолорго жооп беришет).

Андан кийин топтор алмашат, баалоочуларды да алмаштырса болот.

Окуучулардан туура жоопторду эсептеп турган жана топтордун катышуучуларынын аңгемесине баа берүүчү топту тандаңыз.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

Топтордо иштеп, «Жандуу суу» жана «Арсланбап» уламыштары менен тааныштык.

– Бул уламыштарда эмне жөнүндө айтылат?

– Уламыштар адамдын кандай сапаттарын даңазалайт?

**Үй тапшырмасы**

## § 9. Кыргызстандын Баткен облусу

**Максат:** Баткен облусунун айылдардагы уламыштары менен тааныштыруу, кыргыз элинин элдик оозеки мурастары жөнүндө окуучулардын кругозорун өнүктүрүү; айыл жергесинде жашаган адамдардын чарбалык иштери менен тааныштыруу.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын картасы; сүрөттөр: айылдар, адамдардын иштери, Айгүл гүлү.

## Сабактын жүрүшү

### Өтүлгөн материалды кайталоо

– Мурунку сабакта жаңы эмнелерди билдиңер?

### Карта менен иштөө

**Мугалим:** Эми биз Баткен облусуна барабыз. Картадан Баткен облусунун жайгашкан жерин, облустук Баткен шаарын жана Кара-Булак айылын көрсөткүлө. Бул жер азыр изилдөөчүлөрдүн жана саякатчылардын көңүлүн көбүрөөк буруп турат.

Окуучуларга ушул жерди билесиңерби жана ал эмнеси менен белгилүү деген суроону бергиле. Эгерде алар билбесе, анда аларга илимий аталышы Эдуард чаар гүлү болгон, ал эми элде Айгүл гүлү деп аталган уникалдуу гүл жөнүндө маалымат бергиле.

### Аңгемелешүү

**Мугалим:** Айгүл гүлү – Баткендин таң калаарлык кереметы. Гүлдүн илимий аталышы – Эдуард чаар гүлү. Анын өзгөчөлүгү ал тоонун күн тийген тарабына өсөт. Айгүл – бул бийиктиги бир метр, бүткүл сөңгөгүн бойлоп өскөн узун жалбырактары бар гүл. Анын кызгылтым-сары таажылары коңгуроого окшош. Айгүл апрелде гүлдөйт, ошондуктан жыл сайын ушул айда Баткен облусунда Гүл майрамы белгиленет. Айгүл уругу жерге түшкөндөн жети жылдан кийин гана өсүп чыгат, дагы жети жылдан кийин алгачкы гүлүн ачат. Гүлү Ай толгондо гана ачылат! Ошентип, жыл сайын бирден ачык сары, кызыл түстөгү богок кошуп турат. Бул гүлдү көргөндө ага канча жыл болгонун оңой эле эсептөөгө болот. 34кө чейин гүл ачкан гүлдү жолуктурганын айтышат. Бирок таажысын ачкан мезгилди көрүү абдан кыйын. Адистер бул өсүмдүк – эндемик экенин белгилешет, башкача айтканда, Айгүл белгилүү аймакта гана өсөт, башка жерде өспөйт. Бул пияз түптүү өсүмдүк 7 жылдан кийин гүлдөп жана урук бере баштайт.

Гүл Кыргызстандын Түркстан тоо кыркасында өсөт, абдан сейрек жолугуучу өсүмдүк, гүл Кызыл китепке киргизилген. Ал эң декоративдүү жана абдан кооз. Мындай ачык гүлдөр жаратылышта өтө сейрек жолугат. Анын негизги артыкчылыгы – өтө эле кооздугунда жана мындай гүлдөрдүн өтө эле аздыгында. Анын үстүнө Айгүл элдик медицинада колдонулат. Бул гүлдүн пияз түбү ашказан, ичеги-карын жана боор ооруларына пайдаланылат. Ал өскөн аймакка туристтер көп келишет. Алар Айгүлдү дайыма үзүп алышат, ал эми жергиликтүү тургундар аны сатышат. Азыркы кезде гүл коргоого алынган, анткени жергиликтүү деңгээлде токтом чыгарылган, ал мындай сейрек өскөн гүлдү үзүүгө тыюу салат.

Айгүл өскөн аймакка мал жаюуга да тыюу салынган. 2015-жылы корук уюштуруу маселеси чечилген. Азыркы учурда ар бир үзүлгөн гүл үчүн 1000 сом өлчөмүндө айып белгиленген.

**Мугалим:** адамдар менен гүлдү байланыштырган уламыш ойлоп табууну сунуштайт.

**Уламышты презентациялоо**

Окуучулар гүлдүн пайда болушу жөнүндө өздөрүнүн версиясын сунушташат. Андан кийин алар уламышка баа беришет, кайсыл уламыш кыйла кызыктуу болгонун жана чындыкка жакын экенин белгилешет.

**Окуу китеби менен иштөө**

Окуучуларга Айгүл гүлүнүн пайда болушу менен байланышкан элдик уламышты окууну сунуштагыла жана класстагылардын варианттары менен салыштыргыла.

**Сабактын жыйынтыгы**

- Силер сабактан жаңы эмнелерди билдиңер?
- Айлана-чөйрөгө кандайча мамиле жасоо керек?
- Жаратылышты эмне үчүн коргоо керек?
- Эмне үчүн сейрек кездешкен өсүмдүктөр «Кызыл китепке» киргизилген?

**Үй тапшырмасы**

## § 10. Нарын шаары. Кыргызстандын Нарын облусу

**Максат:** Кыргызстандын шаарлары жана алардын уламыштары менен тааныштыруу; кыргыз элинин элдик оозеки мурастары жөнүндө окуучулардын кругозорун өнүктүрүү, Нарын облусунун экономикалык өнүгүшү менен тааныштыруу. Окуучуларда өз алдынча суроо коё билүүнү жана аларга тексттин өзүнөн жооп таба билүү көндүмүн калыптандыруу.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын картасы; Талас, Нарын, Чолпон-Ата, Каракол, Балыкчы шаарларынын сүрөттөрү.

## Сабактын жүрүшү

**Мугалимдин сабакка даярдануу үчүн материал** (Бул боюнча дискуссия, маектешүү формасында өтсө болот.)

### Нарын шаары

### География

Нарын шаары Нарын өрөөнүндөгү Нарын-Тоо кыркаларынын этегинде деңиз деңгээлинен 2000 метр бийиктикте Нарын дайрасынын боюнда жайгашкан. Нарындын түндүк тарабында 180 км аралыкта Ысык-Көлдүн боюнда Балыкчы темир жол станциясы бар, ал эми Нарындын түштүк жагында 186 км алыстыктагы Кытай менен болгон чек арада “Торугарт” чек ара пункту орун алган.

### Климаты

Чукул континенталдуу суук, кышкысын кар аз түшөт, жайкысын салкын. Июль айында орточо температурасы + 15 – + 17 градус Цельсия, кышкысын – 15 – – 18 градус Цельсия. Жылдык жаан-чачын 200дөн 300 мм түшөт.

### Тарыхы

Нарын шаарынын тарыхы илгерки мезгилдерге барып такалат. Ал Кашкарга каттачу кербен жолундагы кичинекей айылдын өсүшү менен байланыштуу.

Азыркы Нарын шаары да Орто Азиядагы бардык шаарлардай эле Чыгыш Түркстан (Кашкар шаары) менен Орто Азиянын соода мамилелерин байланыштырып турган. XIX кылымга чейин бул жерде шаар болгон эмес. 1868-жылы ушул жерге Россиянын гарнизону жайгашып, ошол кезден шаар түптөлө баштайт.

1927-жылы Нарын ошол кезде жаңы түзүлгөн Нарын облусунун админстративдик борбору болгон.

Шаардын атынын этимологиясы ушул кезге чейин толук изилдениле элек. «Нарын» деп Орто Азия элдеринде кездешүүчү жылкынын этинен жасалган тамак да айтылат. Балким, моңголчо – «күнөстүү» же кытайча – «кууш» деген сөздөрдөн алынгандыр?

Азыркы учурда шаар Нарын облусунун жана райондун маданий-админстративдик борбору болуп эсептелет жана «Нарын» эркин экономикалык аймагында орун алган. Ал заманбап, индустриалдуу, социалдык инфраструктурасы өнүккөн шаар.

**Туризм**

Шаардагы маданий-агартуучулук объектилердин негизгилери болуп мамлекеттик университет, край таануу музейи, музыкалык драма театры жана улуттук «Манас Руху» театры эсептелет. Эң негизгиси – туристтик чоң кызыгууларды жараткан жергиликтүү элдин меймандостугу саналат. Шаар жана область бүтүндөй туристтик мүмкүнчүлүктөрү арбын аймак, анын 70 пайызын тоолор ээлеп, шаркырап аккан көк кашка суулары, бийик ашуулары, жайы-кышы кетпеген түбөлүк муздары, күзгүдөй чагылышкан көлдөрү, кооз өрөөндөрү, ошондой эле кылымдап келаткан маданияты кимди болсо да кызыктырбай койбойт.

Тянь-Шань тоолорун кыдырган туристтик маршруттардын бардыгы Нарын шаарынан башталат. Аркар, кулжаларга, тоо эчкилерине аңчылык жана бир нече күнгө созулган жөө же атчан жүрүштөрдүн башаты да ушерде. Нарын дайрасы шаардагы туристтик кызыктуу жайлардын бири. Ал дайра түз жерден каалгып жай акса, тоо аралаганда бууракандап, таштан ташка-урунуп, таштарды күлдүрөтүп агызып, көбүк чачып, кимди болсо да кайдыгер калтырбайт. Күркүрөп аккан дайра адамдын организмине жагымдуу таасир бергендиктен, Нарын дайрасына чет өлкөлөрдөн көптөгөн туристтер келип, ээ-жаа бербей аккан суунун жээгине чатыр тигип, эс алышат.

Нарын дайрасында апрель айынан ноябрга чейин суунун көлөмүнүн көп учуру болуп эсептелет, бул кезде тоодогу карлар эрип, жамгыр суулары да кошулат. Адистердин айтуусу боюнча дайранын шапатасы августун орто ченинен сентябрь айынын алгачкы апталарында эң пайдалуу. Экотуризмин каалагандар үчүн Нарын шаарынын чет-жакалары өтө кызыктуу[11].

**Өтүлгөн материалды кайталоо (эркин формада)**

**Жаңы материалды үйрөнүү. Карта менен иштөө**

Өткөн сабакта биз Кыргызстандын түштүк бөлүгүндөгү шаарлар менен айылдар жөнүндө айтканбыз, эми биз Нарын шаарына – Нарын облусунун борборуна барабыз. Ал Нарын өрөөнүндө жайгашкан. (Окуучуларга аны Кыргызстандын картасынан табууну сунуштагыла.)

Нарын дарыясы – Кыргызстандагы эң ири дарыя. Сууга гидроэлектростанциялардын бүтүндөй каскады курулган, алардын эң ириси – Токтогул ГЭСи.

---

[11] Нарын: https://ru.wikipedia.org/wiki/

**Окуу китеби менен иштөө**

Сабакка карата сүрөт материалдарды пайдалануу менен Нарын облусунун чарбалык иштери жөнүндө аңгеме түзүүнү сунуштаңыз.

**Болжолдоо менен окуу**

Болжолдоо, алдын ала айтуу – балдардын элестетүүсүн өнүктүрүү, маалыматты окуу, түшүнүү, ойлонуу жана ал жөнүндө ой жүгүртүүнү калыптандыруу менен байланышкан окуучулардын окуй билүү билгичтиктерин өнүктүрүү каражаты.

Окуучуларга алар азыр Кочкор айылы жөнүндө уламыш окуй тургандыктарын, бирок мурдагыдай эмес экенин түшүндүрүңүз, ошондуктан, мугалимдин көрсөтмөсүн угуу абдан маанилүү, мугалим окуганга баш-көз болуп турат. Айтылган жерге тыным жасап, озуп кетпөө керек болот.

Окуучуларга биринчи тынымга чейин уламыштын башталышындагы 2 абзацын окуганды сунуштаңыз. Алар окуп жатканда башты көтөрүп окууну өтүнүңүз – анткени, алардын текстти окуп жатканын билесиз.

**Биринчи токтогондон кийинки суроолор:**

- Уламышта сөз эмне жөнүндө болуп жатат деп ойлойсуңар?
- Уламыштын каармандары, башкы каармандын мүнөзү жөнүндө эмне айта аласыңар? Андан эмне деген жыйынтык чыгарасыңар?

Көзүңөрдү жуумп, уламыштын каармандарын элестетүүгө аракеттенгиле.

Андан ары кийинки тынымга чейин экинчи абзацты окуганды сунуштагыла. Андан кийин төмөнкү суроолорду бергиле.

- Жигитке кандай кыйынчылыктарга чыдоого туура келди?
- Ал кыйынчылыктарды кандайча жеңип чыкты?
- Кыйынчылыктарды жеңип чыгууда кайсыл сезимдери ага күч берди?
- Жигиттин мүнөзүндөгү кандай жакшы сапаттарды көрө алдыңар?
- Уламыш эмне менен аяктады?

Уламыштын аягына «Кыйнала жортсоң, кызара бөртөсүң» деген макалды кошсо болобу?

**Үй тапшырмасы**

## § 11. Кыргызстандын Талас облусу.
## Талас шаары – Манастын мекени

**Максат:** Кыргызстандын шаарлары, алардын тарыхы, маданияты, тарыхий эстеликтери менен таанышууну улантуу.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын картасы, Талас шаарынын, тарыхый эстеликтеринин сүрөттөрү, «Манастын күмбөзүнүн» сүрөтү, манасчылардын портреттери, «Манас» эпосунан көчүрмө.

### Сабактын жүрүшү

**Жаңы материал менен иштөө**

Мугалим окуучулардын алдына максат коюуга тийиш: саякат Кыргызстандын шаарлары боюнча улантылат жана кийинки токтогон жерибиз – Талас шаары.

Окуучуларга картадан Талас шаарын табууну сунуштаңыз.

Талас шаары Талас облусунун борбору болуп саналат. Бул жерде Манастын күмбөзү бар. Манас – кыргыз элинин улуттук баатыры.

**Аңгемелешүү**

Окуучуларга «Манас» эпосу жөнүндө билгендерин айтып берүүнү сунуштаңыз.

Ал канча бөлүктөн турат? (Үч.)

Ар бир бөлүгү кандайча аталат? («Манас», «Семетей», «Сейтек».)

«Манас» эпосунда эмнелер жөнүндө айтылат? (Кыргыз элинин тарыхы, анын түзүлүшү жана өнүгүшү, көз карандысыздык үчүн күрөшү жөнүндө.)

**Окуу китеби менен иштөө**

Текстен Манастын осуяттары жөнүндө айтылган үзүндүлөрдү тапкыла.

- «Осуяттар» деген терминди кандай түшүнөрүңөрдү айткыла?
- Айкөл Манас эмнеге чакырган?
- Манастын кандай осуяттары силерге белгилүү?

Окуучуларга ар бир осуятты түшүндүрүп берүүнү сунуштагыла.

Окуучуларга «Манас» эпосу аткарылган жазууну угууну сунуштагыла. Эгерде класста эпосту айткан окуучулар болсо, анда аларга эскертип, «Манас» айтууга даярданыш үчүн алдын ала тапшырма бергиле.

Окуучулардан белгилүү манасчылардан кимди билерин сурагыла, мүмкүн азыркы манасчыларды билип жүрүшпөсүн. Алар жөнүндө айтып берүүнү сурангыла.

**Окуу китеби менен иштөө**

Окуучуларга окуу китебинен Сагымбай Орозбаков, Саякбай Каралаев жөнүндөгү маалыматты окууну сунуштагыла. Балдар окуп жатканда мугалим жай музыка (комуз күүсүн) коюп койсо болот.

Сабакта манасчылардын айтуусундагы жазууну пайдаланса болот. Аларды мугалимдин каалоосу боюнча окуу китеби менен иштегенге чейин же андан кийин угууга болот.

**Сабактын жыйынтыгы**

- Өткөн сабакта жана бүгүн биз кайсы шаарлар менен тааныштык?
- Кыргызстандын шаарлары жөнүндө силер кызыктуу эмнелерди билдиңер?
- Манасчылар эмне үчүн майрамдарда элдин ардактуу, күткөн меймандары болушкан?
- Манасчы болуш оңойбу?
- Ал үчүн эмне керек?

**Үй тапшырмасы**

## Атактуу манасчылар жана жомокчулар

**Калык Акиев** (1883–1953)

Төкмө акын, ырчы жана жомокчу Калык Акиев азыркы Нарын облусунун Жумгал районундагы Кулжыгач айылында кедейдин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Анын балалыгы жана өспүрүм кези Кетмен-Төбө өрөөнүндөгү Чаткарагай деген жерде (Токтогул району) өткөн. 12 жашынан баштап жергиликтүү бай-манаптарга жалданып иштеген. Аш-тойлорго белгилүү төкмө акындар катышып, айтыштарга чыгышкан. Ушул жылдары ал акындар Эшмамбет, Калмырза, Жеңижокторду ээрчип жүрүп, ырларын угуп, алардан өрнөк алган.

Акындын чыгармачылыгына Токтогулдун таасири өтө чоң болгон. Калыктын айтуусунда ал Токтогулга 13 жашында жолуккан, экинчи жолугушуусу болжол менен 1902–1904-жылдарга туш келет. 18 жашынан өзүнчө ырдап чыккан.

Экинчи жолу жолугушканда аны менен 8 жыл бою чогуу жүрүп, таалимин алган. Экөөнүн «Саламдашуу», «Карымшактыкындагы ыр», «Анжиян тарабында» ж. б. айтыш ырлары эл арасында кеңири белгилүү. 1918–1919-жылдары алар «Жакшы тосуп алалы», «Кытайдан кайткан туугандарга» ж.б. ырларды чыгарышкан.

**Ыбырай Абдырахманов** (1888–1967)

Акын, жомокчу, манасчы, фольклор жыйноочу Ы. Абдырахманов Ысык-Көл облусунун азыркы Жети-Өгүз районундагы Чырак айылында дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Жети жашынан айылдык молдодон окуп, сабатын ачкан. 1905-жылы Пржевальск шаарында (азыркы Каракол) жети жылдык татар мектебин аяктаган. 1920-жылы Алма-Атада, 1926 – 1927-жылдары жана 1928-жылы Фрунзедеги мугалимдерди даярдоо боюнча кыска мөөнөттүү курстардан окуган. 1939-жылы Фрунзеден Пединституттун алдындагы эки жылдык мугалимдер курсун бүтүргөн.

1905–1916-жылдары Жети-Өгүздө биринчи баскычтагы мектептин мугалими, 1916–1920-жылдары Ат-Башыда мугалим болуп иштеген. Ал ушул райондогу советтик мектептин алгачкы мугалимдеринин бири болгон. 1935–1960-жылдары Кыргыз тили жана адабияты илим изилдөө институтунун илимий кызматкери болгон.

Кыргыз элдик оозеки чыгармачылыгынын үлгүлөрүн чогултууга Ы. Абдырахманов 20-жылдардын башталышында киришкен. 1922-жылы Түркстан илимий комиссиясынын тапшырмасы боюнча манасчы С. Орозбаковдон «Манас» эпосун жазууга киришкен жана аны 1926-жылы аяктаган. Ал ошондой эле манасчы С. Каралаевден «Манас» эпосунун вариантын (150 басма табак), «Төштүк» эпосун жазып алган. «Манас» сериясындагы басылмаларды чыгаруу ишине көп эмгек жумшаган.

С. Орозбаковдун варианты боюнча ал «Манастын балалык чагы» (1940-ж.), «Алоокехан» (1941-ж.), «Макелдөө» (1941-ж.), «Чоңказат» (1944-ж.) эпизоддорун даярдаган. С. Каралаевдин варианты боюнча «Каныкейдин жомогу» (1944-ж.), А. Рысмендеевдин варианты боюнча «Үргөнч» (1944-ж.); Тоголок Молдонун варианты боюнча «Семетейдин Бухарадан Самаркандга келишин» (1941-ж.) жазган.

Элдик оозеки чыгармачылыктын материалдарын: эпосторду, дастандарды, жомокторду, макалдарды, лакаптарды, табышмактарды, жорго сөздөрдү, элдик ырларды жыйноо, ошондой эле аларды илимий негизде иштеп чыгып, системага салуу боюнча ишке ал өтө олуттуу салым кошкон. XIX кылымдын аягы жана XX кылымдын башталышындагы элдик ырчылардын өмүрү жана чыгармачылыгы жөнүндө маалыматтарды жана алардын чыгармаларын топтогон. Болжол менен Тоголок Молдонун 100дөн ашуун чыгармаларын жазып алган .

Ы. Абдырахманов «Манас» айтуучулардын бири болуп эсептелет. Анын вариантын фольклорчулар идеялык-көркөмдүк жактан мыкты варианттардын бири катары белгилешкен. Ал лирикалык-эпикалык «Жаңыл Мырза» дастанынын теңдешсиз айтуучусу болгон. Ал бир катар оригиналдуу поэмаларды, ырларды да жараткан. Анын «Манас» эпосунун генезиси жөнүндөгү маселе боюнча илимий изилдөөсү, ушул эпостун келип чыгышы тууралуу кызыктуу болжолдордун бири болуп эсептелет.

## § 12. Кыргызстандын Ысык-Көл облусу

**Максат:** окуучуларды Ысык-Көл облусунун шаарлары жана алардын уламыштары менен тааныштыруу; текст менен иштөөнү өнүктүрүү; эң башкыларын аныктоо.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын картасы, Чолпон-Ата, Каракол, Балыкчы шаарларынын сүрөттөрү.

### Сабактын жүрүшү

Доскада – таблица.

| Мен билем | Мен билдим | Мен билгим келет |
|---|---|---|
| Окуу китеби менен иштей баштаганга чейин толтурулат. | Окуу китеби менен иштегендин кийин толтурулат. | Сабактын аягында толтурулат. |
| | | |

Түгөйлөшүп иштегендер Ысык-Көл жана Ысык-Көл облусу жөнүндө маалыматты айтып жана таблицаны толтурууга тийиш.

**Окуу китеби менен иштөө**

Биз бардыгыбыз жайында Ысык-Көлдө эс алууну кыялданабыз жана Ысык-Көлгө бараткандагы бизди тосуп алган биринчи шаар – Балыкчы.

– Шаардын аталышы кандайча пайда болгон? (Көлдүн жээгине отуруктаншкан адамдын атынан келип чыккан.)

– Шаарлардын аталыштары дагы кандайча пайда болот, алар эмне менен байланышы мүмкүн?

Биздин кийинки токтогон жерибиз – Чолпон-Ата шаары.

– Силердин араңардан ким Чолпон-Атада болгон? Шаар жөнүндө эмнелерди айта аласыңар? (Класстагы окуучулар Ысык-Көл жөнүндөгү легендага кайрылса болот.)

Биздин кийинки токтогон жерибиз – Каракол шаары. (Окулган материал боюнча аңгемелешүү.)

**Сабактын жыйынтыгы**

– Ысык-Көл облусунун шаарлары жөнүндө жаңы эмнелерди билдиңер?

Бүгүн биз оозеки элдик чыгармачылык менен гана таанышпастан, реалдуу окуялар менен да тааныштык.

– Уламыштар эмнеге үйрөтөт?

– Алар мүнөздүн кандай белгилерин даңазалайт?

**Үй тапшырмасы**

## Биз тандаган кесиптер. Менин шаарым, менин айлым

**Максат:** биз экскурсия жөнүндө сүйлөшүп жатканыбызды эстейли. Максат да ушул боюнча чечилет, өзүбүз жашаган аймактын кызыктуу жайларын кыдырабыз. Биздин аймак эмнеси менен белгилүү, кандай адамдар жашайт, алар эмне иш аткарышат деген суроолорго жооп издейбиз. Экскурсия кесиптик багытта да болушу мүмкүн. Анда ар кандай кесиптеги адамдар менен жолугушуп, алардын иштеген жерлерине баруу туура келет.

**Мугалим сабакка даярдык көрүү үчүн материалдар**

Бул сабакта мугалим окуучуларга айылдарда жана шаарларда эң керектүү кесиптер жөнүндө кызыктуу аңгеме куруп берүүсү шарт. Биз мугалим, мал догдур, врач, ашпозчулук жөнүндөгү маалыматтарды тартуулайбыз. Бул кесиптер айылдарда да, шаарларда да бирдей мааниге ээ.

**Мугалим:** Мурда мындай түшүнүк мектептин чегинде гана болсо, азыр бул кесиптин алкагы кенен. Мугалим бизге жогорку окуу жайларында билим берет, англис тилин, ар түрдүү бизнес-окууларды үйрөтөт, ошондой эле бийлерди жана йогдун көнүгүүлөрүн, атүгүл баскан-тургандан бери үйрөтөт.

Байыркы заманда иш жоопкерчилиги али бөлүштүрүлбөгөн мезгилде жашы улуулар же уруу башчылары окутуучу болуп эсептелген. Иш жоопкерчилиги бөлүштүрүлгөн учурда тигил же бул өнөрдү мыкты өздөштүргөндөр же тажрыйбалуулар башкаларды үйрөтүшкөн. 18–19-кылымдарда гана мугалимдик өзүнчө кесип аталып, адегенде Европада, кийин бүт дүйнөгө таралган.

Мугалимдин эң башкы милдети болуп, ал сабак өтүп жатканда өз предмети боюнча окуучуларды жаңы маалыматтар менен камсыз этүү; мурда өтүлгөндөрдү кайталоо жана бышыктоо; көзөмөлдөө жана баалоо; ошондой эле окуучуларды өз алдынча иштөөгө уюштуруу. Негизги максат – окутуу менен гана чектелбестен, окуучуларга тарбия берүү жана билимин өнүктүрүү болуп саналат.

**Жеке сапаттары**

Мугалимдик кесипте жакшы ийгиликтерге жетүү үчүн жогорку деңгээлдеги жөндөмдүүлүк (интеллектуалдык, коммуникативдик, уюштуруучулук), салабаттуулук, ошондой эле аталган иштин шартына жараша жеке сапаттары да чоң роль ойнойт. Өз сабагын мыкты билүү, окутуунун жана тарбия берүүнүн заманбап методикасын колдонуу, бөбөктөр жана тестиер балдар менен мамиле түзүү үчүн кесипти аркалоо гана эмес, аны өз жанындай сүйө билиши керек.

**Мал догдур**

Бул кесиптин ээлеринин милдеттери эң эле көп: ылаңдуу жаныбарларды дарылоо жана ылаңдуулуктун алдын алуу, эмдөө, операция жасоо, жаныбарлардан өндүрүлгөн продукцияларды даярдоодо жана сатууда көзөмөлдөө. Алар атайын аспаптар орнотулган жайларда: клиникада, лабораторияда, үйлөрдө же сыртта деле иш жүргүзө беришет.

Мал догдур адамдар менен жаныбарлардын жалпы ооруларына ар дайым көзөмөл жүргүзөт. Ылаңдуу же ылаңдап айыккан жаныбарлардан адамдарга оорулар алардан алынган продукталар аркылуу жугушу мүмкүн. Ветеринардык кызмат жаныбарлардан алынган эттин, сүттүн ж. б. тамак-аштын сапаттарын текшерип турат. Мал догдур ферманан кызматчылары зоогигиенанын эрежелерин так аткаруусуна, сүт сааган агрегаттардын, сүт куюлган идиштердин санитардык абалына көз салат.

Айрым учурларда мал догдур талапка ылайык келбеген продуктуларды сатканга тыюу салып же аларды конфискациялаган бүтүм чыгарганга акылуу. Алар жаныбарлардын организмдеринде уулуу заттар жыйылып кетпөөсүнө көз салып турушат, эгерде уулуу заттар көбөйүп кетсе, анда ал жаныбарлардан жасалган тамак-аштардан адамдар зыян тартышы мүмкүн.

Бул кесиптин адистери атайын адистештирилген ветеринардык клиникаларда жана аптекаларда, мал чарба продукцияларын кайра иштеткен ишканаларда жана аларды саткан жайларда, фермаларда, зоопарктарда, цирктерде, кызмат көрсөтүүчү итканаларда, ошондой эле жаныбарлар аралашкан ар кандай мекемелерде иштешет.

## Жеке сапаттары

Жаныбарларга жакшы мамиле, байкагычтык, мыкты эс тутум, логикалык ой жүгүртүү.

Мал догдурду кесипке даярдоодо медициналык-биологияны, химияны, фармацевтиканы, мал чарбачылыктын негиздерин, ар түрдүү жаныбарлардын өзгөчүлүктөрүн кеңири түрдө окутат. Жогорку окуу жайларында ветеринарлар көбүнесе үй жаныбарлары аталган уй, кой, жылкы, чочко ж.б. боюнча даярдыктардан өтүшөт.

Ал эми адатта шаар тургундары үйлөрүнө кармаган (мисалы, ит, мышык, хомяк ж. б.) жаныбарларды дарылоо үчүн алар өздөрү акы төлөп, кошумча окуудан өтүшөт.

## Дарыгер

Бул кесип илгери эле пайда болгон. Аны адамзат менен жашташ деп койсо болот. Адамдар ар кандай илдеттердин кесепетинен пайда болгон ыңгайсыздыктардан арылуу үчүн ар дайым дарыланып келгендери белгилүү. Кийин, дин пайда болгондо дарыгерлик молдо табыптардын колуна өткөн. «Врач» деген сөз славянчадан которгондо «дубалоо» же «сыйкырлуу» деп аталат. Мезгил өткөн сайын жакшы дарылоо үчүн тийиштүү билим менен тажрыйба керектелери байкалды. Ассирияда, Вавилиондо, Египетте, ошондой эле Кытай менен Индияда табыптар дарылоонун улам жаңы жолдорун табышты. Ал эми жазуу пайда болгондо дарыгерликтин баа жеткис мындай ачылыштарын кийинки муундарга калтырууга шарт түзүлдү.

Божомолдо XVII кылымдан баштап, медицина тез өсө баштады. Ал эми азыркы учурда медициналык адистердин даярдоо деңгээли жогору көтөрүлүп, саламаттыкты сактоо системасы жакшы жолго коюлган. Дарыгердин милдети адамдарды илдеттерден айыктыруу гана эмес, ар кандай ооруларды алдын алуу мүмкүнчүлүктөрү да каралган.

Бул кесип адистиктерге карата ар кандай болушу ыктымал, маселен, балдар дарыгери. Педиатриянын (балдардын ооруларын изилдөө жана дарылоо боюнча медициналык бөлүм) өсүшү менен мурда жаш балдар майып болуп калчу айрым дарттарды азыр дарылап айыктыруу мүмкүнчүлүктөрү жаралды. Педиатр – бөбөктүн медициналык кызматкерлерден алгачкы таанышкан дарыгери, демек, анын жоопкерчилиги да өзгөчө мааниге ээ.

**Жеке сапаты**

Ырас, дарыгердин эң башкы сапаты – адамдарды сүйүү. Ансыз ал канчалык мыкты окуса да, баары бир жакшы дарыгер боло албайт. Медициналык кызматкердин милдети – адамдардын кызматына же байлыгына карабай, бардыгына тегиз жардам берүү.

Бул татаал кесипти тандагандар өзүнүн убактысын, билимин, кубатын адамдардын ден соолугу үчүн сарптаган жарандардан болуусу милдет. Дагы бир өзгөчүлүгү – алар ар дайым токтоо, сабырдуу болот. Анткени ар кандай кооптуу жагдайларда дарыгердин токтоолугу жана ишенимдүүлүгү оорулуунун маанайына оң таасирин тийгизет.

Адатта дарыгерлер пациенттерге карата ар дайым сергек мамилеси менен белгилүү. Мындай мамиле илдеттин жаңы башталган учурун аныктоого көмөкчү болот. Андан калса дарыгерлер иши боюнча ар кандай окуяларга туш келиши мүмкүн. Медициналык кызматкерлер кызмат учурунда дарттын эпидемиясы тараган аймактарда иштеп, оорулуу адамга каралашуу сыяктуу жугуштуу ооруларды дарылап, өз саламаттыгына тобокел мамиле жасаган учурлары көп кездешет. Алар жагдайга байланыштуу туура чечимдерди тез кабылдап, бардык жоопкерчиликтерди өз мойнуна алышат.

**Ашпозчу**

Ашпозчулук кесипке баа берүү кыйын жагдай. Бул кесип бүткүл дүйнөдө эң кеңири таралган жана өтө керектүү кесип болуп эсептелет. Даамдуу тамакты тез жасап коюш көп эле адамдардын колунан келет, бирок ашпозчунун алдына өтө алышпайт. Мыкты ашпозчулардын жасаган тамактары көркөмдүү, даамдуу чыгармалары болуп аталат. Алардын максаты адамдарды тойгузуп коюу болуп гана саналбастан, бышырган тамактарына өзгөчө даам, жыт, көрк берип, адамдардын маанайын көтөрүп, сезимдерин да азыктандырууга шарт түзөт.

Ашпозчу кесибинин ар түрдүү багыттары болот, кондитер-ашпозчу таттууларды жасайт. Бул багыттагы ашпозчуларга таттууларды жасап, аларды кооздоого көркөм фантазия талап этилет.

Ашпозчу-технолог болсо, продуктулардын сапатына көңүл бурат, жасалып жаткан тамактын ченемдерин өлчөйт, алардын кубаттуулугун аныктайт. Анын милдети даярдалган тамактын сапатына жоопкер болот.

Шеф-поварга администратордук жана ашпозчулук милдет жүктөлөт. Ал меню жана керектелүүчү чийки продуктылардын тизмесин түзөт, бардык ашпозчулардын ишине көзөмөл жүргүзөт. Ал өз кесибинин мыкты адиси болуу менен бирге тамак-аштын жаңы түрлөрүн иштеп чыгат.

Башка кесиптер сыяктуу эле анын да оң-тетири жактары бар. Терс жактарына ар дайым психологиялык тынчсыздануу жана кара күчтүн көп талап этилиши. Кыскасы, ашпозчулук кесип сыймыктуу болуу менен бирге жоопкерчилиги да өтө жогору.

**Жеке сапаты**

Ашпозчу байкагыч, ачык-айрым, ынтаалуу болуусу шарт. Ал жасап жаткан ашына керектелүүчү продуктулардын санын, өлчөмүн унутуп койбогон эс тутуму да мыкты болгону дурус. Ашпозчунун көз өлчөмү менен тамакка керектелүүчү азыктардын санын аныктап койгон сапаты болот. Ал тамактарды жагымдуу, таттуу даярдоо менен бирге, аны адамдарга ыраазылык алып келген көрүнүштөр менен кошо тартуулаган жөнөкөй, кичи пейил, өз кесибин ардактаган инсан.

**Экскурсиянын жүрүшү**

Экскурсия мугалим тарабынан туура тандалып, максаты белгилүү болуп, окуучулардын эсинде кала тургандай окуя болушу шарт.

**Мугалим:** Биз бүгүн өзүбүз жашаган шаардын (айыл) кызыктуу жайларына экскурсияга чыгабыз. Бул жайлар силерди эмне үчүн кызыктырат? Алар эмнеси менен белгилүү?

Бул экскурсия кесипке арналса, анда кесиптер жөнүндө аңгемелишкиле. Чоң адамдар иштеген жайларга: дүкөндөргө, автобус айдоочуларга ж.б. баргыла. Кайсы кесип айыл жеринде, кайсы кесип шаарда көбүрөөк керектелерин белгилегиле.

Окуучуларга бул суроолорду бергиле:

- Кайсы кесиптер шаарда, кайсынысы айылда көп керектелет?
- Келечекте кайсы кесипке ээ болгуңар келет? Эмне үчүн?
- Ата-энеңер каерде иштешет?
- Силер ата-энеңердин кесибин улантасыңарбы?

## IV БӨЛҮМ. Тарыхка кайрылып

**Компетенттүүлүк маалыматтык** – *ар түрдүү булактардан маалымат алуу.*

**Өзүн өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү** – *салыштырма талдоо жүргүзүү.*

**Социалдык-коммуникативдик компотенттик** – *практикалык иштерди аткаруу процессинде классташтары менен бирге иштешүү.*

### Убакыт тасмасы

**Максат:** убакыт бирдиктери жөнүндө билимдерди бекемдөө, тарыхый убакыт жөнүндө түшүнүк берүү; «кылым», «заман» түшүнүктөрүн киргизүү; окуучулардын ой жүгүртүү иштерин активдештирүү, кругозорлорун кеңейтүү.

**Жабдуулар:** түрдүү масштабдагы жарым шардын эки картасы, алгачкы адамдардын аска бетиндеги сүрөттөрү, дүйнөнүн, Кыргызстандын, крайдын карталары, атластар.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

**Жаңы материалды түшүндүрүп,** мугалим окуучуларга суроо берет:

- Биз саатты караганда кайсыл убакыт болгонун билебиз? (Азыркы учур, биз жашап жаткан мезгил.)
- Биз жомок окуганда кайсыл мезгилге туш келебиз? Өткөн мезгилгеби? Жомоктогу шарттуу мейкиндик – мезгилгеби?
- Кайсы бир окуянын убактысын аныктоону кааласак, «Бул качан болду эле?» деп сурайбыз жана адатта «Баланчанчы жылы» деп айтабыз.
- Келгиле, убакыт кандай бирдиктер менен өлчөнөөрүн эстейли? (Мүнөт, саат, сутка, жума, ай, жыл.)
- «Кылым» деген сөз кандай мааниге ээ болот? (Кылым – 100 жылга барабар болгон убакыт бөлүгү.)
- «Миң жылдык» деген эмнени билдирет? (Бул 1000 жылга барабар болгон убакыт бөлүгү.)
- Убакытты эсептөөдө адамдар кандай кыйынчылыктарга туш келген?
- Адамдар мезгилди эсептегенге эмне түрткү болгон? (Иса пайгамбардын туулганы.)

**Окуу китеби менен иштөө**

– Окуу китебинин текстин окугула. Окулган тексттин негизинде төмөнкү суроолорго жооп бергиле.

- Иса пайгамбардын туулган күнүнөн башталган убакытты окумуштуулар «биздин заман» деп аташкан. Бирок ага чейин эле адамдар жашаган. Ошондуктан, убакыт тасмасы эки бөлүккө бөлүнөт: *«биздин заманга чейин»* жана *«биздин заман»* (окуу китебиндеги сүрөт: убакыт тасмасы). Өз жерибиздин тарыхы жөнүндө эмнелерди билесиңер?
  Биздин жерде болгон окуяларды убакыт тасмасына тууралагыла.
  Окуу китебиндеги сүрөттөрдү убакыт тасмасы менен салыштыргыла.
- Сүрөттөрдү убакыт тасмасы менен салыштырууда силерде кандай кыйынчылыктар пайда болду? (Убакыт боюнча бир окуя экинчисинен канчалык алыс турарын аныктоо татаал.) Убакытты белгилөө үчүн адамдар түрдүү өлчөө бирдиктерин пайдаланышат. Алар кандай аталарын ойлонгула. (Жыл, кылым, заман.)
- Биздин заманга чейинки жылдар кандай жайгашканына көңүл бургула. Бул эмне менен байланышкан? (Эч ким адамзаттын пайда болгон тарыхын так атай албайт. Ошондуктан биздин заманга чейинки жылды эсептөө тескери тартипте жүргүзүлөт.)

**Дене тарбия мүнөтү**

Көздүн бузулуусунан алдын алуу үчүн көнүгүү. Нускама: ыңгайлуу отургула. Баш кыймылсыз. Көз менен 0дөн 9га чейинки цифраларды «жазгыла».

**Экинчи сабакта тема боюнча ишти улантуу**

**Максат:** убакыт бирдиктери жөнүндө материалды билүүнү бекемдөө.

**Практикалык иш (тарых боюнча дептерде иштөө)**

- Биз жашаган жылды жазгыла. Кийинки жыл кайсыл жыл болот? Буга чейин кайсыл жыл болгон?
- Убакыт тасмасын дептерге чийгиле. Сызыктын ортосунан баштап ирети боюнча кылымдардын номерлерин койгула («биздин заманга чейин» – 0 – «биздин заман»).
- Биз жашап жаткан кылымды тапкыла, анын астына биз жашап жаткан жылды койгула. Кайсы кылымда сенин туулган күнүң турушу керек?
- Убакытты белгилөө үчүн адамдар түрдүү убакыт бирдиктерин пайдаланышкан. Кандай? (Заман, ай, күн, жыл, кылым, жума.)

- Алардын кайсыларын силердин үй-бүлөнүн тарыхын баяндоо үчүн пайдаланууга болот? (Күн, жума, ай, жыл, кылым.)
- Кылым белгиленүүчү рим цифраларын билериңерди текшер. Алардын маанилерин сол тарапка жазгыла. Мугалим доскага кылымдарды жазат:

| | | |
|---|---|---|
| XX – | XI – | XIX – |
| XIV – | XV – | IX – |
| XVII – | VII – | XIII – |

Саналган жылдар кайсыл кылымга кирээрин жазгыла (алар доскага жазылат).

| | | |
|---|---|---|
| 6-ж. – | 704-ж. – | 1801-ж. – |
| 44-ж. – | 1615-ж. – | 1920-ж. – |
| 667-ж. – | 1792-ж. – | 2005-ж. – |

– Кайсыл жыл мурда болгон: биздин замандын 33-жылыбы же биздин заманга чейинки 33-жылбы?

**Сабакты жыйынтыктоо**

– Сабакта силер кандай жаңы түшүнүктөр менен тааныштыңар?

## § 13. Картадагы тарых

**Максат:** тарыхый картага, тарыхый картанын географиялык картадан айырмасына түшүнүк берүү, картанын уламышын пайдаланганды үйрөтүү.

**Жабдуулар:** тарыхый карта, географиялык карта, дептер, карандаштар, байыркы дүйнөнүн картасы, сүрөттөр.

### Сабактын жүрүшү

**Уюштуруу учуру**

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

Убакыт тасмасы деген эмне? Дептерге убакыт тасмасын чийгиле (ага 21 чарчы батышы керек, ал биздин тарыхтын жыйырма бир кылымына туура келет). 0 дү биздин заман башталган жерге койгула. Биз жашаган жылды жазгыла. Ар бир чарчыга рим цифралары менен кылымдын белгиленишин жазгыла. Убакыт тасмасында төмөнкү окуяларды белгилегиле:

703-ж. – Экинчи Түрк каганатынын кыргыздарга биринчи жүрүшү;
1842-ж. – Ормондун түндүк кыргыздарга хан болуп жарыяланышы;
1936-ж. – Кыргыз ССРинин түзүлүшү;
2003-ж. – Чолпон-Атада Кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк экинчи курултайы өткөрүлгөн.

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

**Мугалим.** Карталар түрдүү болот: географиялык жана тарыхый. Географиялык карталар эмне жөнүндө айтып берерин түшүндүргүлө?

**Практикалык иш**

– Тарыхый картаны талдоо үчүн ойдон чыгарылган мамлекеттин тарыхын түзүп көрөлү. Доскага (ал эми окуучулар дептерге) белгилүү аймакты чийгиле.

- Ушул аймакты бир нече мамлекетке бөлгүлө, чек араларды эркин жүргүзсө болот.
- Аларды түрдүү түстөр менен боёгула. Мамлекеттерге 1ден 4кө же 6га чейинки номерлерди койгула.
- Мамлекеттер түрдүү чоңдукта болушу мүмкүн.
- Ар бир мамлекеттин борбор шаарын тарткыла (жылдызча же чоң тегерек).
- Түрдүү мамлекеттерге соода кербендеринин жолун көрсөткөн сызыктарды чийгиле.
- Кайсы окуялар мамлекеттин чек арасын өзгөртүүгө таасирин тийгизиши мүмкүн?

**Окуу китеби менен иштөө**

Параграфтан картанын уламышынын арналышын окугула. Андан кийин алынган билимдерди эске алып, силер иштеп чыккан карта боюнча картанын уламышын түзгүлө.

**Сабактын жыйынтыгы**

- Географиялык жана тарыхый карталардын ортосундагы айырманы аныктагыла. Алар эмнеси менен айырмаланат?
- Тарыхый картаны үйрөнүү менен силер кандай билимдерди аласыңар? Тарыхый карталардын кандай мааниси бар?
- Сабакта жаңы эмнелерди билдиңер?
- Кайсы материал кыйла кызыгууну жаратты жана ал силерди эмнеси менен кызыктырды?

**Үйгө тапшырма**

## § 14. Улуу Жибек Жолу боюнча

**Максат:** дүйнөнү өздөштүрүү жана жаңы жерлерди ачуу жөнүндө, соода жолдорун өнүктүрүү жөнүндө көз караштарды кеңейтүү. Кыргызстан аркылуу өткөн соода жолдорунун маанисин көрсөтүү, эл аралык мамилелердин өнүгүшүнө сооданын таасиринин деңгээлин белгилөө.

**Жабдуулар:** тарыхый карта, географиялык карта, дептер, карандаштар, «Улуу Жибек жолу» байыркы дүйнөнүн картасы, сүрөттөр.

### Сабактын жүрүшү

**Мугалим сабакка даярдануу үчүн материалдар** (Тандап алынган материал боюнча аңгемелешүү же дискуссия формасында өтсө болот.)

**Кыргызстандын Улуу Жибек Жолу**

Кыргыздардын тарыхый тагдырына жана мамлекеттүүлүгүнө дүйнөлүк тарыхта белгилүү орунду ээлеген Улуу Жибек жолунун таасири чоң.

Байыркы Кыргызстандан аймагынан кербендердин үч бутак жолу өткөн: Памир жана Тян-Шан тоолорунун ашууларын ашкан Памир-Алай, Түштүк жана Түндүк жолдору. Бул жолдор Чыгыш менен Батышты 15 кылым бою бириктирип келген. Улуу Жибек жолу миң жылдар аралыгында бир топ өзгөрүүлөргө учураган, бирок кыргыздардын аймагынан өткөн жол өзгөрүүгө учураган эмес.

Улуу Жибек жолунун кербендери бул жолдун боюна жайгашкан Таш-Рабат, Сулайман-Тоо, Бурана, Өзгөн ж.б. жайлардан өргүү алышкан.

Айтылуу кербен жолу жүздөгөн жылдар бою соода-сатык иштерин гана жүргүзбөстөн, кыргыз элинин бөлөк элдер менен катнашын түзгөн.

Улуу Жибек жолу соода жолу болуп, биздин заманга чейинки III кылымдан, биздин замандын XVI кылымына чейин кызмат өтөгөн.

Бул мезгилдин аралыгында согуш жүрүп, далай шаарлар кыйрады, өрт каптап, шаар, кыштактардын ордунда додо болгон күлү калды, табийгий кырсыктар жүрдү, айрымдарынын ордуна кайра шаарлар пайда болду, айрымдарынын чалдыбары чыгып, жер менен жексен болуп калды. Нечен жылдар бою аталган жол менен Чыгыштан Европага сатыкка жибек кездемелер, кооз буюмдар, асыл таштар, таттуулар менен түрдүү боёктор, алтын – күмүштөр ташылып турду.

Улуу Жибек жолу дүйнөлүк цивилизациянын тарыхында жетишкендиктин эң бир белгилүү ролун ойнойт. Кытайдын жибектери, Индиянын

таттуулары менен буюмдары, Ирандын көз тайгылткан килемдери, византийликтердин кооз карапалары Каракум жана Кызылкумду басып, Мерва менен Хорезмдин шалбааларын аралап, Сары-Арканын көз жетпеген талааларынан өтүп, Памир, Тян-Шан, Алтай тоолорунун муз баскан ашууларын ашып, Мургаб, Сыр Дарыя менен Аму Дарыяларын кечип, кыргыздардын аймагынан ары сапарын улап турган.

Кербендердин жолунда шаарлар өсүп, соода-сатык жана кол өнөрчүлүк жайлары пайда болуп, кербен сарайлар курулган. Түркмөндөрдө – Мерв; өзбектерде – Бухара, Самаркан, Үргөнч, Хива; кыргыздардын аймагында Жул, Суяб, Новокент, Баласагын, Барскоон, Таш-Рабат, Ош, Өзгөн ж.б.

Бул жол аркылуу Европа өлкөлөрү Азия мамлекеттери менен байланыш жасап, Чыгыш менен Батыштын цивилизациясы бири бирине куюлушуп, бирин-бири толуктап турган. Улуу Жибек жолу маданияттын, илимдин, технологиянын жана дин иштери боюнча өткөргүч катары кызмат өтөгөн. Чыгыш тарабынан Кытай менен Индиянын, түштүгүнөн Перс менен Аравиянын, батышы Европа өлкөлөрү, түндүгүнөн Волга жана Сибирь менен чектешип, Борбордук Азия нечен жылдар бою кербен жолунун тоомунда турган.

Тарыхчылардын айтканына караганда – бул соода жолу жөнүндө биринчи жолу маалымат жазган биздин заманга чейинки I кылымда жашап өткөн кытай элчиси Чжань Цань болуптур. Археологиялык казууларда кытай буюмдары: тыйындар, коло күзгүлөрү, фарфор идиштери, жибек кездемелеринин калдыктары ж.б. табылганы ал кезде Орто Азия менен Кытайдын соода-сатык алакаларынын өнүккөнүнөн кабар берип турат. Кытайдын таасири менен Орто Азияда жибек чыгаруу жана кагаз жасоо өнүксө, Орто Азиянын таасири астынды Кытайда жүзүмчүлүк, пахтачылык, багбанчылык жана бакчачылык жаңы деңгээлдерге жеткен.

Фолорентий соода үйүнүн кызматкери Барди Франческа Паголотти сегиз жылдык саякаттан кийин 1355-жылы Италияга кайтып келип, Кытай, араб, Европа өлкөлөрүндө миңдеген чакырымдарды басып өткөнү, ал жердеги соода, элдердин үрп-адаты, жашоо шарттары жөнүндө кызыктуу эскерүүлөрүн жазган. Бирок Улуу Жибек жолу деген аталышы XIX кылымда Фердинанд фон Ризтгофендин сунушу менен кабыл алынып, ошондон бери маалыматтарда ушул аталыш колдонулуп келет[12].

[12] Улуу Жибек жолу: http://www.kyrgyzstan.orexca.com/rus/great_silk_road_kyrgyzstan.shtml

**Жаңы материал жана карта менен иштөө**

**Мугалим.** Биздин сабактын максаты – Улуу Жибек жолу адамдардын жашоо-турмушунда кандай мааниге ээ болгонун аныктоо.

- Окуучуларга картанын уламышын пайдалануу менен азыркы Кыргызстандын аймагы боюнча Улуу Жибек жолу кайдан өткөнүн аныктоону сунуштагыла. (Окуучулар соода жолунун үч тарамын көрсөтүүгө тийиш: Түндүк, Фергана, Түштүк.)
- Карта боюнча Улуу Жибек жолунда кайсы байыркы шаарлар (Суяб, Баласагын, Барскоон, Чигу, Ош, Өзгөн, Таш-Рабат, Кошой-Коргон ж.б.) чоң мааниге ээ болгонун аныктагыла.

Эгер убакыт болсо окуучуларды Таш-Рабат жана Кошой-Коргон тарыхый комплекстери менен кыйла толук тааныштырууга болот.

**Үй тапшырмасы**

## § 15. Тарыхый инсандар

**Максат:** окуучуларды Азия чөлкөмүнүн байыркы улуу ойчулдар менен тааныштыруу. Өз элинин тарыхына жана маданиятына кызыгуусун жаратуу.

**Жабдуулар:** Жусуп Баласагын, Махмуд Кашгаринин сүрөттөрү, Кыргызстандын картасы, окуу китеби.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

- Картадан Улуу Жибек жолун көрсөткүлө.
- Улуу Жибек жолунун боюнда жайгашкан шаарларды көрсөткүлө.
- Кербен сарай деген термин эмнени билдирет?
- Жаңы материалды үйрөнүү.
- Окуу китеби менен иштөө.
- Жусуп Баласагын деген ким болгон?
- Ал кайсы шаарда төрөлгөн?
- Кайсы чыгармасы анын даңкын чыгарган?
- Анын чыгармасы эмнеге үйрөтөт?

**Кийинки тыным**

- Махмуд Кашгари кайда туулган?
- Ал кайсыл чыгарманы жазган? Анын мааниси кандай?
- Карта деген эмне?
- Эмне үчүн карта тегерек?
- Ал жердин борборуна эмнени койгон жана эмне үчүн?

**Практикалык иш**

- «Кут алчу билим» чыгармасындагы насааттарды талкуулоо.
- Окуучулар ушул насааттар жөнүндөгү өздөрүнүн ой толгоолорун айтышат.
- Эгерде окуучулардын пикирлери бири бирине каршы келсе, анда аны талкуулоо керек. Жалпы чечимге келүүгө аракеттенгиле.

**Сабактын жыйынтыгы**

Сабактын эмнеси жакты жана элдик акылмандык эмнеге үйрөтөрүн талкуулагыла.

**Үй тапшырмасы**

## § 16. Кыргызстандын окумуштуу-изилдөөчүлөрү. Маданий эстеликтери

**Жаңы материал менен иштөө**

Классты төрт топко бөлгүлө.

**Биринчи топко** Кыргызстан боюнча саякаттоонун маршрутун түзүүнү сунуштагыла. Алар эмне үчүн аны тандап алышты? Тандалган маршрут боюнча саякаттоо менен алар эмнени үйрөнөөрүн жазуулары керек. Алар эмне үчүн муну үйрөнүү маанилүү деп эсептешет?

**Экинчи топ** окуу материалын пайдалануу менен Чокан Валиханов жөнүндө презентацияны даярдайт.

**Үчүнчү топ** окуу материалын пайдалануу менен Семёнов-Тян-Шанский жөнүндө презентацияны даярдайт.

**Төртүнчү топ** Кыргызстандын жаратылышын изилдеген азыркы окумуштуулар жөнүндө материал даярдайт.

**Топтордун презентациясы**

**Презентациялардын жыйынтыгын чыгаруу**

**Сабакты жыйынтыктоо**

- Кайсыл заманбап кесиптер изилдөөчүлүккө кирет?
- Алар эмне менен иштейт? Эмнени изилдешет?
- Окуучулар менен сабакта аларга эмне жакканын, элдик акылмандык эмнеге үйрөтөөрүн талкуулагыла?

**Үй тапшырма**

## Маданий эстеликтери

**Мугалим сабакка даярдануу үчүн материал** (Бул материал боюнча сабакты аңгемелешүү жана дискуссия түрүндө өткөрсө болот.)

Байыркы тарыхый эстеликтер болуп эсептелген Таш-Рабат кербен сарайы менен Кошой-Коргон шаар чалдыбары биригип, “Таш-Рабат” комплексин түзөт. Таш-Рабат кербен сарайы орто кылымдагы эстеликтерден жакшы сакталып калгандарынын бири. Ал деңиз деңгээлинен 3000 м бийиктикте Кара-Коюн капчыгайында жайгашып, Ат-Башы айлынан 60 км, Нарын шаарынын 90 км алыстыкта орун алган. Ал XV кылымда тургузулуп, Орто Азия менен Кытайдын ортосундагы соодагерлер өргүү алып, элчилер, саякатчылар, дегеле жолоочулар токтогон жайы болгон. Бул ошол кылымдагы Орто Азия жергесиндеги таштан тургузулган эң чоң эстелик болуп саналат. Кербен сарай өзүнүн чоңдугу менен гана эмес, ички-тышкы түзүлүшүнүн татаалдыгы, архитектуралык өзгөчөлүгү менен баалуу.

Кошой-Коргон шаар чалдыбары Ат-Башы айлынан 12 км алыстыкта жайгашкан. Ал жерде түрктөрдүн хандык кошууну жайгашып, VII–X кылымдарда шаар чеби орун алган.

**Максат:** эстетикалык табитти, архитектурадагы жаңы формалардын өнүгүшүнө тарыхтын таасирин түшүнүүнү өнүктүрүү.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын картасы, орто кылымдагы архитектуралык эстеликтердин сүрөттөрү.

## Сабактын жүрүшү

### Жаңы материал менен иштөө

- Архитектуралык эстеликтер деп эмнелерди айтабыз?
- Ар кайсы мезгилдерде адамдар кандай курулуш материалдарын колдонгон?
- Курулуштарга азыр кандай материалдарды колдонушат?

Бурана жана Өзгөн мунаралары жөнүндөгү параграфты окуунун алдында окуучуларга ушул архитектура эстеликтери жөнүндө мурда эмне билишээрин сурагыла жана 5 мүнөттүн ичинде силерге белгилүү болгондордун бардыгын жазгыла.

### Түгөйлөшүп иштөө

Окуучулар жазып бүткөндөн кийин түгөйлөргө бөлүнүшөт. Өнөктөштөрү менен сүйлөшүп, Бурана мунарасы жөнүндө билгендерин бири-бирине айтышат. Окуучулар бири-бирине төмөнкү суроолорду берсе болот: Ал эмне үчүн курулган? Кайда жайгашкан? Качан жана ким курган ж.б. Окуучулар кайсыл бир жерде бири-бири менен макул болбосо да өздөрүнүн көз караштарын жазышсын.

Түгөйлөшүп талкуулоо аяктагандан кийин бардыгы чогуу талкуулашы үчүн ар бир түгөйдөн өздөрү эң маанилүү деп эсептеген фактыны белгилөөнү сурагыла.

Мугалим доскага окуучулар айткан бардык фактыларды жазат, маалыматка баа бербейт жана аны четке какпайт. Убакыттын өтүшү менен айтылгандарга бардыгыңар макулсуңарбы? – деген суроо берсе болот. Эгерде кайсы бир суроо кайчы пикир жаратса, анда суроо белгисин койгула: ушул суроого жоопту окуу китебиндеги текстен тапкыла.

Текст менен иштөөдө кайсыл суроолорго жооп табууну каалаганын окуучулардан сурагыла. Ушул суроолорду доскага жазгыла.

### Окуу китеби менен иштөө

Окуучулар Бурана мунарасы жөнүндө текстти окушат. Окугандан кийин, окуучулардын жазгандары менен алар эмнелерди билгенин салыштыруу керек. Аларга төмөнкү суроолорду бергиле:

- Кайсы болжолдоолор ырасталды, кайсылары ырасталган жок?
- Кайсы суроолорго жооптор табылды?
- Кайсы суроолор жоопсуз калды?

**Практикалык иш**

Кайсыл маалымат окуучулар үчүн жаңы болуп эсептелерин, кайсынысы чаташууларга алып келерин, ал эми кайсыл идеялар алар үчүн андан ары кызыгууну пайда кыларын талкуулоо керек. Алынган маалыматты категориялар боюнча бөлүштүргүлө.

| V | + | – | ? |
|---|---|---|---|
| Минарет эски мунара катары кабылданат. | «Бурана» сөзү «монара» деген туура эмес сөздөн кабыл алынат. | Мунарадан адамдарды намаз окууга чакырышкан. | Эмне үчүн тургундар ушул мунараны курчап турган шаардан кетип калышкан? |
| Ичинде бурама тепкич бар. | Мунаранын айланасында шаар болгон. | Мунаранын айланасында чоң таштар болгон. | Ички дубалында жазуулар бар, алар эмне жөнүндө? |

«v» – маалымат
«+» – билем
«–» – билбейм
«?» – билгим келет

Жазуулар кыска болууга тийиш. Андан кийин Бурана мунарасы жөнүндөгү маалыматты талкуулоо болот. Эгерде зарылчылык болсо, текстке кайрылгыла. Талкуулоо мээге чабуул ыкмасы менен жүргүзүлөт.

Адегенде бардыгы макул болгон суроолорду карагыла. Андан кийин кайчы пикирлерди, ошондой эле алардын материалы окуу китебинде айтылгандыгы же кошумча материал керектиги жөнүндө суроону талкуулагыла.

**Сабактын жыйынтыгы**

Дискуссия формасында өткөн материалды кайталоо.
Өзгөн мунарасы боюнча сабакка жогорку сценарийди колдонсо болот.

## V БӨЛҮМ. Кыргызстандын жаратылышы

**Компетенттүүлүк маалыматы** – *Кыргызстандын мисалында тоо тектери, алардын келип чыгышы жана көп түрдүүлүгү жөнүндө маа-лымат алуу. Келип чыгышы боюнча классификациялоо үчүн тоо тектеринин физикалык касиеттери жөнүндө маалымат алуу жана пайдалануу. Табигый түзүлүш жана тирүү организмдердин ишинин натыйжасында пайда болгон катары топурак жөнүндөгү, өзүңдүн регионуңдун мисалында топурактын курамы жөнүндө; адамдын жашоо-турмушунда жана жаратылышта топурактын мааниси жөнүндө маалыматты пайдалануу. Топурактын күрдүүлүгүн жогорулатуучу каражаттар; жаратылыштагы тең салмактуулукка таасир этүүчү топурактын булгануу процесси жөнүндө маалыматты пайдалануу. Суунун мисалында заттын өзгөрүшү жөнүндө; жаратылышта суунун айланышынын мааниси жөнүндө маалыматты пайдалануу. Жаратылышта, тиричиликте заттын негизги эриткичи катары суунун касиеттери жөнүндө; жаратылышта болуп өтүүчү карст процесстери (карст – тоо тектеринин сууга эриши аркылуу пайда болгон үңкүр, тешик, чуңкур) жөнүндө маалымат алуу. Тузсуз суунун уникалдуулугу жана баалуулугу; табигый чыпкалануу жөнүндө; ичүүчү сууну тазалоо ыкмалары жөнүндө маалымат алуу жана пайдалануу. Кыргызстандын көлмөлөрүн булгоочу предметтер жана заттар жөнүндө маалыматты пайдалануу. Өзүңдүн аймагыңдын жандуу жаратылышы, жаныбарлардын жана өсүмдүктөрдүн жергиликтүү жаратылыш шарттарына ыңгайлашуу жолдору жөнүндө маалымат алуу. Жандуу жаратылыштагы жамааттар, тирүү организмдин таралышы жана алардын байырлоо өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалымат алуу; байырлоо «чөйрөсү» жана «экологиялык текче» деген түшүнүктөрдү түшүндүрүү. Өзүнүн жериндеги токойлордун азайышы жөнүндө маалымат алуу. Тиричилик таштандыларынын түрлөрү; таштандынын ар кандай түрлөрүнүн «жашоо» узактыгы; катуу таштандынын курчап турган чөйрөгө терс таасири; тиричилик таштандысын кайра иштетүү ыкмалары жөнүндө маалымат алуу; кыргыз элинин салт-санааларындагы жана үрп-адаттарындыгы жаратылышка аяр мамилеси жөнүндө маалымат алуу; өз өлкөсүнүн, өз регионунун, өзүнүн жеринин жаратылышынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө маалыматты пайдалануу. Жер астындагы суулардын келип чыгышы жана түрлөрү; кыртыштык жана артезиан кудуктары; минералдык жана термалдык булактар; өзөндөрдүн агынын түзүүдө; адамдын жашоо-турмушунда жер астындагы суулардын мааниси жөнүндө маалымат алуу. Жасалма көлмөлөр, алардын типтери; адам тарабынан пайдаланылышы жөнүндө; сууну пайдалануу;*

*булгануу жана экологиялык проблемаларды чечүү жолдору жөнүндө маалымат алуу. Тоо аймактарынын, бийик алкактын экосистемасынын өзгөчөлүктөрү, тоо капталдарынын жаратылыш шарттарынын ар түрдүүлүгү; бийик тоолуу облустардын адамдын ден соолугуна, жашоо шарттарына жана чарбалык ишине таасири жөнүндө маалымат алуу. Өз жеринин табигый экосистемасын сактоо боюнча чаралар жөнүндө маалымат алуу.*

**Өзүн өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү** – *түрдүү тоо тектерин тышкы түрү, катуулугу, тыгыздыгы, тиричиликте пайдаланылышы боюнча салыштыруу; тоо тектеринин келип чыгуу схемасын түзүү. Тоо тектерин тышкы белгилери жана келип чыгышы боюнча айырмалоо, «Тоо тектеринин касиеттери жана колдонуу» деген таблица түзүү.*

*Жалбырактын түшүшүнө байкоо жүргүзүү, түшкөн жалбырактардын гумуска айлануусу боюнча эксперимент жүргүзүү, натыйжасын байкоо жүргүзүү күндөлүгүнө белгилөө. Топурактын курамдык бөлүктөрүн аныктоо боюнча эксперимент жүргүзүү, натыйжасын таблицага жазуу. Суунун бир абалдан экинчи абалга өтүүсү боюнча эксперимент жүргүзүү; суунун айланышынын моделин түзүү. Заттардын эриши жана эритме даярдоо боюнча эксперимент жүргүзүү; түрдүү заттардын эритмелерин салыштыруу; эрүүчү жана эрибөөчү заттарды аныктоо. Булактын моделин түзүү; ичүүчү сууну тазалоо боюнча эксперимент жүргүзүү; жаратылыштагы табигый чыпкалануу; сууну тиричиликте чыпкалоо; тиричиликте сууну үнөмдүү пайдалануу боюнча эксперимент жүргүзүү. Өз жериндеги жандуу жаратылыштын өкүлдөрүнө байкоо жүргүзүү, байкоолорун күндөлүккө жазуу, өзгөчөлүктөрүн белгилөө, баяндап жазуу. Жаратылыштагы жана өзүнүн айланасындагы тамак-аштын өз ара байланышына байкоо жүргүзүү жана белгилөө; тамак-аш чынжырчасынын жана тармактарынын схемасын түзүү; оюн аркылуу организмдердин тамак-ашка карата өз ара байланыштарын моделдөө. Өзүнүн мектебинин/үйүнүн жанындагы аймакта ар түрдүүлүктү коргоо жана калыбына келтирүү боюнча план түзүү; канаттуулар үчүн бадалдарды, курт-кумурскалар үчүн гүлдөрдү отургузуу боюнча акция уюштуруу, канаттуулар үчүн жем салгыч жана уя жасоо. Өзүнүн калктуу конушунун мисалында бак-дарак породаларынын жабыркоосун аныктоо; «Жашыл өсүмдүктөрдүн аянтынын азаюу себептери» деген таблица түзүү. Өзүнүн короосунда жана үйүндө мектеп аймагына таштандыны бөлүштүрүү боюнча практикалык иш жүргүзүү; «Таштанды реестри» деген таблица түзүү. Мектеп жанындагы жапайы жаратылыштын участогун калыбына келтирүү боюнча план түзүү, этикет-*

*калар боюнча КР минералдуу сууларынын курамын иликтөө; таблица түзүү. Карта менен практикалык иш жүргүзүү, «сырттан» саякат жасоо; өзөн жана суу сактагычтын шайкештигин табуу; маалымдоо үчүн материалды тандоо жана иштеп чыгуу. Өз регионунун тоолорундагы комплекстеринин алмашуусун аныктоо; түрдүк курамын салыштыруу; организмдердин байырлоо шарттары; өсүмдүктөр менен жаныбарлардын адаптациялык жөндөмдөрү; өз жеринин мисалында бийиктик алкактуулуктун схемасын түзүү; бийиктик алкактуулугун моделдөө; экологиялык десант жүргүзүү планын иштеп чыгуу.*

***Социалдык-коммуникативдик*** *– КР тоо тектеринин коллекциясы менен иштөөгө даяр болуу; КР тоо тектеринин көп түрдүүлүгүн баалоо, тоо тектеринин өздүк коллекциясын түзүүнү каалоосу; практикалык иштерди жүргүзүүдө топто биргелешип иштөө, адамдын жана коомдун турмушунда тоо тектердин мааниси жөнүндө жыйынтык жасоо. Өсүмдүктөрдүн сакталышы жана топурактын күрдүүлүгүнүн жогорулашы үчүн жалбырак түшүүнүн маанисин негиздүү жүйөлөштүрүүгө даяр болуу; адамдын турмушундагы топурактын маанисин баалоо, тиричиликте, мектеп алдындагы участокто топурактын күрдүүлүгү жөнүндө билимди колдонуу ниетин көрсөтүү; адамдын жашоо-турмушунда топурактын маанисин баалоо, «жер адамды багат» деген макалды жүйөлүү түшүндүрүү. Практикада колдонуу үчүн топурактын күрдүүлүгү жөнүндө билимди колдонуу; өзүнүн ден соолугун сактоо үчүн жер семирткичтердин жана уулуу химикаттардын зыяндуу таасири жөнүндө билимди колдонуу. Өздүк жашоосунда суунун маанисин түшүнүүгө даяр болуу; ден соолукту сактоо үчүн суунун түрдүү абалын пайдалануу. Эксперимент жүргүзүүдө командада биргелешип иштөө; заттын эригичтиги, негизги табигый эриткич катары суунун ролу жөнүндө жыйынтык жасоо; тиричиликте эритме даярдоо үчүн суунун касиетин колдонууга даяр болуу. Моделдерди түзүүдө, эксперимент топто биргелешип иштөөгө даяр болуу; ичүүчү сууга аяр мамиле жасоо; практикада сууну тазалоо ыкмалары жөнүндө билимди колдонуу. Үгүт баракчаларды, плакаттарды жасалгалоо, ичүүчү сууну үнөмдөө боюнча топто биргелешип иштөө, өз жеринде көлмөлөрдү тазалоо боюнча акцияларга активдүү катышуу. Экскурсиялык тапшырманы аткаруу, байкоо жүргүзүүнүн натыйжаларын жасалгалоо жана презентациялоо боюнча топто биргелешип иштөө; өз жериндеги чөйрөнүн шарттарына тирүү организмдердин ыңгайлашуусу жөнүндө жыйынтык жасоо. Жаратылыш жамааттарында билдирүүлөрдү даярдоодо командада биргелешип иштөө; жаратылыш жамааттарынын бүтүндүгүн сактоо зарылдыгы жөнүндө өзүнүн позициясына жүйөлүү туруу.*

*Мектеп алдындагы участкада, өз короосунда жана жакынкы аймактарда биологиялык түрлөрдү калыбына келтирүү боюнча акцияларды жүргүзүүгө активдүү катышуу. Жашыл өсүмдүктөрдү коргоо жана көбөйтүү боюнча акцияларга активдүү катышуу; адамдын жашоосунда жана жаратылышта «жашыл достордун» ролу жөнүндө жыйынтык жасоо; аларды чечүү жолдорун сунуштоо.*

*Кайталап пайдалануу үчүн экинчи жолу иштетилүүчү сырьёну, буюмдарды чогултуу боюнча акцияларга, мектепте ишембиликтерди өткөрүүгө активдүү катышуу. Жакынкы курчап турган табигый чөйрөнүн участкаларынын планын калыбына келтирүүнү иштеп чыгуу боюнча топто биргелешип иштөө; табигый жаратылыш чөйрөсүн коргоо жана калыбына келтирүү боюнча өзүнүн сунуштарын негиздүү жүйөлөштүрүү; жаратылышка аяр мамиле жасоону үгүттөөгө активдүү катышуу. Эксперимент жүргүзүүдө топто биргелешип иштөөгө даяр болуу; жер астындагы суулардын ар кандай түрлөрүнүн келип чыгышын негиздүү жүйөлөштүрүү; адамдын жашоосунда жер астындагы суулардын маанисин баалоо; алынган билимдерди жеке турмушунда колдонуу. Адамдын жашоосунда жасалма көлмөлөрдүн маанисин баалоого даяр болуу; чыгармачыл тапшырманы аткарууда жана презентациялоодо топто биргелешип иштөө; өз үйүндө ичүүчү сууну үнөмдүү пайдалануу үчүн жоопкерчилик тартуу. Тоо аймактарынын жаратылыш шарттарын, климатты түзүүгө алардын таасирин, адамдын тирчилигинин жана чарбалык ишинин өзгөчөлүктөрүн баалоого даяр болуу; топто бийик тоолуу аймактардын экологиялык проблемаларын талкуулоо; тоо капталдарын жашылдандырууга жана аларды тиричилик таштандысынан тазалоого катышуу.*

## Сыйкырчы кыш (сабак-экскурсия)

**Максат:** жандуу жаратылыштын сезондуу өзгөрүүлөрү жөнүндө балдардын билимдерин өркүндөтүү; байкагычтыгын өнүктүрүү; кыштын айырмалуу белгилерин бөлө билүү; жаратылыштын кооздугун көрө билүүгө үйрөтүү; жаратылышты сүйүүгө жана аяр мамиле жасоого тарбиялоо.

**Жабдуулар:** кар үчүн күрөкчө, канаттуулар үчүн тоют, бут кийимдин кутусунун капкагы же букет салынуучу себет, бычак, жип (мугалим).

## Сабактын жүрүшү

***Табышмакты тапкыла:***

Жалбырактар түшүп,
Күз бүткөндө келем.
Тоо-ташты, талааны жабам,
Ак шейшеп менен.
Анткени менин атым бар,
Аяздуу.......... деген. *(Кыш)*

1. Экскурсияда жүрүм-турумдун эрежелери жөнүндө нускама өткөрүү.
2. Ким күрөкчө, куту, канаттуулар үчүн жем ала келгенин аныктоо.

**Жаңы теманы түшүндүрүү**

***Аңгемелешүү***

- Бүгүн аба ырайы кандай? (Аяздуу, кар жаап турат.)
- Асманды карагыла, анын өңү кандай? (Бүркөк, бозомтук.)
- Мээлейиңерди чечип, алаканыңарды кардын үстүнө койгула.
- Эмне болду? (Кар эриди.)
- Бул эмне үчүн болду? (алакан жылуу, кар жылуулуктан эрийт.)
- Келгиле, ордубуздан басып көрөлү, таман астындагы кардын кычыраганын угабыз. Бул кардын «сүйлөгөнү». Басканда алар бут алдында жылышып, бири-бири менен тийишкенде кычыраган үн чыгарат.
- Бактарды жана бадалдарды карагыла. Алар кандай көрүнүп турат? Алар күзүндө кандай болгонун эстегиле? Айрым дарактар жашыл боюнча турушат. Аларды атагыла (бул карагай, кызыл карагай жана арча.) Айрым дарактардын бутактарын жакшылап карап ал, үйдөн алардын сүрөтүн тартасың. Парктын кайсыл жери сага көбүрөөк жагат?
- Карда издер жакшы байкалат. Бири-бириңердин өтүгүңөрдүн изин карагыла. Из боюнча кайсыл жерден басып өткөнү же токтоп турганы көрүнүп турат.
- Даракка жакындап келгиле, карасаңар, бул эмненин изи? (Тыйын чычкандын.)
- А бул эмне? (Канаттуу.)

– Тыйын чычкан күзүндө өзүнө азык камдап алган жана кышында активдүү жашоосун улантат. Айрым канаттуулар күзүндө жылуу жактарга учуп кетишкен, бирок бизде кыштап калгандары да бар.

- Карасаңар, бул сайрап отурган эмне? (Таранчы). Мына, анын издери.
- Ал эми бакта тобу менен конуп отурган бул канаттууну карагылачы? (Каргалар.) Каргалар кышында эч бир кыйынчылыксыз эле тамак таап жешет, ал эми таранчыларга кыйыныраак болот. Ага жардам берелиби?

**Практикалык иш**

- Ыңгайлуу дарак таап, ага өзүбүз жасап келген жем салгычыбызды илебиз, ага дан салып, байкап турабыз. Чуркоого жана кыйкырууга болбойт, антсек канаттуулар коркуп, келбей коюшат.
- Кар бардык жерлерде эле калың эмес. Келгиле, сызгычтын жардамы менен дарактын түбүндөгү жана ачык талаадагы кардын калыңдыгын ченеп көрөлү. Кайсыл жерде кар калың экен? (Дарактын түбүндө.)
- Дарактын түбүндөгү карды күрөйлү. Куурап калган чөптөрдүн арасында жаңыдан өсүп келаткандары да байкалат.
- Кар жерди жууркандай жаап, өсүмдүктү тоңуп калуудан сактайт. Кардын астында өсүмдүктөргө жылуу болот.
- Кардын үстүндө жаткан карагайдын тобурчактарын, бутактарды жыйнагыла. Булар кийинки сабакта бизге керек болот.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

1. Эмне үчүн бак-дарактар жана бадалдар жалбыраксыз калды? (Күзүндөгүгө караганда суук боло баштады.)
2. Кайсы дарактар мурункудай эле жашыл боюнча турат жана эмне үчүн? (карагай, кызыл карагай, арча.)
3. Эмне үчүн чөп кар алдында жашыл боюнча турат? (Кар аны аяздан сактайт.)
4. Экскурсиянын жыйынтыгы боюнча таблицаны толтургула.
5. Бир жазуучунун кыш жөнүндөгү аңгемесин окугула.

| Жаныбарлар | Эмне кылышты? | Эмне менен тамактанышат? |
|---|---|---|
| | | |
| | | |

## § 17. Сыйкырчы кыш

**Максат:** сезондук өзгөрүүлөрдүн ырааттуулугун балдардын түшүнүүсүнө жардам берүү; адамдын эмгек ишинин сезондук өзгөчөлүктөрүн көрсөтүү; жыл мезгилдеринин белгилерин айырмалоого үйрөтүү; канаттууларга жана тыйын чычкандарга камкордук көрүүгө үйрөтүү; жаратылышты сүйүүгө жана аяр мамиле кылууга тарбиялоо.

**Жабдуулар:** окуу китептери, жумушчу дептерлер, түстүү карандаштар, дубалга илме календарь.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөндөрдү кайталоо**

**Мугалим:** Өткөн сабакта биз силер менен экскурсияга баргaнбыз. Дептериңерди ачкыла, кандай сүрөттөрдү тартканыңарды көрөйүн. Азаматсыңар! Эми табышмактарды уккула жана алар биз өтүп жаткан темага туура келер-келбесин айткыла.

Каалгып учат жылдызча, токтоп турбай бир азга.
Алаканга түшкөндө, эрип кетет заматта. *(кар бүртүгү)*

Элексиз элеп, даяр ун берет,
Жебейбиз аны, бирок турмушта керек.
Ар жылда келет, бул эмне делет? *(кар)*

Сыйкырлаган жөнөкөй,
Сууну музга айлантып,
Жалтылдатат жолдорду,
Кемпир-чалды тайгалтып.
Сүрөт тартат айнекке,
Көргөндөрдү таң калтып. *(аяз)*

Жыл бою коробкада жатат,
Жаңы жылда ёлканын көркүн ачат. *(ёлканын оюнчуктары)*

**Суроолор**

1. Бул табышмактар жылдын кайсыл мезгили жөнүндө?
2. Кышында жаратылышта кандай өзгөрүүлөр болуп өттү?
3. Кар өсүмдүктөр үчүн кандай мааниге ээ?
4. Эмне үчүн кышында канаттууларды жана тыйын чычкандарды кошумча азыктандыруу керек?

**Жаңы теманы түшүндүрүү**

**Мугалим:**

1. Күзгү айларды эстегиле жана атагыла.
2. Январдан кийин кайсыл ай келет?
3. Кышкы үч айды атагыла.
4. Эмне үчүн кыш сыйкырчы деп аталат?

**Окуу китеби менен иштөө**

1. Кар бүртүгүн карагыла, аларды өз ара салыштыр. Алардагы жалпылыкты белгиле.
2. Ар бир кар бүртүгүндөгү бурчтарды эсептегиле. Алар канча? ( алты).
3. Өзүңөрдүн сүрөтүңөрдү окуу китебиндеги сүрөт менен салыштыргыла. Өзүңөрдүн катаңарды тапкыла. Эми сүрөттөрдөгү издерди карагыла. Бул издер кайсы жаныбарга таандык?

– Китепте кышты ар ким өзүнүн ыкмасы менен жазат. Адамдар ушул белгилерди көздөрү менен таанууга үйрөнөт. Ал эми жырткычтар болсо мурду менен окуйт. Ит, мисалы, кыштын китебиндеги тамгаларды жыттап көрөт жана «бул жерде карышкыр болуптур» же «бул жерден коён чуркап өтүптүр» деп окуйт. Ошентип, жырткычтардын мурду өтө эле сабаттуу болуп, эч нерседен жаңылбайт. Экскурсиядан биз эмнелердин издерин көрдүк? (Тыйын чычкандын, таранчынын, карганын)

– Н. Юрковдун ырын уккула.

**Бөжөктү таарынтпагыла**

Кышында токойго барган киши,
Карда калган изди көрөт.
Ал издин ээси,
Сереңдеп чуркаган бөжөк.
Карагайды жана кайыңды,
Дүмүрдү жана дөбөнү,
Айлана берген бул издин
Эмне экенин көрөлү.
Ушул сереңдеген чунак,
Минтип жазыптыр окусак курап:
*«Таарынтсаң да бөлөктү,*
*Таарынтпагын бөжөктү».*

1. Сүрөттөрдөн кайсы жаныбарларды көрүп турасыңар? Силерге тааныш жаныбарларды ата. Алар кандай кыштаарын сүрөт боюнча айтып бергиле.
2. Эмне үчүн «бөжөктү таарынтууга» болбойт?
3. Шаардын көчөлөрүнөн карды эмне үчүн тазалашат? Жөө кишилер баскан жолго эмнеге кум себишет?
4. Айылдагы элдер кышкысын эмне иш жасашат?

**Практикалык иш**

**Мугалим:**

1. Кыш мезгилинде адамдын организми жылуулуктун, күн нурунун, витаминдердин жетишсиздигин сезет. Кышында өз ден соолугуңарга кандайча кам көрүү керектигин айтып бергиле.
2. Кыш мезгилинде колдонуу зарыл болгон азыктарды атагыла. Эмне үчүн ушундай деп ойлойсуңар?

**Сабакты жыйынтыктоо:**

1. Кышында жаратылышта кандай өзгөрүүлөр болуп өттү?
2. Төмөндө кайсыл айлар жөнүндө айтылып жатат:
   - «Кыштын башталышы, жылдын аякталышы» (декабрь).
   - «Жылдын башы – кыштын ортосу» (январь).
   - «Кышты бүтүрөт, көктөмгө күтүнөт» (февраль).
3. Жаныбарлар кышка кандайча ыңгайлашат?
4. Кыштын келиши менен адамдын турмушунда эмнелер өзгөрдү? Кандай кийинишет? Кандай тамактанышат? Кандай эс алышат?
5. Кыштын түшүшү менен эмне үчүн шаардагы жана айылдагы адамдардын иштеген иштери өзгөрөт?

**Үй тапшырмасы**

## § 18. Кыргызстан – тоолордун өлкөсү

**Максат:** Кыргызстандын жаратылышы жөнүндөгү балдардын түшүнүктөрүн кеңейтүү; туулган жерине карата балдардын жакшы көрүүсүн тарбиялоо; жаратылышка аяр мамиле жасоо.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын физикалык картасы; КР жаратылышынын сүрөттөрү, адабий чыгармалар.

## Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөндөрдү кайталоо**

1. Тизмеден жаратылыштын кышкы кубулуштарын белгилегиле: жалбырак түшүү, чагылгандуу жаан, бурганак, жамгыр, кардын жаашы, тайгалак, алмалардын гүлдөшү, күндүн жылышы, суунун шылдырашы.
2. Сүйлөмдү толуктап жазгыла: Жалбырактуу дарактар жана бадалдар бүткүл кыш бою ____________ турушат.
   Алардын айрымдарында ____________ сакталат.
   Көпчүлүк ____________ жалбырактары түшпөйт.
3. Төмөнкүлөрдү белгиле – кышында көрө алдыңарбы:

| | | |
|---|---|---|
| Курт-кумурскаларды | ооба | жок |
| Кескелдириктерди | ооба | жок |
| Тыйын чычканды | ооба | жок |
| Баканы | ооба | жок |
| Таранчыны | ооба | жок |

4. Кандай кышкы жумуштарга катышканыңарды жазгыла?
5. Кышында эмне киесиңер? ____________.
6. Эгерде өтө эле жылуу кийинип алсаңар эмне болот? ____________.
7. Эмне үчүн өтө жеңил кийинүүгө болбойт? ____________.

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалим**: Доскадан сабактын темасынын аталышын окугула.
1. Биз бүгүн эмнелер жөнүндө айтабыз?
2. Келгиле, жаратылыш деп эмне аталарын эстейли?
3. Жандуу жаратылышка эмнелер кирет, ал эми жансыз жаратылышкачы?
4. Тирүү жандык жансыз жаратылыштын предметтеринен эмнеси менен айырмаланат?
5. «Жаратылышта бардыгы өз ара байланышта» деген сөздү силер кандайча түшүндүрүп бере аласыңар?
6. Адамдар үчүн жаратылыш кандай мааниге ээ?

**Мугалим:** Биз Кыргызстанда жашаганыбызга сыймыктанабыз. Кыргызстандын жаратылышы эң бир кооз жана кайталангыс. Биздин өлкөнүн жаратылышынын сүрөтүн карагыла. Мүмкүн силерге ушул жерлер тааныш болуп жүрбөсүн? Кимиңер жайында тоолордо болдуңар эле? Тоо жөнүндө айтып бергиле.

Жайында ким Ысык-Көлдө болгон? Эмне үчүн Ысык-Көл – Кыргызстандын бермети деп аталат? Картаны карагыла. Карта өтө көп нерсени айтып бериши мүмкүн. Биздин өлкөнүн картасында кайсыл түс көп? Эмне үчүн?

Кыргызстан – тоолуу өлкө. Тоо чокуларын жыл бою зор көлөмдөгү мөңгүлөр каптап жатат.

Эмне үчүн биздин тоолордун баштарындагы мөңгүлөр жайында да кетпейт?

**Окуу китеби менен иштөө**

Мугалим окуучуларга көз алдына элестетип, жооп берүүсүнө төмөнкүлөр сыяктуу суроолорду берет:

- Сүреттөрдү карап, чабандар жайында эмне иш жасашаарын айтып бергиле?
- Аялдар эмне жумуш аткарышат? Балдарчы?
- Түнкүсүн кой короону ким кайтарат?
- Эмне үчүн боз үй тоолордо эң ыңгайлуу турак жай болуп эсептелет?
- Бийиктеген сайын тоо өсүмдүктөрү кандай өзгөрөрүн айтып бергиле.
- Дөбөнүн тоодон айырмасы эмнеде?
- Аныктама берүүгө аракеттенгиле: тоолор – бул…
- Окуу китебинен аныктаманы тапкыла жана өзүңөрдүн айтканыңарды текшергиле.

**Мугалим:** Окуу китебинин жардамы менен төмөнкү суроолорго жооп тапкыла: Тоо кыркалары деп эмне аталат? Дептерге тоолордун схемасын чийгиле. Анын бөлүктөрүнүн аталыштарын алдына жазгыла.

**КР картасы менен өз алдынча иштөө.** Тоо кыркаларынын аталышын таблицага жазгыла; аларды картадан көрсөтө билгиле.

| Тоолор | Кайда жайгашкан? |
|---|---|
| Кыргыз кырка тоосу | Бишкектин чеке-белинде |
| | |

1. Өлкөбүздүн борбору – Бишкек шаарын курчап турган тоолордун аталышын окугула.
2. Ысык-Көлдү түндүктөн жана түштүктөн курчап турган тоолорду атагыла. Алар жөнүндө кандай уламышты окугансыңар же уккансыңар?
3. Кайсы тоо кыркасы өлкөбүздүн түштүгүндө, Кытай менен чек арасында созулуп жатат?
4. Фергана өрөөнүнүн чыгышындагы тоо кыркасы кандай аталат?
5. Кыргызстандын картасынан эң бийик чокуну тапкыла. Ал кайда жайгашкан – өлкөнүн чыгышындабы же батышындабы? Бул чоку эмне деп аталат?

**Сабакты жыйынтыктоо:**

1. Кыргызстандын жаратылышынын өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Эмне үчүн ийне жалбырактуу дарактар тоолордо жалбырактуу дарактардан жогору жакта өсөт?
3. Тоолордо адамдардын жашоосунун жана иштеринин өзөчөлүктөрү жөнүндө айтып бергиле.

**Үй тапшырмасы**

## § 19. Кыргызстандын түздүктөрү

**Максат:** Кыргызстандын жаратылышы жөнүндөгү балдардын түшүнүктөрүн кеңейтүү; туулган жерине карата балдардын жакшы көрүүсүн тарбиялоо; жаратылышка аяр мамиле жасоо.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын физикалык картасы; КР жаратылышынын фотографиялары, сүрөттөрү, адабий чыгармалар.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөндөрдү кайталоо**

1. Эмне үчүн Кыргызстанды тоолуу өлкө деп аташат? Тоолордун жаратылыштарынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып бергиле.
2. Кыргызстандын түндүгүндөгү тоо кыркаларын атагыла жана көрсөткүлө.
3. Фергана жана Чоң-Алай тоо кыркалары кайда жайгашкан? Аларды картадан көрсөткүлө. Чоң-Алай тоо кыркалары кайсы тоо системасына кирет?
4. Түздүктө жашаган адамдардын эмгеги жана жашоосу тоодо жашагандардан кандайча айырмаланат? Силер сырт жөнүндө эмне билесиңер?
5. Чыгармачыл иштерди баалоо.

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалим:** Бүгүн биз өлкөбүздүн картасы менен иштөөнү улантабыз. Картадагы түрдүү түстөр кургактыктын бийиктигин көрсөтөрүн билесиңер. Мекенибиздин картасында күрөң түс көп. Эмне үчүн?

**Окуу китеби менен иштөө.** Түздүктөр тоолордон эмнеси менен айырмаланат? Сүрөт боюнча түздүктү баяндап жазгыла. Түздүккө аныктама берүүгө аракеттенгиле. Өзүңөрдү окуу китеби боюнча текшергиле.

**Өз алдынча иштөө**

**КР картасы менен иштөө**

Тоолуу өрөөндөрдүн аталышын таблицага жазгыла; аларды картадан көрсөтүүнү үйрөнгүлө.

| **Өрөөндөр** | **Кайда жайгашкан?** |
|---|---|
| Фергана өрөөнү | Түштүк-батышта (Ош ш.) |
| | |

1. Ош шаары жайгашкан өрөөн кандайча аталат?
2. Кайсыл өрөөн Ысык-Көлдүн кылаасында жайгашкан?
3. Нарын шаары кайсыл өрөөндө жайгашкан?
4. Бишкек шаары турган өрөөн кандай аталат?
5. Талас шаары жайгашкан өрөөн кандай аталат?
6. Алай өрөөнү кайсыл тоо кыркаларынын ортосунда турат? Кыргызстанда кимди «Алай ханышасы» деп аташкан?

**Сабакты жыйынтыктоо**

1. Түздүктөр деп эмне аталат?
2. Формасы боюнча кандай тегиздиктерди түздүктөр деп аташат?
3. Тоолуу өлкөлөрдө түздүктөр эмне деп аталат?
4. Нарын шаары кандай түздүктө жайгашкан?
5. Кайсы түздүк Ысык-Көлдү курчап турат?
6. Бишкек шаары кандай түздүктө жайгашкан?

**Үй тапшырмасы**

## § 20. Кыргызстандын пайдалуу кендери

**Максат:** окуучулардын изилдөө жүргүзүү, окуу китеби, карта менен иштөө билгичтигин өнүктүрүү; окуучуларды КР пайдалуу кендеринин ар кандай түрлөрү жана алардын айрым касиеттери, аларды казуу ыкмалары менен, пайдалуу кендерди казуучу адамдардын кесиптери менен тааныштыруу.

**Жабдуулар:** тоо тектеринин коллекциясы жана үлгүлөрү, лупа, КР физикалык картасы.

## Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

1. Түздүктөр деп эмне аталат?
2. Кыргызстандын түндүгүндөгү түздүктөрдү атагыла жана көрсөткүлө.
3. Кыргызстандын кайсы өрөөндөрү калган бардык өрөөндөрдөн бийик турат? Аларды картадан көрсөткүлө.
4. Эмне үчүн Нарын өрөөнүн күнөстүү деп аташат?
5. Эмне үчүн Нарын өрөөнүнө пахта айдашпайт?
6. Түздүктөгү элдер эмне иш жасашаарын айтып бергиле.
7. Эмне үчүн түздүктөрдүн бетин сактоо керектигин түшүндүргүлө. Биздин жергебиз таза жана кооз болушу үчүн эмне жасай аласыңар?
8. Чыгармачыл иштерди баалоо.

**Жаңы теманы үйрөнүү.** Мугалимдин столунда – бор, туз, көмүр.

**Мугалим:**

1. Балдар, курулуш үчүн адамдар кандай материалдарды пайдаланат деп ойлойсуңар? Аларды кайдан алышат?
2. Силер отундун кандай түрлөрүн билесиңер?
3. Металл кандай алынат, алар кайда пайдаланылат?

**Табышмакты тапкыла:**

- Кантай ак, оозго салсаң ачуу, ойлонуп тап. (Бор)
- Каралыгы түндөй, бирок жылытат Күндөй. (Көмүр)
- Адегенде сууда туулат, андан кийин суудан коркот? (Тоңгон муз)

**Мугалим:**

- Көмүр кайда пайдаланылат? Аны кантип казышат?
- Бор кандай пайдаланылат?
- Туз кайда пайдаланылат жана кайдан казылып алынат?
- Силер тапкан сөздөрдүн маанисин бир сүйлөмгө бириктиргиле. Эмне келип чыкты? (Тоо тектери.) Дагы кандай тоо тектерди билесиңер? Силердин бутуңардын астында жаткан пайдалуу кендерди атагыла. (чопо, кум.) Аныктама бергенге аракеттенгиле. Пайдалуу кен деп эмне аталат? Окуу китеби боюнча өзүңөрдү текшергиле.

**Окуу китеби менен иштөө.** Коллекциядагы пайдалуу кендердин үлгүлөрүн карагыла. Окуу китебинин сүрөттөрүн пайдалануу менен алардын аталышын аныктагыла. Окуу китебинин текстин пайдалануу менен

кен деп эмне аталарын түшүндүргүлө. Пайдалуу кендерди чалгындаган жана изилдеген адамдар жөнүндө окугула.

**Чакан топтордогу практикалык иш.** «Граниттин касиеттери жана аны бузуу продуктулары». Мугалим тапшырма үчүн алдын ала бир топ карточкаларды даярдайт.

Көңүл коюп карагыла: гранит, көмүр, бор. Алар кандай бөлүкчөлөрдөн турат? Түсүн, жылтылдагын, катуулугун, тунуктугун аныктагыла. Маалыматтарды таблицага жазгыла:

| Аталышы | Түсү | Жылтылдагы | Катуулугу | Кайда колдонулат? |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |

***Кум менен чопонун касиеттерин салыштыргыла.*** Алар сууда эрий турганын же эрибесин тактагыла. Кум же чопо сууну жакшы кармаарын аныктагыла. **Тажрыйба жүргүзөбүз.**

**1-тажрыйба.** Суу куюлган эки стакан алгыла. Бирине кум, экинчисине чопо салгыла. Аралаштыргыла. Алар сууда эрийт бекен? Кайсынысы стакандын түбүнө тезирээк чөгөт – кумбу же чопобу? Кум жана чопо сууну кандай өткөрөрүн аныктагыла.

**2-тажрыйба.** Эки стакан алып, (100 г) аларга чыпкасы бар куйгучту койгула. Куйгучтун бирине кургак кум, экинчисине – чопо салгыла. Үстүнө жарым стакан суу куйгула. **Жыйынтык чыгаргыла.**

**Кубулушту түшүндүргүлө:** айрым чополуу чыйыр жолдордо суу жамгырдан кийин узакка турат, ал эми айрымдарында тез эле сиңип кетет. Бул эмне менен байланышкан?

Акиташты көңүл коюп карагыла. Анын келип чыгышы жөнүндө кандай божомолду айта аласыңар? Эмне үчүн биздин тоолуу өлкөдө акиташтын кендери бар?

**Мугалим:** Кыргызстан пайдалуу кендерге бай. Карта боюнча кайсыл пайдалуу кендер биздин өлкөнүн аймагында бар экенин аныктагыла. Бул үчүн картанын уламышын окугула. Иштөө ыңгайлуу болсун үчүн дептердин сол жагындагы мамычасына төмөнкүлөрдүн белгилөөлөрүн тарткыла: көмүр, алтын, калай, күкүрттүү колчедан, темир кени, нефть. Карта боюнча өлкөбүздүн кайсыл регионунда көмүрдүн, нефтинин, темирдин, сурьманын, алтындын кени бар экенин аныктагыла. Оң жактагы мамычага алар чыккан жерлердин аталышын жазгыла.

**Сабакты жыйынтыктоо**

1. Пайдалуу кендер деп эмне аталат?
2. Кайсы кесиптеги адамдар пайдалуу кендерди изилдешет?
3. Акиташ кайдан пайда болот?
4. Чопо кайда колдонулат?

## Эмне үчүн тоолор урайт?

**Максат:** тоо тектеринин урашы жөнүндө маалымат берүү; ушул процесстин маанисин көрсөтүү.

**Жабдуулар:** граниттин жука сыныгы, спиртовка, муздак суу куюлган стакан, «Тоо тектердин урашы» таблицасы, Жети-Өгүздүн, Коңорчок капчыгайынын сүрөтү.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

Мугалим табышмак жазылган карточкаларды алдын ала даярдайт. Варианттар боюнча жазуу жүзүндө иштерди жүргүзөт. Табышмактарды тапкыла, пайдалуу кендерди чарбалык колдонуу жөнүндө айтылган фрагменттерди дептерге жазгыла.

**1-вариант**

- Өсүп турган сазда, өсүмдүк эле башта,
  Эми отун, жер семирткич болот чачса. *(чым көң)*
- Кебетеси кара таш,
  Өңүндө жок сулуулук.
  Бирок катуу аязда,
  Элге берет жылуулук. *(көмүр)*

- Үйлөрдү каптап, эстелик жасайт,
  Андай бекем таш көчөдө жатпайт. *(гранит)*

- Болот дайым класста,
  Окуучулар колдонот.
  Из калтырып доскага,
  Мугалим жазса ойдолойт. *(бор)*

- Сайда чачылып жатат,
  Көл жээктеп элдер үстүнөн басат.
  Курулушка абдан керек,
  Ал түгүл эритип айнек жасайт. *(кум)*

**2-вариант**

- Болот бардык үйлөрдө,
  Түсү көгүш күйгөндө. *(газ)*

- Ансыз бир да машина жүрбөйт,
  Аны куйсаң самолёт да учат күүлдөп. *(нефть)*

- Жерде жатса бутуңа жабышат,
  Андан жууруп, чыны, ваза жасап алышат. *(чопо)*

  Отко бышса как болот, дубалга сүртсө ак болот. *(акиташ)*

- Домна мешинде кайнайт,
  Андан жасалган бычактар, кайчылар жайнайт. *(кен)*

**Мугалим:** Өткөн сабакта биз адам өзүнүн турмушунда колдонгон пайдалуу кендер жөнүндө билгенбиз. Өзүңөрдүн коллекцияңардагы кайсыл тоо тек эң катуу болгонун эстегиле? Чопо кандай болду эле? Кумчу? Кум жана чопо кандайча түзүлөөрүн ким айтып бере алат? Көпшөк чопо катуу тоо тектеринен пайда болоруна ишенүү үчүн тажрыйба жүргүзөбүз.

**Тажрыйба**

Граниттин кичинекей сыныгын алалы. Аны спиртовканын жалынына кармап ысыталы, андан кийин муздак суу куюлган стаканга салалы, андан кийин кайрадан ысыталы жана гранитти кайрадан муздак сууга салалы. Муну бир нече жолу кайталайлы. Ташты сындырууга аракеттенели. Ал колдо оңой эле үбөлөнө баштайт. Эмне үчүн мындай болот? Келгиле, аны окуу китебинен окуйлу. (Окуу китеби менен иштөө.)

**Мугалим.** Окуу китебинен биринчи абзацты окугула. Эмне үчүн күн ташты бузат? – деген суроого жооп берүүгө аракеттенгиле.

**Өз алдынча иштөө**

Окуу китебиндеги сүрөттөрдү көңүл коюп карагыла. Эмне үчүн тоолордун аскаларына терең жаракалар түшүп, ортолору ажырап калган деп ойлойсуңар? Окуу китебинин текстин пайдалануу менен «Таштар кандайча бузулат?» деген таблицаны толтургула. Бири-бириңерди текшергиле.

| **Себептери** | **Эмне болуп өтөт?** |
|---|---|
| Күн | Күндүз ысып, түнкүсүн муздайт, жаракалар пайда болот. |
| Муз | |
| Өсүмдүк | |
| Суу агымдары | |

**Сабакты жыйынтыктоо:**

- Эмне үчүн күн таштарды бузат?
- Таштарды бузууда суу кандай мааниге ээ?
- Эмне үчүн өсүмдүктөр аскалардын урашын тездетиши мүмкүн?
- Кайсыл тоо тектери тоо тектеринин урашынын натыйжасында пайда болот?

## § 21. Топурактын пайда болушу жана анын курамы

**Максат:** топурактын негизги касиеттерин жана анын курамын тактоо; топурактын жаралыш процесстери менен окуучуларды тааныштыруу.

**Жабдылышы:** колба же стакан, спиртовка, лабораториялык айнек, топурактын үлгүлөрү.

### Сабактын жүрүшү

**Өткөн материалды кайталоо**

1. Ысууда жана муздоодо тоо тектери менен эмнелер болуп өтөт? Муну кайсыл тажрыйба ырастайт?
2. Тоолорду күн кандайча бузат?
3. Таштардын бузулушунда муз кандай мааниге ээ?
4. Эмне үчүн өсүмдүктөр тоо тектеринин бузулушун тездетет?
5. Суу агымдары кандай иштерди жүргүзөт?

**Мугалим:** Окуу китебинен топурактын жаралышы жөнүндөгү абзацты окугула.

- Топурактын пайда болушуна эмнелер катышат?
- Топурак деп эмне аталат? Топурактын негизги касиеттерин атагыла.
- Топурактын күрдүүлүгү эмнеге жараша болот деп ойлойсуңар? Топурактын курамына эмне кирерин билүү үчүн тажрыйба жүргүзөбүз.

**1-тажрыйба**

Бир стакан суу алып, ага бир аз топурак салабыз. Силер эмне көрдүңөр? (*Топурактан аба бүртүкчөлөрү чыгат.*) Кандай жыйынтык чыгарса болот?

**2-тажрыйба**

Бир аз жаңы топуракты отко ысыталы. Топурактын үстүнө муздак айнекти кармайбыз. Айнекте суу тамчысы пайда болду. ***Жыйынтык чыгаргыла.***

**3-тажрыйба**

Топуракты спиртовка менен ысыталы. Эмнени көрдүңөр жана сезип турасыңар? (*түтүн жана жагымсыз жыт пайда болду*). Өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын калдыктарынан түзүлгөн чиринди күйгөндөн ушундай болду. Чиринди топуракка каралжын түс берет, анын саны менен топурактын күрдүүлүгү аныкталат.

**4-тажрыйба**

Чиринди күйүп, ысыган топуракты суу куюлган стаканга салуу керек. Бир аз убакыт өткөндөн кийин түбүнө чопо жана кум чөгөт. ***Жыйынтык чыгаргыла.***


**5-тажрыйба**

Топурак салынган сууну чыпкалайбыз. Бир нече тамчыны айнекке тамчылатабыз. Айнекти оттун үстүнө кармайбыз. Суу бууланып, айнекте ак так калат. Бул туздар. Туздар – өсүмдүктөрдүн өсүшү жана өнүгүшү үчүн зарыл болгон азыктандыруучу заттар. Алар топуракта жашаган микроорганизмдердин таасиринде чириндинин натыйжасында түзүлөт. ***Жыйынтык чыгаргыла.***

***Иштин жүрүшүндө мугалим төмөнкүлөрдү доскага жазат*** (же магниттик доскага карточкаларды илет): аба, суу, чиринди, чопо, кум, туздар, микроорганизмдер. Схемасын түзөбүз.

**Мугалим:** Схеманы окугула. Топурактын курамына эмнелер кирет? (Балдар схема боюнча санашат).

***Дептерге схеманы чийгиле***




**Сабакты жыйынтыктоо:**

1. Топурак деп эмне аталат?
2. Топурактын күрдүүлүгү эмнеге жараша болот?
3. Топурактын күрдүүлүгүн жакшыртууда жаныбарлардын ролу кандай?
4. Топурактагы азыктандыруучу заттардын запасы кандайча толукталат?
5. Топурактын курамына эмне кирет?

**Үй тапшырмасы**

## § 22. Кыргызстандын топурагы. Топурактын мааниси

**Максат:** өсүмдүктөр үчүн топурактын күрдүүлүгүнүн маанисин көрсөтүү; топурактын курамынын өзгөчөлүгү менен тааныштыруу; топурактын катмарынын туруктуу эместигине жана адамдын бузуучулук ишине окуучулардын көңүлүн буруу.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын жаратылышынын сүрөттөрү, Кыргызстандын физикалык картасы, КР топурагынын коллекциясы.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

1. Топурак деп эмне аталат?
2. Топурактын курамына эмне кирет?

3. Топуракта аба, суу, чиринди, кум, чопо жана туздар бар экендигин кантип далилдөөгө болот?
4. Кандай тирүү жандыктар топуракта жашайт жана алар анын күрдүүлүгүнө кандайча таасир этет?
5. Топурак кандайча түзүлөт?
6. Кара топурак жөнүндө маалыматтар.

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалим:** Биз топурактын үстүндө басып жүрөбүз, бирок ал адамдын жашоосунда канчалык чоң мааниге ээ экендиги жөнүндө көп деле ойлонбойбуз. Эгерде топурак болбосо дасторконубузда нан да, жашылча да, мөмө-жемиш да болмок эмес. Эмне жөнүндө сөз болуп жатканын ойлонгулачы? Эмне үчүн топуракты ***«Жер эне. Жер адамды багат»*** дешет?

**Окуу китеби менен иштөө**

**Мугалим:**

1. Топурак өсүмдүктөргө эмне берет?
2. Жаныбарлар топурактын күрдүүлүгүн кандайча жогорулатарын айтып бергиле. Кайсыл топурак эң күрдүү?
3. Тоо капталдары кандайча айдалат?
4. Окуу китебиндеги текстти окугула. Топурак жөнүндө жаңы эмнелерди билдиңер?

**Өз алдынча иштөө**

**Мугалим:** Кыргызстандын топурагынын картасы түрдүү түстө болушу, бизде тоолордун көп болгондугунан. Тоолордун ар түрдүү капталдарындагы топурак ар түрдүү. Бизде кара топурак дээрлик жок, ал ысык, кургак климатта пайда болбойт. Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн топурактары кандайча аталарын карта боюнча аныктагыла? Фергана өрөөнүнүн топурагы кандай? Күрөң топуракта чиринди аз болот, бирок ал минералдык туздарга бай. Туура пайдаланганда ушул топурак жашылчадан жана буудайдан мол түшүм берет. Тоо өрөөндөрүнүн жана тоо капталдарынын топурактары адамдын ишинин таасиринде тез бузулат жана ошондуктан коргоого муктаж.

**Сабакты жыйынтыктоо**

1. Өсүмдүктөр топурактан эмне алат?
2. Топурактагы азыктандыруучу заттардын запасы кандайча толукталат?

3. Кайсыл топурак эң күрдүү?
4. Өлкөбүздүн түздүктөрүндө кандай топурактар басымдуулук кылат?
5. Топуракты кантип коргошот?

**Үй тапшырмасы**

## § 23. Суу жана анын касиеттери. Жаратылышта суунун айланышы

**Максат:** окуучуларды суунун касиеттери; өсүмдүктөрдүн, жаныбарлардын, адамдын жашоосунда экологиялык таза суунун мааниси менен тааныштыруу; жаратылыштагы суунун айланышы жөнүндөгү түшүнүктү калыптандыруу; жаратылыш үчүн суунун баалуулугун көрсөтүү; логикалык ой жүгүртүүнү, элестетүүнү, баамчылдыкты өнүктүрүү; сууга аяр мамиле жасоого тарбиялоо.

**Жабдуулар:** спиртовка, колба, чыны, ысык суу куюлган термос, муздак суу, муздун сыныгы; балдарда суу куюлган стакан, кашык, кант же туз, бор, чопо, чыпкалар; глобус, жарым шардын физикалык картасы, сүрөттөр: деңиз, күн, булут, суу тамчысы, лабораториялык жабдуулар.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

1. Өлкөбүздүн негизги топурагы кандай аталат?
2. Кандай шарттарда биздин топурактар жакшы түшүм берет?
3. Топурактын күрдүүлүгү эмнеге жараша болот?
4. Тоо капталдарын кандайча жана эмне үчүн айдоо керек?

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалим:** Бүгүн биз сабакты табышмак табуудан баштайбыз.

**Табышмактарды тапкыла**

- Күнү-түнү тынбаган,
  Бөлө чапса сынбаган? (*суу*)

- Суукта катуу,
  Жылууда суюк.
  Дагы бир түрү
  Асмандагы булут. *(үч абалдагы суу)*

**Мугалим:** Бүгүн сабакта эмне жөнүндө сөз болот? Суу жана анын касиеттери жөнүндө. Адам жана жаратылыш үчүн суунун кандай мааниси бар?

**Окуу китеби менен иштөө.** Жаратылышта суу кандай абалдарда болору жөнүндө сүрөттөр боюнча айтып бергиле? Кар деген эмне? Кан бүртүкчөлөрү – бул катуу абалдагы суу экенин кандайча далилдей аласыңар? Кимиңер мөндүрдү байкадыңар эле? Мөндүрдүн тамчылары кандай көрүнөт? Мөндүрдүн тамчысы кар бүртүкчөсүнөн же жамгырдын тамчысынан эмнеси менен айырмаланат?

**Мугалим:** Эми картаны карагыла. Суу планетабыздын көпчүлүк бөлүгүн ээлейт. Жаратылышта океандар, деңиздер, көлдөр, саздар, өзөндөр суудан турат. Жасалма көлмөлөр, адам жасаган көлмөлөр, суу сактагычтар, каналдар бар. Суу Жердин түпкүрүндө, ал түгүл абада да бар. Жердеги жашоо суунун натыйжасында пайда болгон жана анын аркасы менен сакталып турат. Келгиле, тажрыйба жүргүзүп, суунун таң калыштуу касиеттерин көрөлү.

**Практикалык иш**

**1-тажрыйба.** Суу куюлган стаканга кашыкты салгыла. Кашыкты көрүп турасыңарбы? ***Бул суунун кайсыл касиети жөнүндө айтат?***

**2-тажрыйба.** Сууну каалаган жерге тамчылаткыла. Эми анын формасын карагыла. ***Эмне болду? Суунун бул касиетин эмне деп аталат?***

**3-тажрыйба.** Сууда жыт болор-болбосун аныктагыла. Жыйынтык чыгаргыла.

**4-тажрыйба.** Бир стаканга туз же кант салгыла, ал эми экинчисине ошончо чопо же майдаланган бор салгыла. Сууга аралаштыргыла. ***Эмнени байкадыңар? Бул тажрыйба эмне жөнүндө айтат?***

**5-тажрыйба.** Эми сууну ысытканда жана муздатканда эмне болорун аныктайлы. Бул тажрыйбаны мен жүргүзөм, ал эми силер көңүл коюп карап тургула. Боёлгон суу толтурулган түтүгү бар колбаны ысык сууга салабыз. Түтүктөгү суу көтөрүлгөнүн көрөбүз. ***Эмне үчүн?*** Ошол эле колбага муз салынган (же муздак суу куюлган) чынычы коёбуз. Колбадагы суу төмөн түшөт. Муну түшүндүрүүгө аракеттенгиле. Тажрыйбаны дептерге ***чийгиле*** жана ***жыйынтыгын*** жазгыла***:*** суу ысыганда кеңейет жана муздаганда кысылат.

**6-тажрыйба.** Тунук эмес киргил сууну тазалоого болот. Чыпка жасагыла. Чыпка атайын кагаздан жасалат, бирок жаратылышта чыпка болуп кум кызмат кылышы мүмкүн. Булганган сууну чыпка аркылуу өткөргүлө. Чыпканы карагыла. Суу эмне үчүн тазаланганын түшүндүргүлө?

Таблицага суунун бүгүн биз билген касиеттерин ***жазгыла***:

| | |
|---|---|
| **Суу** | Суунун касиеттери |
| | Тунук |
| | |
| | |
| | |
| | |
| | |

**Мугалим:** Суу дагы бир таң калыштуу касиетке ээ. Жайды эстегиле. Ысык-Көлдө эс алып жүрөсүңөр. Күн бою көлдүн суусу жылыйт, жылуулукту сактайт. Бул касиет – жылуулукту кармоо жөндөмдүүлүгү бүткүл жер шарына зор таасир тийгизет. Биздин планетанын океандары өздөрүнүн сууларына жайкы күндүн жылуулугун топтошот, ал эми кышында аны планетага акырындык менен беришет.

**Окуу китеби менен иштөө.** Окуу китебиндеги сүрөттү карагыла. Сүрөттөрдөн көргөнүңөрдүн бардыгынын аттарын атагыла? Күн. Көлмө. Булут. Жамгыр. Тоо чокуларындагы кар. Сүрөттөгү жебелер эмнени билдирет? Эмне үчүн бири жогору карай, экинчиси төмөн карай кетет? Сүрөттүн аталышын окугула. Келгиле, тажрыйбанын жардамы менен эмне үчүн мындай болорун текшерели?

**Практикалык иш:** тажрыйбаны мугалим жүргүзөт.

**1-тажрыйба.** Колбага суу куябыз жана аны кайнаганга чейин ысытабыз. Суу кайнап, бууга айланат. Бууну биз көрбөйбүз, анткени ал түзсүз. Бирок муздап, суу туманга айланат. Туман – бул суунун өтө майда тамчылары. Чайнектеги суу кайнаганда гана аны биз көрө алабыз. Келгиле, эми кайнаган суусу бар колбага муздак кашыкты тосолу. Эмне болду? (Кашыкты суу тамчылары каптап калды.) Башкача айтканда, буу сууга айланды. Эми биз кашыкты тоңдуруучу камерага салдык деп элестеткиле. Анда эмне болот? (Муз каптап калат.) Эми кашыкты жылуу жайга чыгаралы, анда кайрадан суу пайда болот. **Суунун үч түргө айлануусун байкадык?**

**2-тажрыйба.** Кайнаган суунун үстүнө муздун сыныгы салынган тарелканы кармайлы. Тарелканын түбүндө суу тамчылары пайда болуп, тамчылай баштады. ***Эмне болгонун түшүндүргүлө?***

**3-тажрыйба.** Суу куюлган чыныга муздун сыныгын салалы. Эмне үчүн муз калкып калат? Жыйынтык: муз суудан жеңил. Муздун суудан жеңил болгону жаратылышта зор мааниге ээ. Кышында муз көлмөлөрдү үстүнөн жаап калат. Муздун астындагы суунун температурасы бетине караганда жогору болот. Ошондуктан дарыяларда жана көлдөрдө жашоо улана берет.

**Сабакты жыйынтыктоо**

1. Суунун түрдүү заттарды эритүү касиети тиричиликте кайда колдонулаарын айтып бергиле.
2. Колду, идишти жууганда суунун кайсыл касиетин пайдаланасыңар?
3. Эмне үчүн булактын суусу дайыма таза экенин түшүндүргүлө?
4. Кайсыл сезүү органдары силерге суунун касиетин аныктоого мүмкүндүк берет?
5. Эмне үчүн кышында суу түтүктөрү жарылып кетет деп ойлойсуңар?

**Үй тапшырмасы**

Мугалим биздин жергенин көлмөлөрү жөнүндө уламыштар боюнча маалымат даярдоого тапшырма берет.

## § 24. Кыргызстандын көлмөлөрү

**Максат:** Кыргызстандын аймагы боюнча суулардын бөлүнүшү менен тааныштыруу; өзөн (суу) менен көлдүн ортосундагы айырманы көрсөтүү; сууга аяр мамиле жасоого жана аны үнөмдөөгө үйрөтүү.

**Жабдуулар:** Кыргызстандын физикалык картасы; фотографиялар, сүрөттөр: Кыргызстандын шаркыратмалары, өзөндөрү, көлдөрү.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

**Аңгемелешүү**

1. Жаратылышта суу кандай үч абалда болот?
2. Кандай шарттарда суу музга айланат?

3. Буу кандай түзүлөт? Кандай шарттарда буу сууга айланат?
4. Суу музга айланганда ал эмне болот?
5. Жаратылышта суунун айланышы кандайча болот?

**Текшерүү иши**

Түрдүү абалдагы суунун касиеттерин салыштыргыла жана таблицаны толтургула:

| | |
|---|---|
| Суюк абалдагы суу | Касиети |
| | |
| Буу абалындагы суу | |
| Муз | |
| Кар | |

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалим:** Бүгүн биз балдар айтып бере турган уламыштарды угабыз.

**Окуучулардын маалыматтары:** Уламыштар: «Чүйдүн кыялы чатак сулуусу», «Каркыра суусу», «Сүт-Көл».

**Мугалим:**

Балдар бизге эң сонун уламыштарды айтып беришти. Азаматсыңар! Чүй суусу кайдан агарын ким билет? Каркыра суусучу?

Чүй суусу эки кичирээк өзөн кошулуп, Кочкор өрөөнүнөн башталат, Боом капчыгайы аркылуу өтүп, Чүй өрөөнүнө чыгат жана Казакстандын чөлдөрүнө чейин жетет.

**Окуу китеби менен иштөө**

**Мугалим:**

– Окуу китебиндеги суулардын схемасын карагыла.
1. Дарыя кандай бөлүктөрдөн турат? Аларды атагыла.
2. Дарыя көлдөн эмнеси менен айырмаланат?
3. Өлкөбүздүн эң чоң көлү кандай аталат? Ал жөнүндө силер эмне билесиңер?

**Карта менен өз алдынча иштөө**

**Мугалим:**

1. «Кыргызстандын суулары жана көлдөрү» деген таблица түзгүлө.
2. Картанын жардамы менен өлкөбүздө кандай табигый жана жасалма көлмөлөр бар экендигин аныктагыла. Картадан алардын эң ирисин тапкыла. Аларды картадан көрсөтө билгиле.

Мугалим окуучулардын Нарын – Кыргызстандын эң чоң дарыясы деген ишине жардамдашат жана багыт берет. Дарыянын аталышы монгол тилинен которгондо «күнөстүү» дегенди билдирет.

- Нарынды картадан тапкыла. Ал кайсыл багытты карай агат?
- Нарындын ири куймалары – Ат-Башы, Ала-Бука, Көкөмерен.
- Ушул куймаларды картадан тапкыла.
- Талас өрөөнү боюнча кайсы суу агат?
- Ош шаары кайсы суунун жээгинде?
- Кайсы суу биздин калктуу конуш аркылуу агып өтөт?

**Мугалим:**

- Кыргызстанда көл абдан көп. Эң чоңу... Туура, Ысык-Көл. Ысык-Көлгө 80 суу куят, бирок бир да суу агып чыкпайт. Ошондуктан суусу туздуу.
- Нарын облусунда Соң-Көл жайгашкан. Бул тузсуз көл.
- Тоолордогу көлдөрдүн эң бийикте турганы – Чатыр-Көл.
- Окуу китебиндеги сүрөттү карагыла: сүрөт боюнча адамдын аракети курчап турган чөйрөгө кандайча таасир этери жөнүндө аңгеме түзгүлө.

**Сабакты жыйынтыктоо**

1. Биздин жергенин кандай көлмөлөрүн билесиңер?
2. Жасалма жана табигый көлмөлөрдүн ортосундагы айырма эмнеде?
3. Өлкөбүздүн кайсыл жасалма көлмөлөрүн билесиңер сага белгилүү?
4. Канал суудан эмнеси менен айырмаланат? Көл – суу сактагычтан?

**Үй тапшырмасы**

## Жер астындагы падышачылыктын сырлары

**Максат:** адамдын жашоосу үчүн бардык зарыл болгондордун бирден-бир булагы катары жаратылыш жөнүндөгү балдардын түшүнүгүн бекемдөө; өзү жашаган жердин жаратылышынын коздугун баалоого жана сактоого үйрөтүү; дары жана уулуу өсүмдүктөрдү айырмалай билүүгө үйрөтүү; айлана-чөйрөнүн абалына жоопкерчиликтүү сезимге тарбиялоо.

**Жабдуулар:** окуу китептери, жумушчу дептерлер, түстүү карандаштар, маркерлер, ватман, желим, түстүү кагаз, кичинекей китепче үчүн даярдалгандар, открыткалар, КР өсүмдүктөрүнүн жана жаныбарларынын сүрөттөрү, Кызыл китеп, түстүү кагаздардын комплекти, Кызыл китептин жаныбарлары жана өсүмдүктөрү; окуу куралдары: «Кыргызстандын өсүмдүктөрү», «Кыргызстандын жаныбарлары», «Кыргызстандын жаратылышы», гербарий.

## Сабактын жүрүшү

### Жаңы теманы үйрөнүү

**Мугалим: Жаратылыш түшүнүгүн чечмелөө.**

1. Жаратылыштагы нерселерди кандай топторго бөлүүгө болот?
2. Кандай белгилер жандуу жаратылышты аныктайт?
3. Жердеги жашоо-турмуш үчүн жансыз жаратылыш кандай мааниге ээ болот? Мисал келтиргиле жана өз жообуңарды жүйөлөштүргүлө.

**Мугалим:** Бүгүнкү сабакта биз өз жерибиздин жаратылышын үйрөнүүгө арнайбыз.

- «Өз жериңдин жаратылышы» деген сөздү кандай түшүнөсүңөр? Бул сөз силер үчүн эмнени билдирет?
- Мындай кыргыз макалы бар: «Бир адам токойдо из калтырса, жүз адам – жол, миң адам – чөл калтырат». Мында адамдын кандай жоруктары жөнүндө сөз болуп жатат?

### Окуу китеби менен иштөө

**Мугалим:** Силер «Саякатчы бака» деген сүйлөмдү көп эле уксаңар керек. Ал эки өрдөк кармаган чыбыкка асылып алып, алар менен бирге талаалардын, тоолордун жана токойлордун үстүнөн учуп өтөт. Ага саякаттаган абдан жагып калат. Албетте, бул бардыгына жагат. Атүгүл рюкзак асынып алышып чоң кишилер да саякатка жөө, атчан, велосипед менен чыгышат, байдарка менен өзөндө сүзүшөт. Булар – туристтер. Алар чатыр тиккенди, от жакканды, тамак жасаганды, көпүрө аркылуу дарыядан өткөндү билишет. Туристтер жаратылышты изилдешет жана жакшы көрүшөт. Биз дагы «турист» болобуз. Макулсуңарбы?

Келгиле, өлкөбүздүн жаратылышын чогуу жазып көрөлү.

1. Эмне үчүн Кыргызстанды тоолуу өлкө деп аташат?
2. Биздин тоолор кандай аталат? (Теңир-Тоо.)

3. Киминҥер тоодо болдуңар эле?
4. Эмне үчүн Теңир-Тоо – асман тиреген тоолор аталган деп ойлойсуңар? (Алар бийик.)
5. Силер тоо чокуларынан эмнени көрдүңөр? (Карды.)
6. Эмне үчүн биздин тоолордун башынан жайында да кар кетпейт? (Бийик тоолордо дайыма суук жана кар эрибейт.)
7. Эмне үчүн биздин өлкө «Күнөстүү Кыргызстан» деп аталат? (Күн тийген күндөр көп болот, жайы кургак жана ысык.)
8. Эмне үчүн Ысык-Көл Кыргызстандын «бермети» деп аталат? (Ысык-Көл сыяктуу көлдөр бүткүл планетада аз кездешет.)
9. Эмне үчүн ак илбирс деп аталат? (Анткени, кар баскан жерде жашайт.)
10. Өлкөбүздүн гербинде кайсыл канаттуу сүрөттөлгөн? (Манастын Ак-Шумкары.)

***Азаматсыңар, балдар***, силер көптү билет экенсиңер. Эми «сырттан саякатка» чыксак болот. Жүрүшкө даярданабыз. Бирок адегенде...

**Чыгармачыл иш:** класс 5 топко бөлүнөт.

**Мугалим:** Китеп жасаган адамдардын кесиби кандай аталаарын эстегиле? (Полиграфист.) Биз бүгүн өлкөбүз боюнча саякатка чыгабыз, андан кийин Кыргызстандын жаратылышы жөнүндө «кичинекей китеп» жасайбыз.

**Мугалим:** Маршрутка чыгабыз. Биз жаратылышка жакшы ниет менен баратканыбызды унутпагыла. Мен айткан сөздөрдү кайталагыла:

«Жаратылышка дос болуш үчүн,
Анын бардык сырларын билгин.
Бардык табышмактарын таап,
Байкоо жүргүзгөндү сүйгүн!
Баамчылдык сапатты
Өнүктүрөлү чогуу.
Баарын билүүгө жардам берет
Билгенге дилгир болуу.
Чогуу, анан дагы ынтымактуу
Жаратылышты үйрөнүү керек.
Жүрүшкө дайым чогуу чыканда гана
Жолубуз болот демек!»

**1-топ** – Силер Кыргызстандын үңкүрлөрүн изилдейсиңер. Туура келген сүрөттөрдү тапкыла, кесип алып чаптагыла, аталыштарын белгилегиле; «Жер астындагы падышачылыктын сырлары» деген плакат жасайсыңар.

**2-топ** – Силер Кыргызстандын өсүмдүктөрүн изилдейсиңер. Силерде гүлдөр, бак-дарактар, бадалдардын сүрөттөрү тартылган карточкалар бар, бул китеп – гербарийлер, өсүмдүктөрдүн атласы деп аталат. Силер гербарийден ушундай өсүмдүктөрдү таап, алардын аталышын аныктап, дары өсүмдүктөрдү бөлүп алып, кичинекей китепче үчүн баракка чаптагыла, боёшуңар керек. Китепчени «КР дары чөптөрү» деп атагыла.

**3-топ** – Силер дагы Кыргызстандын өсүмдүктөрүн изилдейсиңер. Силерде гүлдөр, бак-дарактар, бадалдар тартылган карточкалар бар; бул китеп – гербарийлер, өсүмдүктөрдүн атласы деп аталат. Силер гербарийден ушундай эле өсүмдүктөрдү таап, алардын аталыштарын аныктап, уулуу өсүмдүктөрдү бөлүп, «Сак болгула, КР уулуу өсүмдүктөрү» деген китепчени жасалгалагыла.

**4-топ** – Силер Кыргызстандын жаныбарларын изилдейсиңер. Силерде жырткычтардын, канаттуулардын, балыктардын, курт-кумурскалардын сүрөттөрү тартылган карточкалар бар. Кесип алып, чаптап, боёгула; «Кыргызстандын жаныбарлары» деген китеп жасагыла.

**5-топ** – Силерге өзгөчө тапшырма. Силер Кыргызстандын сейрек кездешүүчү жана жоголуп кетүү коркунучунда турган жаныбарларын жана өсүмдүктөрүн изилдейсиңер. Жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү өзүнчө кесип алып, аларды ватманга чаптоо керек. Ватманга Кыргызстандын Кызыл китебинин мукабасынын сүрөтүн тарткыла.

**Сабакты жыйынтыктоо**

1. Иштерди презентациялоо.
2. № 5 топтун чыгып сүйлөөсү.
3. Ишти баалоо.

**Аңгемелешүү**

1. Бүгүн сабакта жаңы эмнелерди билдиңер?
2. Үңкүрлөр кандайча жана эмне үчүн түзүлөт?
3. Кайсыл жаныбарлар өзгөчө көңүл бурууну талап кылат? Эмне үчүн?
4. Өсүмдүк эмнеси менен адам үчүн зыяндуу болушу мүмкүн?

**Үй тапшырмасы**

## § 25. Кыргызстандын токойлору

**Максат:** жаратылыш жана адам үчүн токойдун баалуулугун көрсөтүү; логикалык ой жүгүртүүнү, элестетүүнү, баамдагычтыкты өнүктүрүү; өсүмдүктөргө аяр мамиле жасоого тарбиялоо.

**Жабдуулар:** КР физикалык картасы, жаратылыштын сүрөттөрү, гербарий, чөптөн даярдалган дары препараттары.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

1. Жасалма жана табигый көлмөлөрдүн айырмасы эмнеде?
2. Биздин жердин суулары жөнүндө эмнелерди билесиңер? Аларды картадан көрсөткүлө.
3. Өлкөбүздүн көлдөрү жөнүндө айтып бергиле. Аларды картадан көрсөткүлө.
4. Кандай жасалма көлмөлөрдү билесиңер? Аларды адам кандай пайдаланат?
5. Үңкүрлөр кандайча жана эмне үчүн пайда болот?

**Карточкалар боюнча өз алдынча иш**

1. Сууда болбоого тийиш буюмдарды чийип салгыла: пластик стакан, балык, консерва банкасы, кагаз, сынган кайырмак, балыр, картон куту, салфетка, бөтөлкө.
2. Кандай сөздөр табышмактарга эң мыкты жооп болот?

- Мен сууда жатам. Мени дат баскан. Бир кыз сууга түшкөндө бутун тилип алгам. Мен эмнемин? ______________
- Мен абдан оорулуумун. Мага дем алуу үчүн _____жетпейт. Мен ушул көлдө мындан кийин сүзгүм келбейт. Мен эмнемин? ______________
- Мен ______________. Менден жаман жыт чыгат. Күн сайын мага таштанды жана калдыктарды ыргытышат. Мен эмнемин? ______________
  Мен ______________Мен бардык тирүү жандыктарга керекмин. Бардык өсүмдүктөр, жаныбарлар жана адамдар менсиз жашай алышпайт. Мен эмнемин? ______________

Табышмактарга туура келүүчү сөздөр кайсылар? Тизмедеги балык, кычкылтек, консерва банкасы, кир өзөн, таза суу, тамак-аш, туз, сынган айнек.

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалим:** Балдар, чалгынчыга кандай сапат зарыл экенин ким билет? Албетте, чечкиндүүлүк, эрдик, күч... Бирок байкоо жүргүзүүнү билүү дагы маанилүү болуп саналат. Келгиле, силердин байкагычтыгыңарды текшерели. Өз үйүңөрдүн жанында кандай өсүмдүктөр жана бадалдар өсөт? Мектеп багында кандай өсүмдүктөр бар? Силердин мектепке келе жаткан жолуңарда кандай дарактар жана бадалдар өсөт?

Сабактын темасын окугула. Бүгүн биз Кыргызстандын токойлору менен таанышабыз. Кыргызстан – тоолуу өлкө. Тоого чыкканда 100–200 метр сайын салкын боло баштарын, жаратылыштын көрүнүшү өзгөрөрүн, өсүмдүктөр өзгөрөрүн билесиңер. Тоо этегинен жарым чөл жана талаалар башталат, ал эми тоо капталдарында токой өсөт.

**Окуу китеби менен иштөө**

**Мугалим:** Өсүмдүктөрдүн картасын карагыла. Жашыл сызык менен токой зоналары тегеректелген. Өлкөбүздүн токойлору туташ тилке эмес, ар кайсы тоо капталдарында өсөрүн көрүп турасыңар. Сүрөттүн алдындагы токой өсүмдүктөрүнүн аталыштарын окугула. Ушул өсүмдүктөрдүн кайсынысы силердин жериңерде өсөт? Токой жаныбарларын атагыла. Токойдогу жашоо шарттарына алар кандайча ыңгайлашкан?

**Топтордогу практикалык иш**

1. **Гербарий менен иштөө:** Гербарийден арчанын, карагайдын, Семёнов кызыл карагайынын бутагын тапкыла. Алардын эмнеси окшош экен? Ушул дарактарды бир сөз менен кандайча атоого болот? Силер бир бутакты экинчи бутактан кандайча айырмалай аласыңар?( Ийне жалбыректарынын узундугу ар кандай.) Кызыл карагайдын жана карагайдын ийне жалбырактарына колуңарды тийгизип көргүлө. Кандай айырмасы бар экен? ( Кызыл карагайдын ийне жалбырактары жумшак.) Силердин гербарийде силерге тааныш дагы кандай өсүмдүктөр бар? Аларды атагыла (Терек, зараң, кайың, тал, жаңгак ж.б.) Булардын кайсылары силердин жерде өсөт?

2. Жарым ватманга **схема түзүү:** Окуу китебинин текстин жана өз билимиңерди пайдалануу менен төмөнкүдөй схемаларды түзгүлө:

**1-топ** – Адамдардын жашоосундагы токойдун ролу.
**2-топ** – Жаратылыш үчүн токойдун мааниси.
**3-топ** – Токойго коркунуч келүүдө.
**4-топ** – Токойдогу жүрүм-турум эрежеси. Презентация даярдагыла.

**Сабакты жыйынтыктоо**

1. Топтордун презентациясы.
2. Иштерди баалоо.

## § 26. Адам жана өсүмдүк

**Максат:** айыл чарбасынын бир тармагы – өсүмдүк өстүрүүчүлүк менен тааныштыруу; маданий өсүмдүктөрдү айырмалай билүүгө жана топторго бөлүүгө үйрөтүү.

**Жабдуулар:** жашылчалардын, мөмө-жемиштердин муляждары; окуу китебинин сүрөттөрү, гербарий.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

1. Токой адамга жана жаратылышка эмне берет?
2. Өлкөбүздүн токойлорунда кайсыл бак-дарактар басымдуулук кылат?
3. Ийне жалбырактуу өсүмдүктөрдүн кандай жалпылыгы бар? Аларды кантип айырмалашат?
4. Жаңгак токою кайда өсөт? Анын баалуулугу жана кайталангыстыгы эмнеде?
5. Токой коргоого муктаж экенин далилдегиле.

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалим:** Табышмактарды тапкыла:
- Сырты жашыл – катуу, ичи жумшак – таттуу. *(дарбыз)*
- Тоголонуп талаада жатат, союп жесең суусунуң канат. *(коон)*
- Өзү үйүндө, чачы сыртта. *(сабиз)*
- Тегерете сары желекче, күндү карайт кечке. *(күн карама)*
- Сабакта чөйчөк турат, ичиндегиден жип жасайт чубап. *(пахта)*

1. Кайсыл өсүмдүктөрдү же алардын бөлүктөрүн биз тамак-ашка пайдаланабыз?
2. Нан, пирожный, «Геркулес» кытырагы эмнеден жасалат?

**Окуу китеби менен иштөө**


**Мугалим:** Окуу китебиндеги сүрөттөрдү карагыла.

1. Өсүмдүктөрдүн арасынан дан өсүмдүктөрүн; бакча өсүмдүктөрүн; техникалык өсүмдүктөрдү тапкыла. Аларды атагыла.
2. Окуу китебинин жардамы менен «Күздүк буудайды күзүндө себет. Жаздык буудайды жазында себет» деген сүйлөмдүн тууралыгын текшергиле.
3. «Маданий өсүмдүктөр» деген сүйлөм эмне экендигин түшүндүрүүгө аракеттенгиле.
   Аңгемелешүүнүн жыйынтыгы боюнча схема түзүү.

**Мугалим суроо берип***, жоопторун доскага жазат***.**

1. Мөмө-жемиш бактарын өстүргөн адамдар эмне деп аталат?
2. Бактарды өстүрүү боюнча адамдардын иштери кандай аталат? *(Аларды деп аташат.)*
3. Дан өстүргөн адамдар эмне деп аталат?
4. Жашылчаларды ким өстүрөт? Алардын иши кандай аталат?
5. Дарбыз, коон, ашкабак кайда өсөт? (*Бакча – бакчачылык.*)

Схеманы дептерге тарткыла.




**Мугалим:** Техникалык өсүмдүктөр да бар : пахта (пахтачылык – пахтакерлер); кызылча – кызылча өстүрүүчүлүк – кызылчачылар.

**Топтор боюнча чыгармачылык иштер.**

**Мугалим:** Гербарийден өз жериңердеги маданий өсүмдүктөрдү тапкыла.

1. Аларды тыкат карагыла.
2. Аталыштарын аныктагыла.
3. Аларды өз ара салыштыргыла.
4. План боюнча өсүмдүктөрдүн оозеки баяндалышын түзгүлө:

- өсүмдүктүн аталышы;
- кайсы топко кирет (дарак, бадал, чөп өсүмдүгү);

- аны кандай өстүрүшөт (талаада, бакта, огороддо);
- өсүмдүктөрдүн кайсы бөлүктөрүн көрүп турасыңар?
- адам бул өсүмдүктү кандай колдонот?

5. Презентацияга даярдык көргүлө

**1-топ.** Маданий өсүмдүктөрдү үйрөнүшөт.
**2-топ.** Техникалык өсүмдүктөрдү үйрөнүшөт.
**3-топ.** Жашылча өсүмдүктөрүн үйрөнүшөт.
**4-топ.** Мөмө-жемиш өсүмдүктөрүн үйрөнүшөт.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

1. Презентация.
2. Топтордун иштерин баалоо.

## § 27. Жаныбарлар адамга эмне берет?

**Максат:** окуучуларды айыл чарбанын тармагы – мал чарбачылыгы менен тааныштыруу; Кыргызстанда үй жаныбарларын көбөйтүүнүн жана кармоонун өзгөчөлүктөрүн кароо.

**Жабдуулар:** сүрөттөр, жаныбарлардын муляждары.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

1. Үй тапшырманы текшерүү. Класста талкуулоо жана баалоо.
2. Адамдар кайсыл өсүмдүктөрдү тамак-аш азыктарын алуу үчүн өстүрүшөт?
3. Арпа кайда жана эмне үчүн өстүрүлөт?
4. Кандай техникалык өсүмдүктөрдү билесиңер? Аларды кайда өстүрүшөт жана кандай продуктуларды алышат?
5. Силер кандай мөмө өсүмдүктөрүн билесиңер? Мөмө-жемиш даракта-рын ким өстүрөт?

**Жаңы теманы үйрөнүү**

**Мугалим:**

1. Силер кандай үй жаныбарларын билесиңер?
2. Үй жаныбарлары жапайы жаныбарлардан эмнеси менен айырмаланат?

### Окуу китеби менен иштөө

**Мугалим:** Окуу китебиндеги сүрөттөрдү карагыла. Кайсы жаныбарлар силерге тааныш? Биринчи көргөнүңөрдүн атын окугула. «Үй жаныбарлары?» деген сүйлөм эмнени билдирээрин түшүндүрүүгө аракеттенгиле. Алар адамдарда кандайча пайда болгон?

### Окуу китебиндеги текст менен өз алдынча иштөө

Окуу китебиндеги сүрөттү карагыла: биз койдон эмне алабыз? Окуу китебинин текстин пайдалануу менен төмөнкү суроолорго оозеки жооп даярдагыла:

1. Адам уйдан, койдон, жылкыдан, топоздон эмне алат?
2. Адамга канаттуулар чарбасы эмне берет?
3. Адамга аарылардан кандай пайда болот? Жибек куртунанчы?
4. Чабандарга иттер кандай жардам көрсөтөт?
5. Үй жаныбарлары кандай жагымсыздыктарды келтириши мүмкүн?
6. Эмне үчүн Кыргызстанда түндүк бугулары өстүрүлбөйт?
7. Эмне үчүн өлкөбүздүн мал чарбачылыгындагы башкы багыт – кой чарбачылыгы?

Өткөн сабакта «Адам жана өсүмдүктөр» темасын дагыдай схема түзгүлө.

### Сабакты жыйынтыктоо

1. Ишти текшерүү жана баалоо. Схеманы талкуулоо.
2. Биз жаныбарлардан кандай тамак-аш азыктарын алабыз?
3. Жаныбарлар адамга тамак-аш азыктарынан башка дагы эмне беришет?
4. Кой адамга эмне берет?
5. Эмне үчүн адам жылкыны үйрөткөн?
   Балдар акыны К. Жунушевдин ырында төмөнкүдөй саптар бар:

   *Баарыбызда бар курсак,*
   *Бирок тынбай иштеген*
   *Аарыныкы бал курсак.*

6. Бал аарыны кайда өстүрүшөт? Кандай максатта?
7. Адам үй жаныбарларына кандай камкордук көрөт?
8. Үй жаныбарлары ооруп калса, аларды ким дарылайт?

### Үй тапшырмасы

## Өз жериңди бил жана сүй

**Максат:** байкоо, салыштыруу, баштан өткөрүү көндүмдөрүн өнүктүрүү; адамдардын жүрүм-туруму менен жакынкы жаратылыштын абалынын ортосундагы байланышты аныктоого үйрөтүү; өзүнүн жаратылышын сүйө билүүгө тарбиялоо; жаратылыштагы терс өзгөрүүлөр үчүн жоопкерчилик сезими.

**Жабдуулар:** өсүмдүктөрдү аныктагыч, планшеттер, карандаштар, канаттуулар үчүн жем; тыйын чычкандар үчүн жаңгак, чемичке, лупа (мүмкүн болсо бир нече), жапызыраак тунук банка, 50X50 өлчөмүндөгү ак жоолук же кездеме.

### Сабактын жүрүшү

**Жаңы теманы түшүндүрүү**

**Мугалим:** Бүгүн биз паркыбыздын экологиялык жолу боюнча барабыз. Биздин акыркы экскурсиябыздан бери парк кандай өзгөргөнүн көрөлү. Парктын жашоочуларына байкоо жүргүзүү менен кыраакы болгула, жаратылышта жүрүм-турум эрежесин унутпагыла. Биздин парктардан иттерди жана мышыктарды көп жолуктурабыз. Эч качан алардын жинине тийбегиле. Эгерде алар менен мамиле түзгүңөр келсе, адегенде аралыктан туруп сүйлөшкүлө. Эч качан жаныбарга аркасынан келбегиле жана эгерде ал силерди карабай турса аны кармабагыла. Жаныбарларды өппөгүлө, ал тумшугу менен шимшилегенди жакшы көрөт жана алардын мурдунда көптөгөн микробдор болот.

**Өз алдынча иштөө**

**Мугалим:** окуучуларды үч топко бөлөт. Ар бир топ тапшырма алат. Балдар байкоо жүргүзүп, анын жүрүшүн дептерге жазышат, планшетке чийишет.

**Биринчи топко тапшырма.** Төмөнкү дарактарды тапкыла: карагай, эмен, зараң, терек. Ушул дарактардын жалбырактарын формасы, түсү боюнча салыштыргыла. Алар күзүндө кандай болгонун эстегиле; алардын сүрөтүн тарткыла. Төмөнкү бадалдарды тапкыла: ит мурун, долоно. Алардын жалбырактарын жана түстөрүн салыштыргыла. Сүрөтүн тарткыла. Чакан талаачага өткүлө. Бул жерде кандай гүлдөр гүлдөптүр? Алар кичинекей күнгө окшош. Каакымдан гүлчамбар жасап, жаздын сүрөтүн тарткыла.

**Экинчи топко тапшырма.** Долононун жана ит мурундун шактарынын алдына ак жоолук төшөгүлө; бадалды акырын силкилдеткиле. Аяр болуп, сындырбагыла. Жоолукту карагыла. Эмне көрдүңөр? (Курт-кумурскаларды) Бир курт-кумурска жөргөлөп кириши үчүн үйдөн ала келген банканы койгула. Аны лупа менен карагыла. Буттарын, канаттарын санагыла, түсүнө көңүл бургула.

Чакан талаачага чыккыла. Бул жерде кандай гүлдөр ачылыптыр? Ушул гүлдөрдүн желекчелеринде кандай курт-кумурскалар жүргөнүн байкагыла? Ар бириңер «өзүңөрдүн» курт-кумурскаңардын сүрөтүн тарткыла.

**Үчүнчү топко тапшырма:** Силер өзүңөрдү мергенчимин деп элестеткиле. «Ошол эле учурда биз каардуу эмес мергенчиге айланабыз. Тосотто отуруп, жырткычтарга байкоо жүргүзөбүз». Каардуу эмес мергенчилер өздөрүн кандай алып жүрүшөт? Тосотто силер кыймылдабай отурушуңар керек, ошондо гана силердин жолуңар болот – тыйын чычканды көрөсүңөр. Ага байкоо жүргүзгүлө. Анын терисине көңүл бургула. Эмнеси өзгөрүптүр?

Парктан силер кандай канаттууларды көрдүңөр? Алардын жүрүм-турумуна байкоо жүргүзгүлө. Аларга тамак бергиле жана сүрөткө тартып алгыла.

**Практикалык иш.** Балдар чакан баяндама жазышат. Андан кийин сүрөттөр түрүндө отчёт даярдашат. Мугалим алдын ала флипчартты же ватманды кайда жайгаштырса боло турганын карашы керек (бул парктын дубалы, балдар шаарчасы болушу мүмкүн, дарактардын ортосуна жип менен керип койсо да болот).

Балдар өздөрүнүн иштерин ватманга чапташат. Мугалим «гезиттин» аталышы үчүн орун калгыдай кылып аларды жайгаштырууга жардам берет. Топтор өздөрүнүн варианттарын сунушташат. Көпчүлүккө жакканы тандалып алынат. Милдеттүү шарт: аталышта жаратылыш темасы жаңырып турушу керек.

**Мугалим:** Азыр биз өзүбүздүн мектеп алдындагы участокко барабыз. Силер экологиялык аянтчадан бардык дарактарды жана бадалдарды көңүл коюп карашыңар керек. Эгерде зыянга учураган жерин көрсөңөр ушул бакты же шакты эстеп калгыла. Биз өзүбүздүн жашыл досторубузга кандай жардам берерибизди ойлонгула.

**Сабакты жыйынтыктоо**

1. Өткөн экскурсиядан бери парктын жаратылышында кандай өзгөрүүлөр болуптур?
2. Кандай дарактар күзгүдөй же кышындагыдай эле калыптыр?
3. Силер экологиялык аянчанын өсүмдүктөрү менен адамдын баарлашуусунун издерин байкадыңарбы?
4. Мектептин жашыл коэдугун жакшыртуу үчүн силер эмнени сунуш кыла аласыңар?

**Үй тапшырмасы**

Бир жазуучунун темага ылайыктуу аңгемесин окугула.

## VI БӨЛҮМ. Жаратылышты сактайбыз

**Компетенттүүлүк маалыматты** – *адам менен курчап турган чөйрөнүн ортосундагы байланышты түшүндүрө билүү, жаратылыштын ар түрдүүлүгүн таануу. Курчап турган чөйрөнү коргоо боюнча сунуштарды киргизүү. Курчап турган чөйрөнү сактоо ыкмаларын түшүндүрүү. Ар бир адамдын жоопкерчилик чаралары. Картадан Кыргызстандын корук зоналарын көрсөтүү.*

**Өзүн өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү** – *гезит окуу. Анча чоң эмес аңгемелерди окуу жана жазуу. Жаратылышты коргоо, класcты жашылдандыруу боюнча иш-чараларга катышуу. Жаратылышка аяр мамиле жасоо жөнүндө сценкаларды коюуга катышуу. Тирүү организмдердин өз ара байланыштары жөнүндө изилдөөлөрдү жүргүзүү.*

***Социалдык-коммуникативдик*** – *жаратылышты баалоо. Курчап турган чөйрөнү коргоодо башкалар менен өз ара байланышуу. Жаратылышка урматтоону, өз өлкөсүнүн өсүмдүктөрүнө жана башка объектилерине аяр мамиле жасоо, сынган дарак, үзүлгөн гүл, таштандыларды тазалоо үчүн жеке жоопкерчилик алуу каалоосун көрсөтүү. Класcташтары менен чогуу иштешүү.*

*Курчап турган чөйрөгө камкордук көрүү. Маалымат издөөгө каалоосун көрсөтүү.*

# § 28. Жаратылышты коргоо

**Максат:** «Кызыл китеп» менен тааныштыруу, жаратылышты сактоонун маанилүүлүгүн түшүнүү, Кыргызстандын «Кызыл китепке» киргизилген жаныбарлары жана өсүмдүктөрү менен тааныштыруу; Кыргызстанда жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү коргоо ыкмалары менен тааныштыруу, топтордо иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү, жаратылышка аяр мамиле жасоого тарбиялоо.

**Жабдуулар:** фотографиялар, өсүмдүктөр менен жаныбарлардын сейрек кездешүүчү түрлөрүнүн сүрөттөрү; «Кыргызстандын Кызыл китеби» (макети же сүрөтү); ватман, маркерлер, корук зоналарын көрсөтүү менен Кыргызстандын картасы.

## Сабактын жүрүшү

### Өтүлгөн материалды кайталоо

Окуучулар үйдөн ойлоп табышкан жана сүрөтүн тартышкан белгилерди көрсөтүшөт. Алардын маанисин түшүндүрүшөт.

### Жаңы материалды түшүндүрүү

Балдар, бүгүн биз абдан маанилүү документ менен таанышабыз. Аны адамдын «абийир документи» деп аташат. Окуу китебиндеги ырды окугула.

– «Кызыл китеп» деген эмне экенин кандай түшүндүңөр? (*Балдардын жооптору угулат.)*

Даярданып келген окуучу же окуучулардын тобу материалды түшүндүрүшөт:

1948-жылы дүйнөнүн окумуштуулары Жаратылышты коргоонун эл аралык союзун түзүшкөн. Алар планетанын кайсыл өсүмдүктөрүнө же жаныбарларына биринчи кезекте жардам берүү керектигин изилдей баштaшкан. Тизмесин түзүп, китеп түрүндө чыгарышкан. Аны «Фактылардын кызыл китеби» деп аташкан. Бул биринчи Кызыл китеп эле (сүрөтүн же макетин көрсөтүшөт).

Пайдаланууга ыңгайлуу болсун үчүн китептин барактары түстүү жасалган:

- кызыл барактарга жоголуп кетүү коркунучунда турган түрлөр жана маалыматтар жайгаштырылган;
- сары барактарга – аярлуу түрлөр;
- ак барактарга – сейрек кездешүүчү түрлөр жөнүндө маалыматтар;

- боз барактарга – аз изилденген жана сейрек кездешүүчү түрлөр жөнүндө маалыматтар;
- жашыл барактарга – калыбына келтирилген түрлөр жана жоголуу коркунучунда эмес түрлөр жөнүндө маалыматтар жазылган.

Кара барактарында эмнелер бар деп ойлойсуңар?

Ошол кезде кара барактарга Жер бетинен таптакыр жок болуп кеткен айрым түрлөр жазылган.

**Окуу китеби менен иштөө**

Мугалим төмөнкү суроолорго жооп берүүнү сунуштайт *(Суроолор доскага жазылган):*

«Кызыл китеп» эмне үчүн керек?

Эмне үчүн китепти Кызыл деп аташкан?

Биздин өлкөнүн «Кызыл китеби» барбы?

Бул суроолорго жооп берүүгө силерге окуу китеби жардамдашат.

Балдар текстти өз алдыларынча окушат. Суроолорго жооп беришет.

Аныктаманы дептерге жазгыла.

**Дене тарбия мүнөтү**

Мына биз токойго кирдик,
Көптөгөн кызыктар бар экенин билдик!
Оң жагыңды кара, сол жагыңды кара!
Колуңду көтөр жана булгала –
Бул токойдогу дарактар.
Колуңду бүгүп, манжаларыңды силкилдет –
Шамал шүүдүрүмдү ушинтет.
Колдорду капталга сунуп, жай өйдө-ылдый кылабыз –
Бул бизге канаттуулардын учуп келгени.
Алар кандай коноорун дагы көрсөтөлү:
Канатты артка калтырып,
Эңкейебиз жана отурабыз,
Андан кийин баары учуп кетишет.

**Бышыктоо. Аңгемелешүү**

«Кыргызстандын Кызыл китебине» киргизилген өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын сүрөттөрүн карагыла. Алар мамлекеттин коргоосунда турат.

- Эмне үчүн ушул жаныбарлар жана өсүмдүктөр сейрек болуп калган жана коргоого муктаж деп ойлойсуңар?
- Адамдын кандай иш-аракеттери алардын жок болушуна алып келген? Муну түгөйлөшүп талкуулагыла. *Түгөйлөшүп талкуулагандан кийин жамаат менен талкуулоо жүргүзүлөт.*
- Эмне үчүн «Кызыл китеп» адамдын «абийир документи» деп аталат? *Дептерге «Кызыл китепке» кирген бир жаныбардын же өсүмдүктүн сүрөтүн тарткыла.*
- Кызыл китептеги кызыл түс эмнени түшүндүрөт?

Класс 6 топко бөлүнөт. Ар бир окуучу өз тобунда «Кыргызстандын Кызыл китебине» киргизилген жаныбар же өсүмдүк жөнүндө материалды айтып берет.

### Жаңы материалды түшүндүрүү

**Мугалим:** Адамдар жаратылыш бүгүнкү күндө коркунучка кабылганын өз учурунда түшүнүштү. Планетанын ар кайсы булуң-бурчунда өзгөчө корголуучу аймактар түзүлө баштады. Алар кандай аталарын жана аларда кандай иштер жүргүзүлөрүн силер окуу китебинен таба аласыңар.

### Окуу китеби менен иштөө

Китепти шар окуган окуучу окуу китебинин текстин абзацтарга токтоп окуйт.

### Дене тарбия мүнөтү

Тоодо токой турат.
(*кол менен айланма кыймыл жасап*)

Ал жапыз да эмес, бийик да эмес.
(*отуруу, туруу, кол төбөдө)*

Кооз канаттуу бизге үн салат.
*(жогору жакты карап, кол өйдө сунулат)*

Чыйыр жолдо эки турист,
Үйдү карай алыстан келет.
(*ордунда басуу)*

«Катуу ышкырык чыгат, уккандар гана угат чыдап» дешет.
(*ийинди куушуруп, кайра түшүрүү)*

**Карта менен иштөө**

Кыргызстандын картасын карагыла. Картадан корук зоналарды тапкыла. Кайсыл өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды коргоо үчүн алар түзүлгөнүн аныктагыла.

Кыргызстандын силер жашаган облусунда кандай коруктар жана жаратылыш парктары бар? Алардын аталышын дептерге жазгыла.

Мугалим же даярданган окуучу кошумча маалыматтарды пайдалануу менен өз облусундагы корголуучу аймактар жөнүндө кыскача маалымат берет.

**Бышыктоо**

- Коргоо зоналарынын өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып бергиле.
- Мындай зоналар эмне үчүн түзүлөт?
- Адамдар коруктарда эмне иштерди жүргүзүшөт?
- Белгилерди карагыла! Силерге алар эмнелерди эскертет? (Жол белгилерин.) Туура. Бул белгилер жол белгилери сыяктуу эле жаратылышта белгилүү аракеттерге тыюу салат. Аларды жаратылыштын чыныгы достору ойлоп табышкан. Бул белгилер эмне жөнүндө айтат?
- Келгиле, жаратылыштагы жүрүм-турумдун эрежелерин чогуу түзөлү. (Балдар топтордо 5 мүнөт иштешет, эрежелерди ватман барагына жазышат, ар бир топ өз эрежелерин окуйт.)
- Мугалим даяр белгилерди сунушташы жана балдардан эрежелерди түзүүнү өтүнүшү мүмкүн.
- Канаттуулардын уясын бузбоо керек.
- Гүлдөрдү үзбөө жана жулбоо керек.
- Дарактардын шактарын сындырбоо керек.
- Курт-кумурскаларды тепсөөгө болбойт.
- Чоң кишилер жок жерде от жакпоо керек.
- Олтурган жериңе таштанды калтырбоо керек.
- Козу карындарды жулбоо керек.
- Баканы өлтүрүүгө болбойт.
- Токой жырткычтарын үйгө алып келбөө.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

- Сабакта жаңы эмнелерди билдиңер?
- Эми эмнелер эсиңден кетпей калды?
- Сабактагы кайсыл иш жакты? Эмне үчүн?

**Үй тапшырмасы**

## Кыргызстандын коруктары

Жаратылыш комплекстеринин табигый өнүгүүсүн бузуучу кандайдыр бир чарбалык жана башка иштерге тыюу салынган Кыргыз Республикасынын мамлекеттик коруктары.

| Аталышы | Түзүлгөн жылы | Жайгашкан жери | Багыты |
| --- | --- | --- | --- |
| Сары-Челек биосфералык коругу | 1959 | Жалал-Абад облусу | Милдети – мөмө-жаңгак комплексин жана фаунаны коргоо, изилдөө жана жакшы абалга келтирүү. 1961-ж. корукка суусар, суу суусары, 1962-ж. зубр (бука кийик), элик багыш, бугу алып келинген. |
| Беш-Арал мамлекеттик коругу | 1979 | Жалал-Абад облусу | Милдети – Батыш Теңир-Тоонун көптөгөн баалуу сейрек кездешүүчү жана жоголуп кетүү коркунучундагы жаныбарларын, өзгөчө Дүйнөлүк Кызыл китепке киргизилген Мензбир суурун сактоо. Жаныбарлардан төмөнкүлөр бар: аркар, илбирс, чүткөр, аюу, мадыл, түлкү, сүлөөсүн, куница, бүркүт, балта жутар, маңка каз. |
| Нарын мамлекеттик коругу | 1983 | Нарын облусу | Милдети – Чыгыш Теңир-Тоонун жаратылыш комплекстерин жана жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн жоголуп кетүү коркунучунда турган сейрек кездешүүчү түрлөрүн сактоо. Жаныбарлардын 50 түрү, өсүмдүктөрдүн 1870 түрү жолугат. Жаныбарлардан: марал, аркар, тоо теке, элик, аюу, карышкыр, илбирс, сүлөөсүн, суусар, тыйын чычкан ж.б. бар. Өсүмдүктөрдөн: карагай, арча, ит мурун, четин, карагат, дан куурай... |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Каратал-Жапырык мамлекеттик коругу | 1994 | Нарын облусу | Милдети – Ички Теңир-Тоонун кайталангыс жаратылыш комплексин сактоо (карагай, арча токойлорунун массивдери, бадалдар жана шалбаалар). Бугу, элик ж.б. жаныбарлар бар. |
| Ысык-Көл мамлекеттик коругу | 1948 | Ысык-Көл облусу | Милдети – суудa сүзүүчү канаттууларды (ак куу, кызыл баш чумкугуч, соно, кашкалдак, боз каз ж.б.), көл жээгиндеги фаунаны жана флораны коргоо, ошондой эле балык уулоого көзөмөл жүргүзүү. |
| Сарычат-Эрташ мамлекеттик коругу | 1995 | Ысык-Көл облусу | Кайталангыс тоо ландшафты, жоголуп бараткан сейрек жаныбарларды (аркар, тоо теке, илбирс) сактоо максатында 1995-жылы уюштурулган. |
| Падыша-Ата мамлекеттик коругу | 2003 | Жалал-Абад облусу | Милдети – кайталангыс арча токойлорун, Семёнов кызыл карагайын сактоо. Грейг жоогазыны, ак илбирс, аюу, бүркүт, шумкар бар. |
| Кулун-Ата мамлекеттик коругу | 2004 | Ош облусу | Арча-ийне жалбырактуу токой. Коруктун аймагында өзүнүн коздугу менен таң калтырган бийик тоо көлү Кулун жайгашкан. |
| Кара-Буура мамлекеттик коругу | 2005 | Талас облусу | Батыш Теңир-Тоонун альпы жана субальпы шалбааларын жана биологиялык түрлөрүн сактоо, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн сейрек кездешүүчү жана жоголуп кетүү коркунучундагы түрлөрүн коргоо, өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын тармагын кеңейтүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Сурматаш мамлекеттик коругу | 2009 | Баткен облусу | Милдети – кайталангыс жаратылыш комплекстерин жана биологиялык түрлөрдү сактоону камсыз кылуу, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсүнүн сейрек кездешүүчү жана жоголуп кетүү коркунучундагы түрлөрүн коргоо. |

Кыргызстанда улуттук жаратылыш парктары – 9. Улуттук жаратылыш парктарынын жалпы аянты 287,2 миң гектарды түзөт, аларда участкалар боюнча бөлүштүрүлгөн (корук, эс алуу зонасы ж.б.) жана жаратылыш комплекстерин пайдалануунун коргоо режими түзүлгөн.

Мамлекеттик жаратылыш парктары төмөнкү негизги милдеттерди аткарууну: ландшафттарды, суу объекттерин, флораны, фаунаны, тарых жана маданият эстеликтерин сактоону, туризмди өнүктүрүү, эс алуу, улуттук парктын жаратылышы менен таанышуу, жаратылыш комплекстерин сактоонун илимий методдорун иштеп чыгуу жана ишке киргизүү үчүн шарттарды түзүүнү камсыз кылат.

**Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жаратылыш парктары:** Кыргыз Улуттук «Ала-Арча» паркы, Кыргыз-Ата, Беш-Таш, Кара-Шоро, Каракол, Чоң-Кемин, Салкын-Төр, Саймалуу-Таш, Саркент.

## Дүйнө экологдун көзү менен

**Максат:** «экология» түшүнүгү менен тааныштыруу, жаратылыштагы жандуулар менен жансыздардын өз ара байланыштарын түшүндүрүү; жаратылышка аяр мамиле жасоого тарбиялоо; Кыргызстандагы экологиялык проблемалар жөнүндө билүү, келип чыккан проблемаларды практикалык жактан чече билүүгө үйрөтүү топто өз ара байланышта иштөөнү өнүктүрүү.

**Жабдуулар**: схема, ватман, түстүү карандаштар, фломастерлер, ребус, ачык түстөгү жиптин түрмөгү, таблицалар, маркерлер, кагаз барактары, «Суу», «Аба», «Топурак», «Өсүмдүктөр жана жаныбарлар» деген аталыштары бар табличкалар.

## Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

– Өзгөчө корголуучу аймактар жөнүндө айтып бергиле. Алар эмне үчүн түзүлөт?

– Мектеп окуучулары коруктардын кызматкерлерине кандайча жардам бере алышат? (Урук чогултуу, дарактарды отургузуу жана багуу.)

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

**Мугалим:** Бүгүн силер эң жаш илимдердин бири менен таанышасыңар. Ал эмнеге үйрөтөрүн, эмне үчүн керек экенин билесиңер. Бул илим эмне деп аталарын билгиле. Бул үчүн таблицадагы сөздөрдүн биринчи тамгаларын атап жана бириктирип окуу керек.

| элик | каз | оазис | лама | океан | гербарий | ийнелик | ягуар |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | | |

**«Жөргөмүштүн желеси» оюну өткөрүлөт.**

**Оюндун жүрүшү**

Доскага бир нече окуучу чакырылат (5тен кем эмес). Бир бала каалаган өсүмдүктү же жаныбарды атайт. Мисалы, «кайың». Мугалим минтип сурайт:

– Кайыңдын өсүшү үчүн эмне керек?

Катышуучулардын бири “**Суу”** дейт**.**

Биринчи катышуучу жиптин учун кармап, ага түрмөк жипти ыргытат.

Андан кийин түрмөк жип кийинки суроого жооп берген катышуучуга берилет. Суроолор мүмкүн болушунча жаратылыш объекттеринин өз ара байланыштарын (тамак-аш жана тамак-аш эмес) көбүрөөк көрсөткөндөй берилиши керек. Оюндун акырында бардык окуучулар жөргөмүштүн желеси сыяктуу түстүү жип менен чырмалышып калуулары керек.

- Өсүш үчүн кайыңга эмне керек? (Күн, аба, суу.)
- Кайыңдын жалбырактары менен эмне азыктанат? (Курттар.)
- Курттар менен эмне азыктанат? (Канаттуулар.)
- Кайыңдын түбүндө эмне өсөт? (Козу карындар, гүлдөр ж.б.)

**Мугалим:** Силерге ушул оюн эмнени көрсөттү?

(Жаратылышта бардыгы өз ара байланышта.) Ушул байланыштарды экология илими изилдейт.

**Окуу китеби менен иштөө**

- Окуу китебинен макаланы тыным менен үн чыгарып окуу.
- Схеманы карагыла. Жандуу жана жансыз жаратылыштын объекттери кандайча өз ара байланышта экенине мисал келтиргиле.
- Аныктаманы дептерге жазгыла. Бул сөз эмнени билдиреरин түшүндүргүлө.

**Дене тарбия мүнөтү**

Биз басабыз, басабыз,
Колду бийик көтөрүп,
Башты да бийик көтөрүп,
Бир калыпта, терең дем алып.
*(Колду көтөрүү менен басуу.)*

Капысынан шакка уясынан түшүп калган балапанды көрдүк.
Балапанды акырын алабыз,
Кайрадан уясына салабыз.
*(Алдыга эңкейип, колду жерге тийгизебиз, түз туруп, колду жогору көтөрөбүз.)*

Алдыдагы бир түп бадалдан куу түлкү карап турат.
Биз түлкүдөн да куулук кылабыз,
Байпакчан жүгүрөбүз.
*(Байпакчан чуркоо.)*

Биз көп нерсени көрдүк:
Сууларды да, гүлдөрдү да.
Жаңы көп нерсени билдик,
Мен дагы, сен дагы, баарыбыз.

**Доскадагы жана окуу китебиндеги сүрөттөрдү карагыла.** Бул жерде жандуу жана жансыз жаратылыштын кандай өз ара байланыштары көрсөтүлгөнүн айтып бергиле. (*Ар бир катар өз сүрөтүн баяндайт.)*

**Бышыктоо**

**3 топко** бөлүнгүлө **(катар боюнча).** Ар бир топ чогуу сүрөт тартышат. Топтун милдети – курчап турган чөйрө төмөнкүлөр үчүн эмнени түзөрүн көрсөтүү:

**1-топ** – балык,
**2-топ** – эмен багы,
**3-топ** – көпөлөк.

Ар бир топтон 1–2 бала жаратылыш объекттеринин өз ара байланыштарын түшүндүрүү менен сүрөттөрүн беришет. Калган топтордун катышуучулары баалашат.

Бүгүн силер бардыгыңар бир сабакта эколог болосуңар жана бир нече маанилүү маселени чечкенге аракет кылгыла.

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

**«Жөргөмүштүн желеси – 2» оюну өткөрүлөт**

**Мугалим:** Биздин дүйнө жөргөмүштүн желеси сыяктуу татаал жана аярлуу. Жөргөмүштүн желесинин бир жибине тийип койсоңор, бардык калгандары кыймылдайт. Ал эми биз желеге жөн эле тийип койбостон, ага аңырайган тешик калтырабыз. Ушул планетага чогуу жайгашкан, бирок алардын жеке менчиги болуп эсептелбеген өсүмдүктөрдү жана жаныбарларды адамдар гана жазып, адамдар гана коргой алат.

Топтордогу окуучулар түстүү жиптердин жардамы менен карагай жаратылыштын башка объекттери менен кандайча байланышканын көрсөтүшөт (Үй тапшырма). «Жөргөмүштүн желеси» пайда болот. Андан кийин катышуучулар жип чоюлгудай абалда артка чалкалашат, эгерде алардын бири кетип калса, жип бошой түшөт.

Жетектөөчү ар бир топ үчүн уламыш айтып берет (бул жерге карагайлар үйүлөт, бул жерге жаңы там курушат, бул жерде бардык жырткычтарды жок кылышат, бул жерде абанын бузулгандыгынан бардык канаттуулар өлүп калышат).

**Мугалим:** Эгерде жаратылыштын бир эле компоненти жок болуп кетсе жаратылышка эмне болот? (Байланыштар начарлайт жана бузулат.) Экологиялык проблема келип чыгат!

Ушул проблемалардын пайда болушуна ким күнөөлүү?

**Окуу китеби менен иштөө**

**Мугалим:** Биздин өлкөдө бүгүнкү күндө кандай экологиялык проблемалар турганы менен таанышкыла. Ал үчүн силер окуу китебиндеги макаланы окушуңар керек жана жаратылыштын силер турган объектисинде адамдын иш-аракетинин натыйжасында пайда болгон проблемаларды гана тандоо керек. *Столго «Аба», «Суу», «Топурак», «Өсүмдүктөр жана жаныбарлар» деген табличкалар коюлат.*

Балдар топтордо окуу китебиндеги макаланы окушат. Таблицанын 1-мамычасын толтурушат (ар бир топ өзүнүн ватман кагазына). Ар бир топко окуу китебинде берилген белгилердин топтомун сунуштаса болот, балдар алардын өздөрүнө туура келгендерин тандашат жана таблицанын 1-мамычасына чапташат. Жаратылыштын силердеги объектисине адамдын терс таасиринин мисалдарын кошкула.

| Экологиялык проблема | Экологдор кандай кеңеш берет |
| --- | --- |
| | |

**Бышыктоо**

Өзүңөрдү окумуштуу экологбуз деп элестеткиле. Адамдарга сунуш бергиле. Айлана-чөйрөнүн бузулушуна жол бербөө үчүн эмне кылуу керек?

Топтордун сунуштары экинчи мамычага жазылат. Презентация өткөрүлөт.

– Силер аткара ала турган аракеттерди кызыл маркер менен белгилегиле.

**Сабакты жыйынтыктоо**

- Экологдордун кеңеши кимге керек?
- Силер эмнеге үйрөндүңөр?
- Экология илими эмнени үйрөтөт?
- Ал эмне үчүн керек?

## VII БӨЛҮМ. Адам жана ден соолук

**Маалымат компетенттүүлүгү** – *адам менен айлана-чөйрөнүн ортосундагы байланышты түшүндүрө билүү. Өзүнүн организминин таталдыгын түшүнүү, өзүнүн ден соолугуна камкордук көрүү. Органдардын милдеттерин түшүндүрүү. Ден соолукту сактоо, сергек жашоо мүнөзүндө болуу ыкмаларын билүү.*

**Өзүн өзү уюштуруу жана проблемаларды чечүү** – *өзүнүн организмин оорулардан коргоо ыкмаларын аныктаганды билүү. Жаракат алганда, күйгөндө, тоңуп калганда алгачкы жардамды көрсөтө билүү.*

*Адамдардын күндөлүк иш тартиби жана алардын жеке гигиенасы жөнүндө маалыматтарды алуу. Сүрөттөрдөн түрдүү органдарды таануу. Дене тарбия көнүгүүсүнө чейин жана андан кийин пульсту ченөө. Кошумча маалыматтарды табуу жана пайдалануу.*

**Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүгү** – *өзүнүн организми жөнүндө камкордук көрүү. Классташтарына организмдин милдеттери жөнүндө презентация даярдоого жардам берүү. Спорт менен машыгууга каалоосун жаратуу. Классташтары жана мугалим менен өз ара байланышта иштөө.*

## § 29. Адамдын организми

**Максат:** адамдын организми менен тааныштыруу, жалпы планда анын түзүлүшү, анын органдарынын иштеши жөнүндө билүү, ден соолукту сактоонун зарылдыгын түшүнүү, өз организмине көңүл буруп, мамиле жасоого тарбиялоо; адамдын сезүү органдары жана алардын маанилери жөнүндө билүү, сезүү органдарын сактоого үйрөнүү.

**Жабдуулар:** ички органдардын сүрөттөрү бар плакат, медицина илимдердин аталыштары бар карточкалар, картондон жасалган адамдын модели,картондон жасалган адамдын тулкусу, пластилин.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

**Мугалим:**

- Жаратылыштын бардык объекттерин эки кандай чоң топко бөлүүгө болот? (Жандуу жаратылыш, жансыз жаратылыш.)
- Жандуу жаратылыш жансыз жаратылыштан эмнеси менен айырмаланат?

Жандуу жаратылыштын эң таң калыштуу объекттерин билгиңер келеби? Ал ким? Табышмакты тапкыла: Дүйнөдө баарынан күчтүү, анткени, ал баарынан акылдуу.(Адам)

Адам жөнүндө эмнелерди билгиңер келет? *Балдардын бир нече жооптору угулат.*

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

Биз жаңы бөлүмдү үйрөнүүнү баштайбыз. Силер адам кандай түзүлгөнүн, анын органдары кандай иштээрин билесиңер. Өзүңөрдүн организмиңер менен ынтымакта жашаганды үйрөнөсүңөр.

**Окуу китеби менен иштөө**

Балдар окуу китебинен текстти абзацтар боюнча тыным менен окушат.

**Дене тарбия мүнөтү**

Бир, эки, үч,
Манжабызда күч.
Төрт, беш, алты,
Өйдө турдук жалпы.
Жети, сегиз, тогуз,
Сунулду алга колубуз.
Он, он бир, он эки,
Таянабыз бөйрөктү.
Он үч, он төрт, он беш,
Моюнга кыймыл керек.
Он алты, он жети, он сегиз,
Олтурдук кайра тегиз.

*Ы. Кадыров*

**Бекемдөө**

Адамдын организмин изилдөөчү илим эмне деп аталат?

| Анатомия | Физиология | Гигиена |
|---|---|---|
| | | |

**Практикалык иш**

– Адамдын ички органдары кайда жайгашканын өз денеңерден тапкыла жана көрсөткүлө.

– Адамдын моделине пластилиндин жардамы менен органдардын жайгашуусун көрсөткүлө. *Иш мугалимдин жетекчилигинде ыраатты менен жүргүзүлөт.*

– Ички органдардын функциялары жөнүндө кыскача айтып бергиле. *Балдар плакат боюнча адамдын ички органдарынын жайгашуусу жөнүндө айтып беришет.*

– Физиология, анатомия, гигиена эмнелерди үйрөтөт?

## § 30. Сезүү органдары

**Максат:** адамдын сезүү органдары жана алардын мааниси жөнүндө билүү, сезүү органдарын сактаганга үйрөнүү.

**Жабдуулар:** «Адам» плакаты, кроссворд, жыттуу зат салынган банка, жаныбарлардын үндөрүнүн жазуусу.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

Балдар плакат боюнча адамдын ички органдарынын жайгашуусу жөнүндө айтып беришет.

- Физиология, анатомия, гигиена эмнелерди үйрөтөт?
- Адамдын кайсыл органы – эң негизги?

**Жаңы материалды түшүндүрүү**


Бүгүн силер адам айлана-чөйрө жөнүндө маалыматтарды кандайча алаарын билесиңер.

Окуучу окуу китебинен биринчи абзацты окуйт.

– Адамда канча сезүү органы бар?

**Класс 5 командага бөлүнөт.** Мугалим кезек менен ар бир команданы чакырат. Тапшырманы аткаруу, жыйынтык чыгаруу сунушталат.

**Биринчи команда** логикалык маселени чыгарат: формасын, түсүн, өлчөмүн өзгөртүү керек.




– Кайсы органдын жардамы менен силер нерсенин түсүн, өлчөмүн жана формасын айырмалай аласыңар?

**Көз – көрүү органы.**

**Экинчи команда** жыты боюнча банкада кандай азыктар болгонун аныкташат (пияз, чеснок, лимон, шоколад).

– Билүүгө эмне жардам берди, банкада эмне болгон?

**Мурун – жыт сезүү органы.**

**Үчүнчү команда** жаныбарлар чыгарган үн боюнча аныкташат (үн магнитофонго жазылган.)

– Кайсы орган жардам берди?

**Кулак – угуу органы.**

**Төртүнчү команда** көздү жуумп, ар бири даамын татып аныкташат (тиш чукуурда бир кесим алма, апельсин, нан, конфета, сыр).

**Тил – даам сезүү органы.**

**Бешинчи команданын** көзү таңылат. Аларга: сызгыч, куурчак, топ, кашык берилет. Балдар аларды аташат.

– Кантип билдиңер? Муну жасоого кайсыл орган жардам берди?

**Тери – туюу органы.**

**Окуу китеби менен иштөө**

Топторго бөлүнгөн окуучулар окуу китебинен өздөрүндө жазылган органдар жөнүндөгү текстти окуйт, маалымат даярдайт. (Кыйла даярдыгы бар класста балдарга сезүү органдары жөнүндө кошумча булактарды табууну алдын ала сунуштаса болот. Бул материалды презентация үчүн топтор пайдаланса болот.)

Окуу китебиндеги доктордун сунуштаган кеңештеринен алар тандаган орган үчүн ылайык келгени тандалат.

Сезүү органдарын презентациялоо жүргүзүлөт.

**Бышыктоо**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 2 М | | | |
| | | У | 4 Т | | |
| 1 Т | Е | Р | И | | |
| | 3 К | У | Л | А | 5 К |
| | | Н | | | Ө |
| | | | | | З |

1. Арыктагы суу муздак же жылуу экени билүүгө кайсы орган жардам берет?
2. Эгерде силер башка бөлмөдө жүрсөңөр, ашканада апаңар токоч жасап жатканын билүүгө кайсыл орган жардам берет?
3. Мектептин коңгуроосун угууга кайсы орган жардам берет?
4. Тамактын даамын кайсы орган аныктайт?
5. Кайсы органдын жардамы менен айланаңдагы буюмдарды көрөсүңөр?

**Тери гигиенасы**

Окуучу Г. Остердин ырын окуйт:

Эч качан колуңду, бетиңди,
Моюнуңду, кулактарыңды жууба.
Бул бекер убакыт кетирүү,
Төмөнкүлөр мисал буга:
Кайра эле булганат бетиң,
Моюнуң, кулактарың, колуң.
Бул жөн эле күч жумшап,
Убакытты кетирген оюн.
Эч мааниси деле жок,
Алдырбай эле кой чачыңды.
Карыганда чачың өзү эле түшөт,
Жылтыратып башыңды.

– Окуучу тура кеңеш бердиби? Буга силер макулсуңарбы?

**Окуу китеби менен иштөө.** Үн чыгарып 1-абзацты окуу.

- Терини эмне үчүн күтүү керек?
- Силер териңерди кандайча күтөсүңөр? (балдардын жооптору)

*Окуу китебин өз алдынча окуу. Окулганды талкуулоо.*

«Териге эмне пайдалуу?» деген сүрөт боюнча аңгемелешүү.

– Силер теринин кандай зыянга учуроосун билесиңер?

Алгачкы жардам көрсөтө билүү маанилүү. Балдар тери зыянга учураганда алгачкы жардамды кандай көрсөтүү керектигин окушат жана түгөйлөшүп талкуулашат.

**Бышыктоо. «Доктор кеңеш берет!» оюну**

Бир окуучу досканын жанында барып ак халат жана шапочка киет. Балдар суроо беришет. Доктор жооп берет.

Мугалим предметтерди көрсөтөт (сүрөт боюнча көрсөтсө да болот): бинт, йод куюлган банка, суутек перекиси бар банка, жүндөн токулган жумшак чүпүрөк.

Тери кандай зыянга учураганда ушул предметтер керек?

**Практикалык иш:** колдогу жаракатты таңуу. Түгөйлөшүп иштөө.

**Сабакты жыйынтыктоо:**

- Сабакта эмнеге үйрөндүңөр?
- Сабакта эмнелерди билдиңер?
- Кайсы маалымат силер үчүн өзгөчө кызыктуу болду?
- Үйдөн эмнелер жөнүндө айтып бересиңер?
- Терини күтүүнүн кайсы эрежелерин дайыма аткарасыңар?

Сүйлөмдү аягына чыгаргыла:

- «Бүгүн мен сабакта төмөнкүлөрдү билдим...».
- «Мен абдан маанилүү деп эсептейм...».

**Үй тапшырмасы**

## Тери – организмди ишенимдүү коргоочусу

**Максат:** теринин түзүлүшү, анын милдеттери менен тааныштыруу, байкоо жүргүзүүгө, жыйынтык чыгарууга үйрөтүү; терини күтүү эрежелери менен тааныштыруу, тери зыянга учураганда алгачкы жардам көрсөтүү жөнүндө билүү, өз организмине камкор мамиле жасоо зарылдыгын түшүнүү.

**Жабдуулар**: лупа, «Теринин түзүлүшү» плакаты, «Тышкы кабыкча», «тери», «тери алдындагы май» табличкалары; плакат-кластер, доктордун баш кийими жана ак халат, аптечка, ар бир балада бинт.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

**Табышмактарды тапкыла.** Алар эмне жөнүндө?

Кичинекей медерим,
Жер түбүнө жетерим. *(көз)*

Казан толо чий боорсок,
Ортосунда чоң боорсок. *(тил)*

Эшигин жаппай эч качан,
Көрбөй туруп жытынан билет. *(мурун)*

Элейип добуш тыңшаган. *(кулак)*

Көздү, тилди, мурунду, кулакты кандай сактоо керектиги жөнүндө айтып бергиле.

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

**Мугалим:** Бүгүн биз адам организминин таң калыштуу органы – тери жөнүндө кененирээк сүйлөшөбүз. Тери жөнөкөй эле кабыкча эмес – бул көп милдет аткарган татаал орган. Аны далилдөө үчүн чакан изилдөө жүргүзөбүз.

**Окуу китеби боюнча практикалык иш**

**Окуу китеби менен иштөө**

Окуучу биринчи абзацты үн чыгарып окуйт.

– Организмде тери кандай милдеттерди аткарат?

– Сүрөттү карагыла. Теринин түзүлүшү жөнүндө эмнелерди айтууга болот?

**Дене тарбия мүнөтү**

Чарчаганда сабактан,
Ордубуздан турабыз.
Бир отуруп, бир туруп,
Кызык оюн курабыз.
Оң бөйрөктү таянып,
Ийилебиз оңго.
Сол бөйрөктү таянып,
Ийилебиз солго.
Эки колду жаябыз,
Жетишинче чамабыз.
Учуучудай талпынып,
Куштай канат кагабыз.
Дабырабай акырын,
Ордубузда басабыз.
Бир мүнөттүн ичинде,
Дене-бойду жасабыз.

*Ы.Кадыров*

Балдар теринин түзүлүшү жөнүндө өз алдынча окушат.

– Тери кандай катмарлардан турат? *Балдардын жоопторунун учурунда доскага схема түзүлөт.*

| | |
|---|---|
| | тышкы катмар |
| | тери |
| | тери алдындагы май |

**Бышыктоо**

Окуучулар таблицаны дептерге көчүрүп жазышат.
Синквейн[13] түзүлөт.
**1-сап** – синквейндин негизин түзгөн зат атооч (тери)
**2-сап** – 2 сын атооч
**3-сап** – 3 этиш
**4-сап** – синквейнге маанилүү фраза
**5-сап** – жыйынтык формасындагы зат атооч (биринчи сөзгө маанилеш)
*Бир нече окуучу жасаган иштерин окуйт..*

**Мугалим:**

- Адам үчүн тери кандай мааниге ээ?
- Тери бөлүп чыгаруучу май жана тер кандай мааниге ээ?

Адамдын чачы жана тырмактары жөнүндө балдардын маалыматтары угулат.

## § 31. Скелет жана булчуңдар

**Максат:** скелет жана булчуңдар жөнүндө билүү, адам кандай кыймылдаарын түшүнүү, өзүнүн ден соолугу жөнүндө камкордук көрүү; келбет жана анын мааниси жөнүндө билүү, келбетти туура сактоого үйрөнүү.

**Жабдуулар:** «Адамдын скелети», «Туура отур» плакаттары; туура жана туура эмес келбеттүү баланын сүрөтү.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

- Адамдын денеси эмне үчүн агып кетпеген жана эрип кетпеген формага ээ деп ойлойсуңар?
- Колуңарды алдыңарга коюп сыйпалап көргүлө, ошондой эле башыңарды жана көкүрөгүңөрдү да сыйпалагыла. Теринин астынан эмнени сездиңер? (Теринин астында булчуңдар жана сөөк бар.)
- Сөөктөр адамдын скелетин түзөт. *Плакат илинет.*

---

[13] Синквейн (от фр. cinquains, англ. cinquain) – XX кылымдын башында жапон поэзиясынын таасиринде жазылган. АКШдагы беш сантуу ыр формасы.

**Окуу китеби менен иштөө**

Балдар абзацтарды улам тынып, өз алдынча окушат, тапшырманы аткарышат. *Сүрөт боюнча скелеттин бөлүктөрүн табышат, аларды плакаттан, өздөрүнөн көргөзүшөт.*

- Кайсы органдар скелетти коргойт?
- Сөөктөрдү эмне кыймылга келтирет?

**Өз алдынча окуу**

**Талкуулоо**

**Бышыктоо**

**Практикалык иш**

Оң колуңардын манжалары менен сол колуңардын каруусун кармагыла. Сол колуңарды чыканактан бүккүлө.

- Эмнени сездиңер?
- Эмне үчүн мындай болот?

Тажрыйбаны кайталагыла. Манжаларыңды чыканак астындагы чуңкурчага кармагыла.

- Эмнени сездиңер? (Тарамыштар тартылат.)
- Булчуңдар жана сөөктөр бири-биринен эмнеси менен айырмаланат?
- Алардын ортосунда жалпы эмне бар?

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

Эки бала мектепке бара жатышат. Биринин ийининде ранец, ал эми экинчисинин колунда пакет. Ранец асынган бала бүкүрөйбөстөн тез басат, ал эми пакет кармаган бала бир капталына кыйшайып жай басат. *Доскада эки баланын сүрөтү. Бирөө сымбаттуу, экинчиси бүкүр.*

- Балдарга ат койгула. Алардын кимиси мектепке пакет менен, кимиси жонуна көтөргөн ранец менен келатканын тапкыла.
- Окуу китептерин сумка (портфель, пакет) менен көтөргөн же ранең менен көтөргөн жакшыбы?
- Эмне үчүн? Келбет эмнеге көз каранды? Келбет деген эмне?

**Окуу китеби менен иштөө**

Балдар текстти абзац боюнча окушат.

- Келбетти сактоо керекпи? Эмнеге?

**Дене тарбия мүнөтү**

Буратино кол солду,
Оңго-солго бурулду.
Ачнычты таба албады,
Айласы жок кол жайды.
Бут башына ал чыкса,
Жетип алмак ачкыча.

**Бышыктоо**

Келбети туура эмес адамды караган жагымдуу болор-болбосун айткыла? Келгиле, анын келбетин оңдоого, сулуу жана ден соолугу чың болууга жардам берели.

Кандай кеңеш бересиңер? *Балдардын сунуштары доскага же ватманга жазылат.*

– Окуу китебинен пайдалуу кеңештерди окугула. Биз бардыгын эске алыптырбызбы?

– Ыракмат балдар! Эгерде биздин каарман бардык кеңештерди аткарса, анда ал сымбаттуу жана дени сак болот (сүрөт алмаштырылат).

**Сабакты жыйынтыктоо**

- Сабакта өзүңөр үчүн маанилүү болгон эмнелерди билдиңер?
- Өзүңөрдүн досторуңарга эмнелер жөнүндө айтып бересиңер?
- Силер дайыма кандай кеңештерди угасыңар?

**Үй тапшырмасы**

## § 32. Тамактануу

**Максат**: адамдын тамак сиңирүү органы менен тааныштыруу, тамак сиңирүү процесси жөнүндө билүү, туура тамактанууга талаптарды түзүү.

**Жабдуулар:** «Тамак сиңирүү органдары» плакаты, ар кандай азыктардын этикеткалары, топтордо иштөө үчүн таблицалар, азыктардын аттары жазылган стикерлер (ар бир окуучуда), Карлсон куурчагы, табличкалар.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо** (окуу китебинин же бөлөк формада суроолоруна жооптор.)

– Булчуңдарды жана сөөктү бекемдөө үчүн дене тарбия көнүгүүлөрүнөн башка эмне жардам берет? (Жакшы тамактануу.)

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

Адам – бул татаал система. Анын иштөөсү үчүн азыктандыруучу заттар зарыл. Биз кыймылдаганда же иштегенде азыктандыруучу заттар көбүрөөк чыгымдалат. Азыктандыруучу заттар адамдын мээсинин иштеши, сөөктөрүнүн өсүшү, булчуңдарынын жана бардык органдарынын иштеши үчүн зарыл.

Азыктандыруучу заттар организмге кандайча кирет?

Алардын кайсынысы организм үчүн пайдалуу, ал эми кайсылары зыяндуу?

**Окуу китеби менен иштөө**

Балдар окуу китебин өз алдынча окушат. Сүрөт боюнча тамак сиңирүү органын аныкташат (түгөйлөшүп иштөө). Бир нече окуучу «Тамак сиңирүү органдары» деген плакат боюнча тамак сиңирүү органын табышат.

**Жакшы тамактануу жөнүндө аңгемелешүү**

Бүгүн эртең менен Айбек булочка, шоколад, какао, бир кесим торт жана балмуздак менен тамактанды.

Баланын эртең мененки тамагы жакшы болдубу?

Жакшы тамактануу дегенди кандай түшүнөсүңөр?

Кайсы азыктандыруучу заттар организмге зарыл, ал кайсылардын кереги жок? *Балдар үн чыгарып окушат.*

**Бекемдөө**

**Класска төмөнкүдөй табличкалар илинген:**

| Майлар | Белоктор | Углеводдор | Витаминдер |
|---|---|---|---|
| | | | |

Окуучулар окуу китебинен үй табличкасын үйрөнүшөт. Андан кийин өзүнүн стикериндеги азыктын атын окушат жана өз тобуна келишет. (Стикердеги болжолдуу жазуулар: жууган май, балык, нан, эт, алма ж.б.)

Кайсы азыктар белокко, майга, углеводго, витаминдерге бай экени дагы бир жолу кайталанат.

**Топтордо иштөө**

Түрдүү азыктардын этикеткаларын кароо, таблицаны толтуруу, ушул азыктардын ичинен кайсынысы организм үчүн пайдалуу экенин аныктоо (ар бир топто үчтөн этикетка болот).

| Азык | Белоктор | Майлар | Углеводдор |
|---|---|---|---|
| | | | |

Топтон бир окуучу жооп берет.

- Топ кайсы азыкты изилдеди?
- Топтун катышуучуларынын пикири боюнча алардын кайсынысы эң пайдалуу болуп саналат? Эмне үчүн?

Карлсон «учуп келет».
Апа! Эмне болуп жатат?!
Моторум такыр иштебей калды.
Мен кыям жегем!
Дагы болду эле печенье деген!
Торт жана көптөгөн конфет:
Түштөнүү даамдуу болгон демек.
Эми менин моторум өчтү.
Кап, бекер жептирмин мынчалык көптү?

– Карлсон кандай ката кетирген?

**Топтордо иштегиле.** Карлсон жана балдар үчүн кандайча туура тамактануу жөнүндө кеңештерди түзгүлө. *Бир нече кеңеш окулат.*

**Сабакты жыйынтыктоо:**

- Сабактан эмнелерди билдиңер?
- Кайсы маалымат силерге эң маанилүүдөй сезилди?

**Үй тапшырмасы**

## § 33. Дем алуу

**Максат:** адам кандай дем аларын, дем алуу процессинин маңызын билүү. Дем алуу органынын саламаттыгын сактоо ыкмалары жөнүндө билүү.

**Жабдуулар:** сүрөттөр – схемалар, «Өпкө» плакаты, аба шариктери.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

- Тамак сиңирүүгө кайсыл органдар катышат?
- Кандайча туура тамактануу керек?
  Балдар үйдөн түзүп келген бир нече меню угулат жана талкууланат.

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

-Өткөн сабакта адам тамаксыз жашай албасы жөнүндө билгенбиз. Ал эми адам абасыз жашай алабы?

**Практикалык иш**

- Демиңерди кармагыла. Канча убакытка чейин кармаарыңарды ичиңерден санагыла. Эмне үчүн мындай болорун ойлонгула?
- Колуңарды төшүңөргө койгула, терең дем алгыла, андан кийин дем чыгаргыла.

Байкаганыңарды айтып бергиле.

**Окуу китеби менен иштөө**

Балдар өз алдынча окуу китебинен текстти окушат. Плакат боюнча дем алуу органы жөнүндө айтып беришет.

**Дене тарбия мүнөтү.** Дем алууга көнүгүү жасоо.

- Бир бала элестетилген шамды үйлөп өчүрөт.
- Майрамдык торттогу 10 шамды үйлөп өчүрөт.
- Балдар бир үйлөө менен аба шаригин толтурушат.
- Шариктин ичинде азыр эмне бар? Шариктин өлчөмүнө көңүл бургула.

Алар бардыгыңарда ар башка, анткени, ар бир адамдын өпкөсүндө өзүнчө абанын көлөмү болот.

– Силерде дем алуу менен проблема болду беле? Бул кандай жагдайларда болуп өткөн? *Балдардын жооптору угулат.*

– Окуу китебинен текстти окугула. (Текстти үн чыгарып окуу керек.)

**Бышыктоо**

- Өпкө – адамдын эң маанилүү органынын бир экенин далилдегиле.
- Окуу китебиндеги сүрөттү карагыла. Партадагы коңшуңар менен талкуулагыла. Дептердин барагын эки бөлүккө бөлгүлө: жаман- жакшы.

– Өпкөгө эмне зыян келтирет? Ден соолук үчүн эмне пайдалуу болуп эсептелет?

- Алынган таблицаны пайдаланып, өпкөнү таза сактоо боюнча кеңештерди түзгүлө. Аларды дептерге жазгыла.

**Сабакты жыйынтыктоо**

Сүйлөмдөрдү толтургула:

Мен ... билдим.
Мен ... үйрөндүм.
Мен эми ... жасай алам.

**Үй тапшырмасы**

## § 34. Ден соолук – адамдын башкы байлыгы

**Максат:** ар кандай оорулардын себептери, аларды дарылоо ыкмалары жөнүндө билүү; ден соолукту сактоо ыкмалары, өзүнүн эркинин күчүн тарбиялоо, өзүнүн организмине аяр мамиле жасоо менен тааныштыруу.

**Жабдуулар:** мектептин медициналык кабинетиндеги түрдүү оорулар жөнүндө брошюралар; топтордо иштөө үчүн барактар, жуунуп жаткан, спорт менен машыгып жаткан балдардын сүрөттөлүшү түшүрүлгөн сүрөттөр.

### Сабактын жүрүшү

**Өтүлгөн материалды кайталоо**

- Адам кандайча дем алат?
- Башкы дем алуу органынын көрүнүшү кандай?

Балдар түгөйлөшүп, өздөрү үйдөн даярдап келген эрежелер менен бири бирин тааныштырат.

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

**Оюн «+», «–».**

Айтылгандарды белги менен «+» (ооба) же «–» (жок) белгилөө. Мугалим окуйт, балдар белгилешет.

- Менин башым көп ооруйт.
- Менин мурдум көп бүтөт.
- Менин тиштерим ооруйт.
- Кээде менин кулагым ооруйт.
- Менин тамагым көп ооруйт.
- Мен жыл сайын грипп болом.
- Кээде менин жүрөгүм айланат.
- Мага ар кандай оорулар тез жугат.

– Эмне көбүрөөк болду: «+» же «–»? Эгерде силерде «–» көп болсо, демек, силердин организмиңер алсызданган жана ооруга сезгич болуп калган. Силерге ден соолугуңар чың болуш үчүн кандайча жардам берүү керек?

**Окуу китеби менен иштөө**

Балдар окуу китебинен текстти өз алдынча окушат.

- Организмге инфекция кандай жолдор менен кирет?
- Кандай инфекциялык ооруларды билесиңер?

**Дене тарбия мүнөтү**

- Күн тартиби деген эмне экендигин кандай түшүнөсүңөр?
- Күн, аба, суу менен денени чыңдоону кандайча туура жүргүзүү керек?

**Бышыктоо**


**Практикалык иш (төрттөн биригип иштөө).**

Эң кеңири тараган ооруларды (брошюралар боюнча), алардын пайда болуу себептерин, алдын алуу жана дарылоо методдорун изилдешет (грипп, кургак учук, сарык).

**Жаңы материалды түшүндүрүү**

**«Ким көп билет» оюну**

Балдар дени соо адамдын белгилерин айтышат.




**Окуу китеби менен иштөө**

Балдар өз алдынча окуу китебиндеги текстти окушат.

**Бышыктоо**

Мугалим классты топторго бөлөт. Тапшырма аткарылат.

- Кластер түзгүлө. Өзүңөрдүн кеңешиңерди кошсоңор болот. (Буларды кошсо болот: жакшы маанай, зыяндуу адаттардан баш тартуу, күн тартиби.)
- Топтордо бүткүл класс үчүн күн тартибин иштеп чыгуу.
- Аларды класска берүү.
- Топтордун сунуштары доскага жазылат. Талкуулагандан кийин кабыл алынат.

**Сабакты жыйынтыктоо**

- Күн, аба жана суу – биздин мыкты достор!
- Ден соолукту сактаганым – өзүмдү өзүм барктаганым! Бул сөздөр эмнелерди билдирет?

**Үй тапшырмасы**

## Адам жана ден соолук (оюн-сабак)

**Максат:** адамдын органдары жөнүндөгү билимдерди жалпылоо, өз организми жөнүндө кам көрүүгө, жолдошторуна урматтоо менен мамиле жасоого үйрөтүү.

**Жабдуулар:** бак, түстүү кагаздын барактары, тестти аткаруу үчүн таблица, саякаттоо картасы, жомоктогу каармандар, продуктулардын аттары жазылган себет, музыкалык коштоо, топтордо иштөө үчүн барактар.

### Сабактын жүрүшү

**Уюштуруу учуру**

Бүгүн силер «Ден соолук» өлкөсү боюнча кызыктуу саякатка чыгасыңар. Силерди кызыктуу жолугушуулар жана оңой эмес мелдештер күтүп турат, бирок мен бардык сыноолордон жакшы өтөөрүңөргө ишенем!

Жолго камынгыла, ден соолукту чыңдоого аракеттенгиле!

Доскага саякаттоо картасы ачылат. Жолдо – жомоктогу каармандар.

Балдар 4 командага бөлүнөт.

Жолго чыгарда кайсы буюмдарды алуу керектигин чечкиле. Ар бир команда керектүү буюмдардын тизмесин түзөт. Кимдики көп? Буюмдардын сүрөтүн сунуштаса да болот, андан балдар керектүүлөрүн тандап алышат.

Пункттан пунктка «өтүү» көңүлдүү ыр же музыкалык фрагмент менен коштолушу мүмкүн. Жолдон балдар жомоктогу каармандар менен жолугушат, алар балдарга тапшырма берет. Ар бир тапшырманы аткаргандыгы үчүн команда упай алат.

**Мойдодыр табышмак катат**

Жылмакай, жыттуу, түрү көп,
Колуңду жуусаң көбүрөт. *(самын)*

Тишиңе керектүү, тик турат чачы,
Күнүгө кармайсың, аты. *(тиш щётка)*

Тикенектей тиши көп, тизилген катарга,
Сеңселтет чачыңды  сабакка барарда. *(тарак)*

Керек болуп чүчкүргөн сайын,
Чөнтөгүндө жүрөт дайым. *(жүз аарчы)*

**Айболит суроолорду берет:**

**1-команда.** Кандай ооруларды билесиңер?

**2-команда.** Оорубаш үчүн эмне кылуу керек?

**3-команда.** Урунганда жана жаракат алганда алгачкы жардамды кантип көрсөтөсүңөр?

**4-команда.** Күйгөндө алгачкы жардамды кантип көрсөтөсүңөр?

Айболит жаракатты таңуу керектигин сунуштайт. Ал үчүн ар бир командадан 1 адамдан тандайт.

**Карлсон туура тамактануу жөнүндө суроолорду берет**

1. Столдо себеттер, азыктардын аталышы жазылган баракчалар: акшак, сүт, момпосуй, сагыз, балык, быштак, таттуу вата, эт, нан, торт, алма, кызылча, пияз. Тамактануу үчүн зарыл болгон азыктарды гана тандоо керек. Класска көрсөткүлө.

2. Команданы угат:

**Коён**

Мен коёнмун алаң көз,
Бөрү дайым мага өч.
Толгум келет күчкө мен,
Коркуткандай баарын тең!

Ар бир команда кандайча күчтүү жана шамдагай болууга кеңеш берет. Дене тарбия көнүгүүлөрүнүн комплексин көрсөтүшөт (балдар аларды үйлөрүндө даярдашкан, командада талкуулашат, бардыгы бирге аткарышат).

**Кызыл топучан. «Ким чоң» деген оюн**

Ар бир команда үйдөн даярданып келген ден соолук жөнүндөгү макал-лакаптарды айтышат.

**Сабакты жыйынтыктоо**

- Мелдештин жыйынтыгы чыгарылат.
- Шартуу «Ден соолук дарагы» доскага илинет.
- Балдар барактагы төмөнкү сүйлөмдү улантып жазышат: «Мен ден соолугума кам көрөм, анткени мен...»
- Баракчаны даракка чапташат.
- Бул сүйлөмдү хор менен кайталашат: «Ден соолукту сактаймын, жардам берем, жатпаймын!»

## АЛДЫДА ЖАЙ

Жыйынтык сабагы майрам, мелдеш, экскурсия, окуучулардын чыгармачылык иштерин коргоо түрүндө өткөрүлүшү мүмкүн. Окуучулар өз аймагын үйрөнүүдөгү жыйынтыктарын чыгарышат, алган билимдерин системалаштырат, жайкы каникулга карата тапшырмаларды алат («Каникулду пайдалуу өткөргүлө» окуу китебиндеги бөлүм).

# АДАБИЯТТАР


1. *Айтматов Ч.* Ак кеме. – Фрунзе: 1985
2. *Айтматов Ч.* Уламыштар. – Фрунзе: 1985
3. *Акимушкин И.* Деңиз тайыздоодо: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
4. *Акимушкин И.* Сууну кошулмалардан тазалоо. Эриген жана эрибеген заттар: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
5. *Архангельский В.* Асманда каалгыйт булуттар: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
6. Балдар энциклопедиясы. – Бишкек: Раритет, 2012.
7. Балдардын чоң энциклопедиясы. – М.: РОСМЭН, 2007.
8. *Богомолов Г.* Шалбаалардагы турмуш: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
9. *Брыкина Н. Т., Жиренко О., Барылкина Л. П.* «Бизди курчаган дүйнө» курсу боюнча 1–4-класстар үчүн сабактар. – М.: ВАКО, 2004.
10. *Верзилин Н.* Тропикалык токой: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
11. *Водовозов В.* Аба. Абанын касиеттери: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
12. *Гвоздев О.* Түштүк Америка тропикасы: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
13. *Горин А.* Суунун иштери: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
14. *Горский И.* Жер астына саякат: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.

15. *Горский И.* Жер астындагы суу. Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
16. *Гумилевская М.* Жашыл жалбырактын сыры: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
17. *Гумилевская М.* Жашылдар дүйнөсүндөгү достук жана жардам: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
18. *Дитрих А., Юрмин Г., Кошурникова Р.* Эмне үчүн? – М.: Педагогика-Пресс, 1992.
19. *Дмитриева Н. Я.* Биз жана бизди курчаган дүйнө: 3-класс үчүн окуу китеби. – Самара: Корпорация «Федоров», 2004.
20. *Дмитриева О. И., Максимова Г. В.* «Курчап турган дүйнө» курсу боюнча 3-класстын сабактары. – М.: ВАКО, 2006
21. *Дмитриева О. И., Мокрушина О. А.* «Курчап турган дүйнө» курсу боюнча 4-класстын сабактары. – М.: ВАКО, 2006.
22. *Домашов И. А.* Экология. – Бишкек, 2004.
23. *Дорохов А.* Жеңил, оор: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
24. *Дудашвили С. Д.* Кыргызстандын жаратылышы. – Бишкек: Раритет, 2000.
25. *Елкина Н.* В. 1000 табышмак. – Ярославль: Академия развития, 2002
26. *Жангазиев М.* Ырлар: – Фрунзе, 1985.
27. Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
28. *Захарова Т.* Абан кайда агат? Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
29. *Захарова Т.* Үңкүрлөр: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.

30. *Ивченко С.* Укмуштуу токой: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
31. *Кадыров В. В.* Кыргызстандын жаныбарлары. – Бишкек: Раритет, 2004.
32. *Кадыров Ы.* Тамга – сандык, сөз – куржун. – Бишкек, 2014.
33. *Кириченко Л.* Пайдалуу кендер кантип пайда болду? М.: Просвещение, 2008.
34. *Кленов А.* Жандуу таштар: Жаратылышты коргоо боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
35. *Константиновский М.* Суу жана анын касиеттери. – М.: Просвещение, 2008.
36. *Коростелев Н.* «Жашыл ап теканын» дарылары. – М.: Просвещение, 2002.
37. *Коростелев Н.* Уулуу өсүмдүктөр. – М.: Просвещение, 2002.
38. *Кустарева Л. А.* Кыргызстандын көмөлөрүндөгү турмуш. – Бишкек: Илим, 2007.
39. Кызыккандар үчүн сүрөттүү энциклопедия. – М.: РОСМЭН, 2006.
40. Кыргыз адабияты (антология). IV том. – Б., 2012.
41. Кыргыз акын-жазуучулары балдарга. 1-китеп. – Бишкек, 2008.
42. Кыргыз поэзиясынын антологиясы. – Бишкек, «Кыргызстан-Сорос» фонду, 2000.
43. Кыргыз эл жомоктору. – Фрунзе: Мектеп, 1985.
44. *Лебединский В.* Тоо кендери: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
45. *Ляшова Н. Н.* Жаратылышты таануу боюнча түрдүү деңгээлдеги текшерүү жана тесттик иштер, 1–4 класстарга. – Ростов-на-Дону: Феникс, 2003.

46. Макал-лакаптар. Нуска сөздөр. Накыл кептер. Залкар ойлор. – Бишкек, 2012.
47. *Маликов К.* Ырлар жыйнагы. – Фрунзе, 1985.
48. *Марголин Я.* Жаратылыш алакасы: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
49. *Мезенцев В.* Суу – түбөлүк саякатчы: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
50. *Мезенцев В.* Тоолор от менен дем алат: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
51. Менин алгачкы энциклопедиям. – Бишкек: Фонд «Сорос Кыргызстан», 1998.
52. *Ноэль-Цигульская Т. Ф.,* 2000.
53. *Обухова Л. А., Лемяскина Н. А.* Табияттын докторлор мектеби же ден соолуктун 135 сабагы. 1–4 классы. – М.: ВАКО, 2005.
54. *Осеева В.* Окуу китеби. – М.: Просвещение, 2004.
55. *Осмонов О.* Кыргызстандын тарыхы: (байыркы мезгилден биздин күнгө чейин). – Бишкек, 2003.
56. *Өмүрбаев С.* Бурные дни: Фрунзе, 1985.
57. *Паустовский К.* Жашыл сакчы: Табиятты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
58. *Плешаков А. А.* Бизди курчаган дүйнө. – М.: Просвещение, 2005.
59. *Плешаков А. А.* Жаратылыш таануу: Төрт жылдык башталгыч мектептердин 3-классы үчүн окуу китеби. – М.: Просвещение, 1992.
60. *Пожарицкая Н.* Бир тамчы суудагы өмүр: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
61. Программа. Мекен таануу, 1–4 класс. – Бишкек: МОиН КР, 2008.

62. *Садов М.* Табиятта эс алуу. – СПб.: Литера, 2000.
63. *Сирель Кале.* Мекен таануу: 3-класстын окуу китеби. – Таллин: Колибри, 2005.
64. *Сладков Н.* Кум дөбөлөрдү аралап: Жаратылышты таануу боюнча хрестоматия. – М.: Просвещение, 2008.
65. *Сонин Н. И.* Мекен таануу. үлгүдөн тышкаркы сабактар. – М.: Айрис Пресс, 2007.
66. *Субанова М. С.* Кыргызстандын өсүмдүктөрү. – Бишкек: Раритет, 2001.
67. Табият жана байыркы адам. – Москва: Мысль, 1981.
68. *Темпл Ч., Мередит К., Стил Ж.* «Балдар кандай окушат: Негизги жыйнак». – М., 1998
69. *Токомбаев А.* Чыгармалар жыйнагы. – Фрунзе, 1988.
70. Улуттук куррикулум. Мекен таануу, 1–4 класс, 2007.
71. *Шалаева Г.* Кесиптердин чоң китеби. – М.: Эксмо, 2005.
72. *Шим Э.* Кызыл-ала гүлдесте. – Л.: Детская литература, 1975.
73. «Эмне үчүндөр» үчүн энциклопедия. Кызык китеп. – М., 1999.

# Мазмуну


Киришүү ... 3

**I БӨЛҮМ. Азыркы Кыргызстан** ... 13

§ 1. Кыргыз Республикасынын символикалары ... 13

Адам жана коом ... 15

§ 2. Кыргызстан элдеринин каада-салттары жана үрп-адаттары ... 16

Майрамдар ... 20

**II БӨЛҮМ. План жана карта** ... 21

§ 3. Горизонт. Горизонттун аралыктык тараптары ... 21

Жаратылыштагы магниттик кубулуш ... 25

§ 4. Жергиликтүү белгилер жана компас боюнча багыт алуу. Аймактын планы ... 27

Окуу жүрүшү. Аймактын планын түзүү ... 30

§ 5. Карта жана анын уламышы ... 31

«План жана карта» темасы боюнча тесттер ... 33

**III БӨЛҮМ. Кыргызстан боюнча саякат** ... 33

§ 6. Бишкек шаары – Кыргызстандын борбору. Чүй облусу ... 33

§ 7. Ош – Кыргызстандын байыркы шаары. Ош облусу ... 35

Өзгөн шаарынын тырыхынан ... 36

§ 8. Жалал-Абад шаары. Кыргызстандын Жалал-Абад облусу ... 37

§ 9. Кыргызстандын Баткен облусу ... 40

§ 10. Нарын шаары. Кыргызстандын Нарын облусу ... 42

§ 11. Кыргызстандын Талас облусу. Талас шаары – Манастын мекени ... 46

Атактуу манасчылар жана жомокчулар ... 47

§ 12. Кыргызстандын Ысык-Көл облусу ... 49

Биз тандаган кесиптер менин шаарым, менин айлым ... 50

**IV БӨЛҮМ. Тарыхка кайрылып** ........ 55

Убакыт тасмасы ........ 55

§ 13. Картадагы тарых ........ 57

§ 14. Улуу Жибек Жолу боюнча ........ 59

§ 15. Тарыхый инсандар ........ 61

§ 16. Кыргызстандын окумуштуу-изилдөөчүлөрү.

Маданий эстеликтери ........ 62

**V БӨЛҮМ. Кыргызстандын жаратылышы** ........ 66

Сыйкырчы кыш (сабак-экскурсия) ........ 69

§ 17. Сыйкырчы кыш ........ 72

§ 18. Кыргызстан – тоолордун өлкөсү ........ 74

§ 19. Кыргызстандын түздүктөрү ........ 77

§ 20. Кыргызстандын пайдалуу кендери ........ 78

Эмне үчүн тоолор урайт? ........ 81

§ 21. Топурактын пайда болушу жана анын курамы ........ 83

§ 22. Кыргызстандын топурагы. Топурактын мааниси ........ 85

§ 23. Суу жана анын касиеттери. Жаратылышта суунун айланышы ........ 87

§ 24. Кыргызстандын көлмөлөрү ........ 90

Жер астындагы падышачылыктын сырлары ........ 92

§ 25. Кыргызстандын токойлору ........ 96

§ 26. Адам жана өсүмдүк ........ 98

§ 27. Жаныбарлар адамга эмне берет? ........ 100

Өз жериңди бил жана сүй ........ 102

**VI БӨЛҮМ. Жаратылышты сактайбыз** ........ 104

§ 28. Жаратылышты коргоо ........ 105

Кыргызстандын коруктары ........ 109

Дүйнө экологдун көзү менен ........ 111

**VII БӨЛҮМ. Адам жана ден соолук** ........ 115
§ 29. Адамдын организми ........ 116
§ 30. Сезүү органдары ........ 118
Тери – организмди ишенимдүү коргоочусу ........ 121
§ 31. Скелет жана булчуңдар ........ 123
§ 32. Тамактануу ........ 125
§ 33. Дем алуу ........ 128
§ 34. Ден соолук – адамдын башкы байлыгы ........ 129
Адам жана ден соолук (оюн-сабак) ........ 132
Алдыды жай ........ 134

Адабияттар ........ 135

**Бухова Екатерина Анисимовна**
**Солошенко Ольга Владимировна**
**Шаповалова Елизавета Павловна**

**МЕКЕН ТААНУУ**
3-класс
Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо

Редактору *Ж. Жапиев*
Корректору *А. Үсөнова*
Компьютердик калыпка салган *А. С. Борисова*

Терүүгө 20.05.2015-ж. берилди. Басууга 12.06.2015-ж. кол коюлду.
Офсеттик кагаз. Офсеттик басма. Ариби Arial.
Форматы 70х100 $^{1}/_{16}$. Көлөмү 9 накта басма табак.
Нускасы 5 440. Буйрутма № 103

Басма иштери ЖЧК «Аркус басмасында» даярдалды
720031, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Кулатов көч., 8/1

«ST.art LTD» ЖЧК
басмаканасында басылды
720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., Тыныстанов көч., 199-46